КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

*Кол жазма укугунда*

***УДК: 3;37;337;337.3;8;82;82.0;82.01/.09***



**МАМЫРОВА АЙНУРА ЮСУПОВНА**

# АДАБИЙ КӨРКӨМ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ ПРОЦЕССИНДЕ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ

**13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)**

**Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

**Илимий жетекчи:**

педагогика илимдеринин доктору, доцент

**Акматов Кыялбек Камутович**

**Бишкек – 2024**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**........................................................................................................4

**БИРИНЧИ БАП. АДАБИЙ КӨРКӨМ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ ПРОЦЕССИНДЕ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ** ....................................................................12

1.1.Башталгыч класстын окуучуларынын адабий тексттерди талдоо процессинде чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн азыркы учурдагы максаты, милдеттери жана негизги багыттары ..................................12

1.2. “Адабий көркөм текст”, “чыгармачылык компетенттүүлүк” түшүнүгүнүн теориялык негиздери ........................................................................................22

1.3. Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемасынын изилдениши жана теманы ачуунун методологиялык негиздери.........................................................................................................31

Биринчи бап боюнча корутунду .........................................................................45

**ЭКИНЧИ БАП. АДАБИЙ КӨРКӨМ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ ПРОЦЕССИНДЕ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**.........................................................................49

2.1.Илимий изилдөөнүн материалдары ...............................................................49

2.2. Илимий изилдөөнүн методдору ....................................................................58

2.2.1 Изилдөөнүн теориялык методдору .................................................60

2.2.2. Изилдөөнүн эксперименталдык методу ..........................................73

Экинчи бап боюнча корутунду ..........................................................................96

**ҮЧҮНЧҮ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН АДАБИЙ КӨРКӨМ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ ПРОЦЕССИНДЕ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ**..........99
3.1. “Адабий окуу” сабагында жомокторду чыгармачылы комптенттүүлүккө таянып үйрөтүүнүн майнаптуу технологиялары ..........99
3.2. Ыр түрүндөгү адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык комптенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиялары ..........116
3.3. Көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жазуу иштерин жүргүзүү жана оозеки баарлашуу аркылуу өркүндөтүү ..........123
Үчүнчү бап боюнча корутунду ..........147
**ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР** ..........150
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ** ..........154
**ТИРКЕМЕЛЕР** ..........171

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы доордо адамзаттын тарыхый өнүгүшү өтө көп кырдуу жана татаал учурга келди, бул учур билим берүү уюмдарына жекече ой жүгүртүүсү өнүккөн, ар кандай көрүнүшкө чыгармачыл мамиле жасаган личностторду даярдоону талап кылат. Ушундай шартта Кыргыз Республикасы да саясый, экономикалык, маданий жактан реформаларды ыкчам жүргүзүп жаткан эгемендүү мамлекет катары дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграцияланган стандарттарды кабыл алууга умтулуп, аларга ылайык башталгыч класстын окуучуларынын адабий билим алуусунда балдардын жекече жана чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүүгө шарттарды түзүүчү платформаларды издөөдө. «Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандартында» [36] 1-4-класстарда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга өзгөчө басым жасалат, бул предметти окутуунун максаты – «окуу материалдарын теориялык жактан үйрөнүү менен практикалык жактан сүйлөө, жазуу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандыруунун ортосундагы оптималдуу тең салмактуулукту камсыз кылууга негизделгендиги» менен түшүндүрүлүп, ал эми анын милдеттеринин бири – «окуучулардын кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өздөштүрүүсү жана аларды түрдүү чөйрөдө туура колдоно билүүсү» экендиги айтылат.

Адабий көркөм текст менен иштөө процесси ошол текстти окуу, түшүнүү жана талдоо баскычтарынан туруп, окуу ишмердүүлүгү менен чыгармачылык ишмердүүлүк биримдикте келип, окуучулардын индивидуалдуу жөндөмдүүлүктөрүн, дүйнөнү жана адамды таанып билүү аракеттерин активдештирип, адабий чыгарманы окууга кызыгуусун өнүктүрүүгө багытталууга тийиш. Чыгармачылык компетенттүүлүк адабий текстти окутууну окуучулардын аң-сезиминин ар тараптуулугун жана өз алдынчалыгын камсыз кылуучу илимий таанып билүү методдорунун жана каражаттарынын негизинде уюштурулат, анын натыйжасында окуучу мугалим менен жана башка окуучулар менен маектешүү жүргүзөт, айта турган оюн аргументтештире алат, окуу

материалын анализдей жана синтездей билет, окугандарын өзүнүн жеке жашоосу жана жалпы турмуш, коом менен байланыштырууга жетишет.

Мына ушул талап кылынган муктаждыктарга жетишүү үчүн азыркы учурда Кыргызстандын билим берүү тармагында, анын ичинде башталгыч класстарда адабий чыгармаларды окутууда окуучунун чыгармачылык компетенттүүлүгүн ар тараптан өнүктүрүү милдети келип чыкты. «Чыгармачылык» түшүнүгүнүн азыркы кыргыз тилиндеги лексикалык мааниси «адамдын маданий, руханий жана материалдык байлыктарды түзүүгө багытталган иши» [76, 1346-б.], демек, ал адамдын бардык ишмердүүлүгүнөн көрүнүүчү анын көз карашына, ой жүгүртүүсүнө, ар кандай көрүнүштөрдү анализдей жана синтездей билишине байланыштуу психологиялык процесс. Башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылыгын адабий текстти окууга байланыштуу өнүктүрүү проблемасына кирүү ар бир баланын жекече инсандык-мотивациялык, когнитивдик жана чыгармачылык багыты менен байланыштуу болуп, мугалим окутуу процессинде окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгүн ойготуу жана калыптандыруу боюнча оптималдуу жаңы ыкмаларды табууга, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүнүн жогорку деңгээлин камсыздоого багытталган атайын программаларды түзүүгө байланыштуу болот.

Окутууда балдардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүнүн проблемалары Ю.К.Бабанский, А.Э.Байсеркеев, Д.Б.Бабаев, И.Б.Бекбоев, М.С.Бершадский, В.П.Беспалько, В.В.Гузеев, М.Я.Лернер, Н.О.Мааткеримов, Э.М.Мамбетакунов, П.К.Селевко, М.Н.Скаткин, Н.Д.Хмель, В.В.Юдин, Н.О.Яковлева ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде ар тараптуу каралган. Советтик учурдагы педагогикада бул проблема башталгыч класстардын мисалында Е.Г.Козлова, С.В.Кузнецова, С.В.Лёзина, В.М.Рафикова, И.Н.Тоболкина, О.А.Толстоганова ж.б. методисттердин изилдөөлөрүндө чагылдырылган. Башталгыч класстарда адабий көркөм текстти окутуу жана бул процессте окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу, текстти чыгармачылыкка багыттап талдоо технологиялары Э.Ш.Абдулина, Б.А.Абдухамидова, Г.Адилова, Б.Дарбанов, Н.И.Ибраева, А.Жолдошоева,

А.Мураталиева, М.Раимбекова, М.Рахимова, С.К.Рысбаев, К.Сартбаев, С.Сакиева, А.Т.Саттарова, Г.И.Сагынбаева, А.Д.Токтомаметов, Б.Чокошева ж.б. кыргыз окумуштуу-методисттеринин диссертациялык изилдөөлөрүндө жана методикалык колдонмолорунда каралган. Алардын ичинен С.С.Сакиева «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» аттуу монографиясында (2007) жана «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деп аталган докторлук диссертациясында (2013) адабий тексттерди талдоонун тарыхый-эволюциялык жолдорун чагылдырган, А.Т.Саттарованын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» деп аталган докторлук эмгегинин (2019) көп бөлүгү башталгыч класстарда балдарга арналган ырларды окутууда окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү проблемасына арналса, Ч.А.Акматованын «Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы» (2022) аттуу кандидаттык диссертациясы адабий тексттерди талдоо аркылуу окуучулардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, этномаданий компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү маселесине арналган. Ж.Р.Шербаева «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген диссертациясында (2022) жомокторду үйрөтүү аркылуу балдардын чыгармачылык шыгын өстүрүү проблемасын караган.

Жалпысынан биздин теманын айланасында бир катар изилдөөлөр жүргүзүлгөнү менен конкреттүү багытта – адабий көркөм тексттерди үйрөнүү процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытында диссертациялык изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

Теманы изилдөөгө киришүү алдынан биз бир нече *карама-каршылыктарды* белгиледик. Алар: биринчиден, башталгыч класстарда адабий көркөм тексттер өтө кеңири берилсе да, аларды окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багыттап окутуу боюнча мамлекеттик тилде жазылган методикалык изилдөөлөрдүн өтө аздыгы; экинчиден, адабий көркөм тексттерди окутууну окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү багытында

инновациялоо технологиялары боюнча мугалимдердин тажрыйбаларынын үйрөнүлүп, илимий-педагогикалык жактан жалпыланбагандыгы; үчүнчүдөн, улуттук педагогикада адабий чыгармаларды талдоонун мисалында «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүгүн анализге алган эмгектердин дээрлик жоктугу ж.б.

Жогорудагыдай карама-каршылыктар жана аларды чечүүнүн зарылдыгы, башталгыч класстарда көркөм чыгармаларды үйрөтүүгө коюлган заманбап талаптар биздин теманын **проблемасын** аныктап, темабызды **«Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы»** деп атадык.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты –** башталгыч класстарда адабий көркөм текст менен иштөө процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасын илимий-теориялык негизде иштеп чыгуу жана аны эксперимент жолу менен текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Адабий тексттерди талдоо процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн максатын, милдеттерин, негизги багыттарын аныктоо.

2. «Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүү; башталгыч класстарда адабий көркөм текст менен иштөө процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы проблемасынын изилдөөнүн тарыхына обзор берүү жана методологиялык негиздерин, методдорун ачып көрсөтүү.

3. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги адабий тексттерди чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун

жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмаларын жана жолдорун сунуш кылуу, бул багытта мугалимдердин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жыйынтыктоо.

4. Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүү жана анын жыйынтыгын чагылдыруу.

**Изилдөөнүн божомолу.** Башталгыч класстардагы адабий тексттерди окутууда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү бир топ жогорулайт, эгерде:

- адабий тексттерди окутууда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн максат-милдеттери так аныкталса;
- башталгыч класстардын адабий окуу сабактарында окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы заманбап педагогикалык-дидактикалык принциптерге таянуу менен өткөрүлсө;
- башталгыч класста адабий тексттерди талдоо окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн жогорулатууга багытталса;
- адабий тексттер чыгармачылык менен талданып, окуучулардын дүйнө таануусун, адеп-ахлактык түшүнүктөрүн калыптандырууга көмөк көрсөтсө;
- адабий тексттерди процесси окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрү менен бирге эле алардын мекен таануучулук, этномаданий, тилдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга айкалыштырылса;
- башталгыч класстардын адабий окуу сабактарында окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн технологиялары окуучулардын курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрү, чөйрөнүн социалдык-турмуштук жагдайлары менен биримдикте ишке ашырылса ж.б.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** төмөнкүлөр менен аныкталат: «Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык анализ берилди; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык

компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн заманбап ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине таянылып кыргыз педагогикасында алгачкы жолу иштелип чыкты; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн проблемасынын тарыхына обзор берилип, анын изилдениш тарыхы, азыркы доордогу максат-милдеттери атайын илимий негизде алынды; тема боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланды; адабий тексттерди үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, эффективдүү деп эсептелген жолдор жана ыкмалар мугалимдерге сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча биздин сунуштар мугалимдердин сабагын жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- адабий көркөм тексттерди талдоо процесси окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүгө багытталып жүргүзүлүшү зарыл;
- башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди үйрөтүүдө окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү адабий билим берүүнүн мазмунун жана максатын жогорулатууга таасир этүүгө тийиш;
- башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү алардын тилдик-коммуникативдик, этномаданий, адабий-теориялык компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга өбөлгө түзөт;

- адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнү мындан ары жакшыртуу боюнча сунуштар адабий билим берүүнүн сапатын жогорулатып, балдардын баарлашуу жана ой жүгүртүү, тилдик маданиятын өнүктүрүүгө кызмат кылууга тийиш ж.б.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** изилдөөнүн темасына тиешелүү илимий-методикалык эмгектер, окуу-нормативдик документтер, практик мугалимдердин тажрыйбалары изденүүчү тарабынан өз алдынча окуп-үйрөнүлүп, жалпылаштырылды, ырааттуулукка салынды. Башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча окутуунун натыйжалуу ыкмалары жана жолдору, каражаттары жекече иштелип чыкты. Сабактардын иштелмелери жекече иштелип чыгып, алардын негизинде сабактар изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан даярдалды. Педагогикалык тажрыйбанын базалары, этаптары, планы, сабактардын үлгүлөрү өз алдынча иштелип, алардын натыйжаларын чыгаруу изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан аткарылды. Жалпы корутунду менен практикалык сунуштар изденүүчү тарабынан жекече чыгарылды.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо)**: Диссертациялык тема боюнча илимий-практикалык кеңешмелерге докладдар даярдалган, тема боюнча макалалар жазылган жана иш аткарылган жер – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин диссертациялык кеңешиндеги алдын ала коргоо отурумунда талкууланган.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы –** Ош шаарындагы №42 «Керме-Тоо» мектеп-гимназиясы; №18 А.Навои атындагы мектеп-лицейи; Ош шаарындагы «Жетиген» мектеп-лицейи; Ош областынын Кара-Суу районундагы Сыдык Алайчы атындагы мектеп-гимназиясы.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Илимий изилдөөнүн материалдары илимий-практикалык конференцияларда (2023-жыл, 12-май ТалМУда өткөн «Манас жана Чыңгыз: улуттук нарк-насил, элдик таалим-тарбия жана ааламдашуу» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция;

Кубан мамлекеттик университети менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Русский язык – язык науки и прогресса» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция), “Адабий окуу сабагында окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн технологиялары” (2023) деген илимий усулдук колдонмосунда жана 9 макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Эмгектин жалпы бети – 190, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 204, таблицалар – 20, сүрөттөр – 9, тиркемелер – 10.

# БИРИНЧИ БАП. АДАБИЙ КӨРКӨМ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ ПРОЦЕССИНДЕ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

## 1.1. Башталгыч класстын окуучуларынын адабий тексттерди талдоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн азыркы учурдагы максаты, милдеттери жана негизги багыттары

Башталгыч класс – адамдын келечегинин башаты, билимдин фундаменти деп айтылып келген аксиома бүгүнкү Кыргызстандын шартында да өзгөчө мааниге ээ. Азыркы мамлекеттик стандарттар боюнча башталгыч класстар:

1-класс – негизинен тамга таанытуу, муундап окуу, сөздү сөзгө кошуп улоо жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу процесстерден турат, бул окуу жылы «Алиппеге» чейинки мезгил, «Алиппе» мезгили, «Алиппеден» кийинки мезгил деген үч мезгилдик структурадан куралат да, адабий текстти окуу процессинин башталышы катары өзгөчө мааниге ээ болот. Бул мезгилде тексттин адабий чыгарма катары функционалдык кызматы эмес, тексттин текст катары маалыматтык кызматы гана башкы орунга чыгат, бирок муну менен окутуу процессинде анын көркөмдүк касиетин элес албай коюуга болбойт.

2-класс – адабий окуунун башталышы катары жөнөкөй тексттерди туура окуп, түшүнүп, ошол текстте айтылган ойду кабыл алып, иштеп чыгуу процесси башталат. Ошондуктан бул жылда балдарды адабият дүйнөсүнө баштап кирип, кара сөз (проза), ыр түрүндөгү тексттер, жомок, табышмак, макал-ылакап, чакан аңгеме, тамсил ж.б. жанрлар окутууга сунуш кылынат.

3-класс – адабий көркөм текст менен таанышуу биринчи милдет болгону менен адабий чыгарманын көп түрдүүлүгү, көп жанрдуулугу, каармандар, автордук тема жана идея үйрөнүлөт. Окуучулардын адабий текстти көркөм, шар жана түшүнүп окуу көндүмдөрү бир кыйла калыптанат. Чыгарманын сюжети,

каармандары балдарды өзүнө тартат. Кээ бир жөнөкөй тексттерди тез эле жаттап алат.

4-класс – адабий окуунун жыйынтыктоочу формациясы, адабиятты тереңирээк үйрөнүүнүн дагы бир этабы. Бул мезгилде көркөм адабиятта образдуулук жана көркөмдүүлүк болорун, сюжеттүү жана сюжетсиз чыгармалар кездешерин, алардын айырмачылыктарын түшүнүүгө тийиш. Фантастикалык чыгармалар менен таанышат, аларды башка чыгармалардан айырмалай билет. Тексттеги айрым түшүнүксүз сөздөрдү башкалардын (мугалимдер, классташтар, ата-энелер, ага-эжелер ж.б.) көмөгү аркылуу гана эмес, өздөрү ошондой сөздөрдүн лексикалык маанисин сөздүктөрдөн, чакан энциклопедиялардан издеп таап, практикасында колдонууга аракет кылат. Кеп маданияты тилдин мыйзамдарына ылайык өркүндөй баштайт. Адабий текстти окуу менен бирге түшүнүү, түшүнгөнүн айтып берүү компетенттүүлүктөрү жогорулайт. Чыгармаларды тек, түр, жанр боюнча ажыратат, тексттин мазмунун жөн гана айтып берүүдөн чыгармачылык менен (жактарын өзгөртүү; кыска; кошумча киргизүү; толук ж.б.) айтып берүүгө көтөрүлөт ж.б.

Башталгыч класстын окуучуларынын адабий тексттерди талдоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн азыркы учурдагы *максаты* – адабиятты терең түшүнө билген, ошол түшүнгөндөрүн турмушта колдоно билген, адабий-эстетикалык табити, чыгармачылык ишмердүүлүгү жогору, ар кандай көркөм чыгармаларды окуп, түшүнүп, түшүнгөнүн башкаларга айтып бере алган компетенттүү окурманды калыптандыруу.

Мына ушул *милдеттер* – татаал, чыгармачылык процесс, ошол процессте окуучу менен мугалимдин биримдиги башкы орунда турат. Бул биримдик адабий текстти түшүнүү, түшүнгөнүн айтып берүү, айтып бергенин жөнөкөй талдоо, окуяларды жана каармандарды өз турмушу менен байланыштыруу сыяктуу көрүнүштөрдөн ачык байкалат.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан түзүлгөн жана бекитилген «Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу

боюнча стандарт» [127], деп аталган документте «Адабий окуу» предметинин негизги милдеттери катары төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- базалык окуу көндүмү катары окуучулардын текстти так, туура, тиешелүү ылдамдыкта, түшүнүп окуусу, андагы жаңы сөздөрдү, маалыматтарды, түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү;
- ар кандай текст менен иштөөнү камсыз кылуучу кеп ишмердигинин түрлөрүнө (угуу, айтуу, окуу жана жазуу) окуучулардын ээ болуусу жана алардын чыгармачылык дараметин арттыруу;
- окуучулардын көркөм жана башка адабияттарды окууга болгон кызыгуусун арттыруу жана окуган чыгармасына карата пикирин, баасын билдирүү менен баалуулук мамилелерин калыптандыруу.

Бул нормативдик документте предметтик компетенттүүлүктөр катары беш компетенттүүлүк көрсөтүлөт:

1. Тыбыш жана тамга менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К1)
2. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)
3. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3)
4. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4)
5. Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5).

Адабий текстти окуу процессинде окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү мына ушул милдеттердин жана компетенттүүлүктөрдүн негизинен келип чыгат. Көпчүлүк сабактарда көпчүлүк мугалимдердин аракети – окуучулардын чыгарманын мазмунун, сюжетин, болгон окуяларын, каармандарынын кимдер экендигин билип алуу менен гана чектелет. Сабактын жыйынтыгында ушуларды айта алган окуучуларга жакшы баалар коюлат. Чыгарманы мындай өздөштүрүү аларды статистикалык-математикалык, информациялык компетенттүүлүккө түртүп, адабий-чыгармачылык жөндөмүн өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзбөйт. Көркөм адабият бул – турмуштун окуу китеби, жан дүйнө китеби, ошол турмушту үйрөтүү, жан дүйнөнү козгоо үчүн тексттеги маалыматты гана жеткирүү аздык кылат. Азыркы

заманда балдардын сүйлөө речи да, жазуу речи да өнүкпөй жатат, ошону үчүн окуучуларга текст окуу процессинде эне тилин сүйүүгө, анын сырларын: эскирген жана неологизм сөздөрдү, кесиптик лексиканы, тарыхый жана диалектилик сөздөрдү, автордун чыгармачылык жеке стилин, сүйлөмдөрдүн синтаксистик курулмаларын, сөздөрдүн жана сөз айкалыштарынан байланыштарын үйрөтүүнүн мүмкүнчүлүгү түзүлүүгө тийиш.

Ааламдашуу доорунда кыргыз журтчулугу да дүйнөгө кеңири синтезделип жана интергацияланып жаткан шартта социалдык проблемалар, руханий деградация, экономикалык кризис улам терендеп, мунун көрүнүштөрү балдар жана жаштар арасында алкоголиктер менен баңгилердин, сойкулар менен мектеп жашында төрөп койгон кыздардын көбөйүшү, мектеп рэкетчилиги, үй-бүлө ынтымагынын эрте ыдырап, ажырашуулардын көбөйүшү, кароосуз калган балдардын өзүнчө бир социалдык катмарды түзүп калышы ж.б. негативдүү көрүнүштөрдү көбөйтүүдө. Эл ичинде руханий байлыкка кызыккандар эмес, материалдык байлыкка (акча, үй-жай, бизнес, кул жумшоо, чет өлкөлөрдө эс алуу, машина тандап минүү, кийимдин кымбаттарын кийүү ж.б.) берилип кеткендер арбындады. Эмгекке жарактуу курактагы (18-50 жаш) адамдардын көбү чет өлкөлөргө эмгек мигранттары болуп чыгып кетип, алардын көпчүлүгүнүн балдары ата-энесинин мээриминен алыс өсүп калды. Ушулар сыяктуу социалдык-саясый факторлор көркөм адабият менен азыркы балдарга жана жаштарга таасир этүүнүн эффективдүү жолдорун издеп табууну талап кылат.

Бул проблеманын дагы бир учу – ааламдашуунун терс таасири менен байланышат. XX кылымдын соңку жылдарында активдүү тил корубузга «globalization» («глобализация») деген түшүнүк кирди, аны кыргызча «ааламдашуу», же «дүйнөлөшүү» деп атадык. Массалык маалымат каражаттарынын, анын ичинде IT технологияларынын (чөнтөк телефон, нотбук, нетбук, планшет, скайб, вотсап, электрондук кат куржун (E-mail), теле, кино-фильмдер, OK, DVD, MTV, KTV, Internet ж.б.) тездик менен адам аң-сезимине таасири ошол адамды адабий текстти көз менен, бетме-бет туруп окуудан

оолактатты. Көркөм чыгарманы үйрөнүүнүн электрондук формалары (видеоспектакль, аудиокитеп ж.б.), компьютер, телефон, планшет мониторунан окуу мурдагы мезгилдеги «окуяларды кууп» китептин баш-аягына бир барып, каармандар менен кошо ыйлап, кубанып окуган окурманды алмаштыра алган жок. Дүйнөлүк адабият – массалык адабият деген «оору» менен «ооруду». Классикалык адабиятты, анын ичинде XIX кылымдагы орус адабиятын (Л.Н.Толстой, Ф.Достоевский, И.С.Тургенов, А.П.Чехов, М.Булгаков, А.Ахметова, К.Паустовский ж.б.) окуу кескин азайып, алардын ордуна китеп рыногу курч окуялуу детективдер, бульвардык майда романдар, мотивациялык китептер, «бизнес адабияты», «сары пресса», диний адабияттар менен толтурулду. Мунун өзү окурмандардын көркөмдүк, эстетикалык табитин төмөнгө түшүрүп, рынокко ылайыкташкан «окурманды» жаратты. Кыргыз коомунда кары-жаш дебей гаджеттерди колдонуу менен ага убактысынын көп бөлүгүн коротуп жатат. Алар чыныгы искусство менен таанышпай, искусствонун суррогаты менен гана таанышып жатат, бул болсо көркөм өнөрдү баалагандарды көз көрүнө азайтты. Гаджеттерден көркөм чыгарма окуу ал чыгармага көз жүгүртүү менен гана чектелип, чыгарманын ички руханий сабактарын толук ала албай калат. Өткөн кылымдын 30-90-жылдарындагы балдарына, неберелерине «Манасты», «Курманбекти», «Эр Табылдыны», «Каныбекти», «Сынган кылычты» окутуп уккан муун бул дүйнөдөн кетери менен алардын ордун «гаджетчи» муун басты. Технологиялык доордун таасири менен адабий чыгармаларды электрондоштуруу да өз натыйжасын бере алган жок, алар адабий дөөлөттөрдү үстүрттөн гана калпып өтүүгө ыңгайлашты.

Кыргыз Республикасындагы окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин улуттук деңгээлде баалоого (**ОБЖУБ**) карата 2021-жылдагы «Окуп түшүнүү» билим көрсөткүчтөрүн карап көрсөк.

- Кыргызстандын бардык административдик облустарындагы мектептер бааланган. Бишкек шаары, кичи шаарлар жана облус борборлору, айылдар.
- Гендер: кыздар, эркек балдар.
- Окутуу тили: кыргыз, орус, өзбек.

**Максаты** – мамлекеттик билим берүү стантарттарына ылайык 4-класстардын окуучуларынын билим алуу жетишкендиктерин окуу, математика жана табигый илимдер багытында текшерүү.

**Куралы** – окуучулар тесттин тапшырмаларын аткарат жана мектеп жетекчилиги, мугалимдер жана окуучулар анкетанын суроолоруна жооп бери**шет.**

**Жыйынтыгы** – окуу жана түшүнүү, математика жана табигый илимдер боюнча 4-класстардын окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин мамлекеттик стандартка ылайык аныктоо.

2021-жылы окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин улуттук деңгээлде баалоо долбоору Кыргыз Республикасындагы 101 мектептин 4-класстарынын окуучуларынан мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык текстти окуу жана түшүнүү деңгээлдерин изилдешкен.

Окуучулар адабий билим алуу үчүн окууда жакшыраак жыйынтыктарды көрсөтүшкөн (тапшырмаларды аткаргандар – 38%), маалымат алуу үчүн окуу окуучуларга көбүрөөк кыйынчылыкты жараткан (тапшырмаларды аткаргандар – 34%). Окуучулардын маалыматтык тексттерге берилген тапшырмаларды аткарууга аракет кылбагандыгынын себеби, тексти анализдеп, түшүнүүдө кыйынчылыктардын болгондугун билүүгө болот.

Окуучулар үчүн эң татаал тапшырмалар – жообун жазып берүү керек болгон ачык тапшырмалар. Мындай тапшырмаларды аткарбай өткөрүп жиберген окуучулардын пайызы баарынан жогору. Андан, окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүү менен жазуу көндүмдөрүндөгү кыйынчылыктардын болгондугун байкадык.

Окуучулар жооптордун бирин тандаш керек болгон тапшырмаларды ийгиликтүү аткарат.

Баарынын жакшы өнүккөн билгичтиктер: тексттен алынган маалымат менен каармандын кыймыл-аракетин, сөздөрүн түшүндүрө алуу, алган маалыматты системалаштыруу, тексттин негизги идеясын/темасын аныктай

билүү. Жакшы өнүккөн көндүмдөр «Текстти интерпретациялоо» аспектисине тиешелүү.

Баарынан начар өнүккөн көндүмдөр: тексттен кандай маалыматты алууга болорун же болбой турганын аныктоо, далилдерди келтирүү жана тексттин үйрөтүүчү маанисин аныктоо.

Изилдөөнүн жыйынтыгында окуучулардын билим алуу жетишкендиктери төмөнкүдөй деңгээлдик көрсөткүчтө аныкталган:

1. **Базалык деңгээлден төмөндөр** – коомдо ийгиликтүү жашоо үчүн жана окуусун андан ары улантуу үчүн жетиштүү билим жана көндүмдөргө ээ эмес окуучулар **4,2 %**ды түзгөн.

2. **Базалык деңгээлдеги** – окуусун улантуу үчүн негизги билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ окуучулар **30,2 %**ды түзгөн.

3. **Базалык деңгээлден жогоркулар** – алган билимдерин чыныгы турмуштагы маселелерди чечүүдө активдүү колдонгон окуучулар **12,1%**ды түзгөн.

4. **Жогорку деңгээлдегилер** – өз оюн так жана ырааттуу билдире алган, сунушталган позицияны коргоо үчүн тиешелүү аргументтерди, далил, мисалдарды келтире алган окуучулар **8,5%**ды түзгөн.

Мындай көрсөткүчтөгү жыйынтык окурмандык ишмердүүлүктүн жогорку деңгээлде калыптанбагандыгын, тактап айтканда, чыгармачылык компетенттүүлүктүн төмөндүгүн көрсөтөт.

Окуганын түшүнүү билгичтиги ар бир мектеп предметинде калыптанат жана окуганын түшүнүүгө коюлган талаптар окуу предметтеринин программаларын жана стандарттардын баарында камтылган.

Окуу – билим берүүнүн негизги куралы болуп эсептелет жана окуучу бул курал менен начар колдонсо, анда ал билим алууда олуттуу тоскоолдуктарга туш келет. 4-класстын окуучулары начар окуса жана окуганын түшүнүүдө кыйынчылыктарга дуушар болсо, анда бул фактор алардын учурдагы көрсөткүчтөрүнө гана эмес, орто жана жогорку класстардагы көрсөткүчтөрүнө да терс таасирин тийгизет.

Төртүнчү класста окуучулардын эки түрдөгү (адабий жана маалыматтык) тексттерди окуу жана түшүнүү билгичтиги бааланат. Мындай тексттерди 4-класстын окуучулары мектептеги тапшырмаларды аткаруууу учурунда же өз алдынча окуганда көп жолуктурат.

Жалпы билим берүүчү мектептин адабият курсунун башталгыч класстардагы бөлүгү «Адабий окуу» предмети болуп эсептелет. Окуу жана түшүнүү башталгыч класстардагы «Адабий окуу» предметинде негизги ишмердүүлүктөрдүн бири.[170]

Адабияттын миссиясы – адамды тарбиялоо, ал тарбиялоодо анын адеп-ахлагы да, руханий дүйнөсү да, эстетикалык табити да гармониялашат, бул тарбия адамда гуманизмди калыптоого тийиш, дал ушул гуманисттик идея менен сугарылган инсан гана адамзатты глобалдуу кризистерден, глобалдуу табигый жана руханий катастрофалардан сактап калуучу күч, массалык маданияттын терс таасирлеринен коргоочу «тосмо» болуп саналат. Ошондуктан башталгыч класстарда көркөм тексттерди чыгармачылык менен үйрөнүү анын гуманисттик ойлорун «сууруп» чыгуу менен байланышат. Азыркы мектепте, университеттерде көркөм чыгарманы билим берүү максатында гана үйрөтүп, тарбия берүү жагы экинчи планга сүрүлүп калат.

Адабий көркөм тексттер – окуучуга элдин тарыхын, маданиятын таанытуучу, элдик таалим-тарбия салттарын, элдик тилди үйрөткөн эң күчтүү булак. Мындай чыгармаларды окутуу менен биз көптөгөн байлыктарга жетишебиз. Алар:

- биринчиси, азыркы балдар ата-бабалары кандай жашаганын, кандай турмуш кечиргенин адабият аркылуу аңдап билишет;
- экинчиси, адабий чыгармалар аркылуу аталар – балдарга, мурдагы муундар – кийинки муундарга элдик педагогикалык мурастарын калтырат, турмуштан алган сабактарын, б.а., таалим-тарбия болор насааттарын айтып берет;
- үчүнчүсү, ушундай чыгармалар аркылуу, мейли ал оозеки формада болсун, жазма формасында болсун элдик тилдин бай үлгүлөрүн калтырат;


• төртүнчүсү, мындай чыгармаларга эл өздөрүнүн идеалдарын, турмуш жана жашоо тууралуу ой жүгүртүүлөрүн, көз караштарын сиңдирет;

• бешинчиси, биздин улуттун, же бул же тигил акын-жазуучунун чыгармачылыгын башка жазуучулардын чыгармачылыгы менен салыштырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт;

• алтынчысы, мындай көркөм адабий тексттер окуучулардын эстетикалык табитин өстүрүүгө жардам берет;

• жетинчиси, бул үйрөнүлгөн чыгармалар аркылуу азыркы окуучулар ар тараптуу тарбияланууга мүмкүнчүлүк алат ж.б.

Мындай окуучулар ээ болуучу руханий байлыктар бул сүрөттө чагылдырылды.




**Сүрөт 1.1.1 – Көркөм адабий текст аркылуу окуучулар ээ болуучу руханий байлыктар.**

Башталгыч класс окуучуларынын адабий тексттерди талдоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн азыркы учурдагы *негизги багыттары* төмөнкүлөр:

1. Адабий билим берүүнү окуучулардын ыймандык-этикалык жана маданий-эстетикалык, этномаданий тарбия алышына багыттоо.

2. Адабий текст менен иштөөдө окуучулардын оозеки жана жазуу речин өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасоо.

3. Кыргыз тилинин деформацияга учурап, ассимиляцияга кабылып, мамлекеттик тил улам барган сайын коомдук турмуштан сүрүлүп жаткан

азыркы учурунда адабиятты окутууну эне тилдин байлыктарын үйрөнүү багытына буруу.

4. Көркөм адабиятты маалыматтык каражат эмес, сөз өнөрү, искусство катары, эстетикалык баалуулук катары окутуу жагына көңүл буруу.

5. Адабий чыгарманы талдоонун методикасында ошол чыгарманынын поэтикалык күчүнө, автордун стилине өзгөчө маани берүү.

6. Көркөм чыгарманы кабылдоодо балдардын жеке тажрыйбаларына таянуу.

7. Текстти талдоо, үйрөтүү, интерпретациялоо боюнча мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөнүү жана аларды сабактарда колдонуу.

Адабий чыгарманы окуп, андан соң терең өздөштүргөн бала жан дүйнөсү бай болот да ой жүгүртүүсүн кеңейтет, анан ал кылмышка баруудан, жаман адаттарды үйрөнүүдөн өзүн оолак кармайт. Көркөм чыгарманы бала кезде окуган адамга өзгөчө таасир этет, андагы каармандарга окшогусу келет, мисалы, Эсенгул Ибраевдин «Эрдик », Сулайман Рысбаевдин «Барсбек кагандын эрдиги» деген чыгармаларын окуп балдар эрктүүлүктү, мекенин сүйүүнү үйрөнүшөт, бул чыгармалардагы Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамын алган кыргыздын залкар инсаны генерал-майор Дайыр Асановдун, VII кылымдарга таандык кыргыздын Барсбек баатырынын образдары аркылуу өздөрүнө идеал түзүп, ошолорду туурагысы, ошолордой болгусу келет. Кыргыз жоокерлердин элин-жерин коргоодогу эрдиктери ушул көркөм чыгармаларда берилген. Андыктан, биз – мугалимдер, ата-энелер, китепканачылар, жалпы коомчулук баланын көркөм чыгарма менен азыктанышына шарттарды даярдап берип, анын жашоосуна позитивдүү таасир этүүчү адабияттар менен камсыз кылышыбыз керек. Мындай аракет адабий окуу сабагын жүргүзүүдө, класстан тышкаркы окууну уюштурууда, мектептик түрдүү иш-чараларды өткөрүүдө башталгыч класстын мугалими эске ала турган башкы милдеттердин бири болуп эсептелет.

«Мектепте адабиятты окуутунун максатынын төрт компоненти (тарбиялоо, өнүктүрүү, билимдердин ырааттуулугу, көндүмдөр) сакталганда гана предмет

түпкүлүктүү вазийпасын аткарган болот, - деп жазат А.Муратов [113-32-33-бб.]. – Алардын башка багыты төмөнкүдөй аныкталат:

1. Рухий дүйнөсү ар тараптан өнүккөн инсанды жетилдирүү, адамгерчиликтүү көз карашты, аң-сезимди, мекенди сүйүүнү, аталар мурасын урматтоо жана кадырлоо туюмдарын калыптоо.

2. Көркөм адабиятты илим жана искусстводон айырмалай билүү, адабий чыгарманын тексттин эмоционалдуу кабылдоо, образдуу жана аналитикалык ой жүгүртүү, автордук позицияны түшүнүү, чыгарманын негизинде өз пикирин айтуу, кеп маданиятын өстүрүү.

3. Үйрөнүлүп жаткан чыгарманы мазмун жана формалык бирдикте, ал учурдагы тарыхый-адабий жагдай жана адабий теориялык маалыматтар менен биримдикте өздөштүрүү.

4. Адабий чыгарманы окуп-үйрөнүү менен жалпы адамзаттык асыл нарктарды таап чыгуу, аларды өз жашоо-турмушунда колдонууга жетишүү, оюн жеткиликтүү билдирүү үчүн байланыштуу текст түзө билүү ыктарына, көндүмдөрүнө ээ болуу».

Ушундай багыттар чыгармачылык менен аткарылганда гана адабий окуу сабагы өз максатына жетип, биз каалагандай компетенттүү окуучуну даярдоого жетишебиз.

### 1.2. «Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн теориялык негиздери

***«Адабий көркөм текст» түшүнүгү.*** Ар кандай эле жазылган кеп (макала, адабий чыгарма, үзүндүлөр) текст деп аталат. Мисалы, Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинин тексти, окуучулардын дил баянынын тексти ж.б. Ал эми тил илиминде текст бул ич ара тутумдашкан жана белгилүү даражада аягына чыккан, жазылган жана айтылган байланыштуу кеп. Текст деген сөз латын тилинен (*textus* – биримдик; айкалыш) алынган. Тексттин теориялык аспектисин философия, адабияттаануу, тилтаануу, эстетика, информатика, математика,

физика ж.б. илимдер изилдейт. Текстология, же тексттаануу деген өзүнчө илим тармагы да пайда болгон.

«Текст жазуудан жана басып чыгаруудан пайда болгон кептин чыгармасы» [132-55-б.].

«Текст – бир нече (же көп) сүйлөмдөрдүн маанилик жана грамматикалык байланышы» [78-40-б.]. «Маанилик жана грамматикалык жактан өз ара байланышкан жана бир бүтүндүктү түзгөн бөлүктөрү бар речтик чыгарма текст деп аталат» [54-16-б.].

«Адабий чыгарманын, илимий эмгектин, кандайдыр бир документтин, докладдын жана башкалардын жазуусу, анын айрым үзүндүсү же бир нече сүйлөмдөрдүн байланыштуу айтылышы» [182, 156-б.].

«Тексттин маанилик бүтүндүгү тексттин мүчөлөнүшүнүн экинчи мүнөздүү белгиси болуп саналат. Ал төмөндөкүдөй негизги белгилерди камтыйт:

- текст – белгилүү бир темада сүйлөшүү, пикир алышуу;
- текстте сүйлөөчү адамдын негизги оюнун ишке ашырылышы;
- ар кандай көлөмдөгү тексттин бүткөн ойду билдириши;
- текстке теманы же айтылган негизги ойду билдирүүчү ат тандап алуу;
- тексттин демейде туура башталып, туура бүтүшү» [182, 157-б.].

Демек текст: речтик чыгарма (1); ойду билдирет (2); белгилүү бир темада болот (3); башталышы жана бүтүшү болот (4); логикалык ырааттуулук сакталат (5); оозеки жана жазуу формасында – эки формада тең боло берет (6); логикалык ырааттуулук сакталат (7); текст сөздөрдөн жана сүйлөмдөрдөн куралат (8); текстте тема (заголовка) коюуга болот (9).

Тексттин теориялык проблемалары И.Р.Гальперин [52, 156-б.], О.Л.Каменская [62], В.Н.Топоров[174, 227-284-бб.], Ю.А.Сорокин [165], В.А.Лукин [87], В.Е.Чернявская [187], ж.б. лингвисттер тарабынан изилдөөгө алынган. Кыргыз лингвисттеринен байланыштуу текст проблемасы С.Давлетовдун [54,. 31-б.], Т.К.Ахматов менен Т.Аширбаевдин [24, 200-б.], С. Мусаевдин [119, 166-б.], Т.Аширбаевдин [25, 126-б.], Т.Маразыковдун [93], Ж.Чымановдун [190, 480-б.], В.И.Мусаеванын[120, 80-б.], эмгектеринде

каралган. Алардын аныктоолору боюнча текст окууга жана жазууга, жазууга жана көрүүгө, талдоого, интерпретациялоого, кайра түзүүгө (кыскартууга, узартууга), анын негизинде план түзүүгө (жөнөкөй жана татаал), өркүндөтүүгө ылайыкталган. Ошондуктан кыргыз тили, адабий окуу боюнча сабактардын негизги бөлүгү текст менен иштөөгө багытталат. Текст – окуу жана үйрөнүү материалы, текст – сабакты жүргүзүүнүн жана өркүндөтүүнүн каражаты, андыктан да окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги материалы да текст болуп эсептелет.

С. Давлетовдун изилдөөлөрү боюнча текстти үйрөнүү багытындагы көнүгүүлөрү аркылуу окуучулар төмөнкүдөй ишмердүүлүккө жетишет:

- теманы, анын чегин өзү ойлоп табат;
- негизги ойду аныктай алат;
- тексттин аталышын өзү атай алат;
- материалдарды жыйнайт, системалаштырат;
- стилин, речтин тибин аныктайт;
- тил каражаттарына талдоо бере алат;
- тексттин композициясын өзү аныктайт;
- акырында кемчилдиктерин өзү таап, өзү оңдойт (контролдук жазуу ишинде) [54, 32-б.].

А.Муратовдун пикири боюнча [113, 113-б.], текстти интерпретациялоо иштери мектептеги адабиятты окутууда натыйжалуу жүргүзүлсө төмөнкүлөргө жетишүүгө болот:

- теманы, анын чегин өзү ойлоп табат;
- негизги ойду аныктай алат;
- тексттин аталышын өзү атай алат;
- материалдарды жыйнайт, системалаштырат;
- стилин, речтин тибин аныктайт;
- тил каражаттарына талдоо бере алат;
- тексттин композициясын өзү аныктайт;

- текsттин эмоционалдык-экспрессивдик кудурет-күчүн сезет;
- окугандарынан же уккандарынан таасирленүүгө жетишет;
- көркөм чыгармадан эстетикалык ырахат ала алат;
- тексттен тарбиялык-таалим берүүчүлүк маанини бөлүп алууга жетишет.

Андан ары методист: «...текстти интерпретациялоо процесси текстке реакция жасоочу окурмандын ар кимисинин өзүнө таандык сапатка ээ болгон нерсе болуп, аны эффективдүү жүргүзүү автордук ойду туура түшүнүүгө жардам берет, текстти аңдап билүүнүн психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн сырларын үйрөтөт. Тексттин кандайча жасалгандыгын, анын курамы эмнелерден турарын билүү, сөздүк-маанилик контекстине сүңгүп кирүү, ички дүйнөсүн аңтарып, «кармап көрүү» – адабиятты өздөштүрүүнүн «алтын ачкычы» болуп саналат», - деп айтат да, «окуучулар орто мектепте миңдеген тексттерди окуганы менен ошол тексттеги купуя маанилерге, сөз сырларына операция жасап, «колу менен кармап көрүп», дил туюмунан өткөрбөсө, анда ошол миңдеген тексттер бекер тандалган, ага кеткен убакыт текке кеткен болот [113, 114-б.]. Мына ошол миңдеген тексттерди «кармап көрүү» менен адабиятты окутуунун «алтын ачкычын» табуу адабиятты окутуу боюнча окумуштуу-методисттердин да, мугалимдердин да милдети болуп саналат, мектепте адабиятты окутуунун сапаты эң биринчи текстти талдоо менен байланышат.

Текст бир нече түрдө болот, ал ошол текст жазылган стиль менен байланыштуу.

Биринчиси, *оозеки текст*. Бул адамдын оозеки сүйлөөсүндө түзүлөт, анын өзгөчөлүгү – ал текст бир сүйлөнгөн бойдон кайра оңдолбойт, анда ар кандай эмоцияларды билдирген сөздөр көп катышат.

Экинчиси, *илимий текст, же илимий иштин тексти.* Мында бул же тигил көрүнүштү түшүндүрүү, аргументтөө үчүн бул же тигил илимдин терминдери колдонулат, кыска жазылат, текст көркөмдөлбөйт.

Мисалы: «Манас» эпосунун варианттарынын көп түрдүүлүгү эпостун стилдик-поэтикалык классификациясын полифониялуу кылып көрсөтөт». Мында адабият таануу терминдери окумуштуунун оюн түшүндүрүү үчүн текстте

колдонулду, мындай тексттердин көпчүлүгү ошол илимден алыс болгон кишилер үчүн түшүнүксүз болушу мүмкүн, аларды толук түшүнүү үчүн терминологиялык сөздүктөрдү пайдалануу керек болот.

*Публицистикалык стилде жазылган текст.* Бул газета-журналдарда жазылган макалаларда, очерктерде колдонулган тексттер. Алар жалпы элге түшүнүктүү болот.

*Адабий көркөм текст* – көркөм адабиятта колдонулган текст. Көркөм адабият деген көркөмдөштүрүлүп, б.а., эпитет, салыштыруу, метафора, метонимия, синекдоха, аллегория ж.б. троптун түрлөрү, көркөм сөз каражаттары колдонулуу менен түзүлгөн тексттер. Аларда сүйлөм түзүүнүн биринен кийин бири келчү ирети, нормалары, стандарттары толук сактала бербейт.

Мисалы: «Жымыңдашып жерге жакын түшүп келип, булактардын суу ичип жатат жылдыздар». Бул сүйлөмдө көркөмдүк каражаттар текстти адабий текст кылып турат, сүйлөмдүн ээси менен баяндоочтору да алмашып келе берет.

Көркөм адабий текст – бул кептин өзгөчө стили болуп, анын мүнөздүү белгилери төмөнкүлөр менен байланышат:

1. Көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу: эпитет, метафора, салыштыруу, жандандыруу, гипербола ж.б.

2. Текстте эмоционалдуулуктун берилиши.

3. Окурмандын же угармандын эмоциясына, дилине таасир этиши.

4. Образдуулугу.

5. Элдик тилдин, анын ичинде жаргондордун, диалектилик-говордук речтин, кээ бир жеке адамдар гана колдонгон сөздөрүн, сөз айкаштардын колдоно бериши.

6. Сөз болуп жаткан көрүнүшкө, предметке автордук баа берүү.

Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында сунуш кылынган тексттер негизинен мына ушундай адабий көркөм тексттер болуп саналат. Биз бул эмгекте кароочу материалдар да ошол адабий көркөм тексттер аркылуу окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн жогорулатуу технологиялары болуп эсептелет.

**«Чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүгү.** Бул түшүнүктү илимдин бир канча түрлөрү: педагогика, логика, психология, адабияттаануу, эстетика ж.б. карайт.

Адегенде «чыгармачылык» деген түшүнүктү аныктап алганыбыз максатка ылайык келет. Бул түшүнүктү ар тараптан талдап орус философтору Н.А.Бердяев [41 ], И.А.Беляев [ 40, 57-61б.], В.Яковлев [ 204, 142-154б.], аныктама берди. Чыгармачылык – бул жаңы нерсе жаратуу, мына ошол жаратууга алып баруучу ишмердүүлүктүн процесси. Чыгармачылык – жеке автордун акыл эмгегинин натыйжасы. Чыгармачылык – ойлонуудан жана эмгектенүүдөн келип чыгуучу натыйжа. Чыгармачылык үчүн базалык билим, ошол билимди башкаруу, анан логикалык ой жүгүртүү керек. Бул эми чыгармачылыктын чоң масштабдагы аныктамасы. Анын окуучуга, мектептеги мугалим менен окуучу байланышына багытталган түшүнүгү – бул окуучунун ар кандай суроолорго өз алдынча ойлонуп, өзү таап, же китептердеги даяр жооптору өзү кайра иштеп чыгып, өнүктүрүп, алымча-кошумча киргизип жооп берүүсү. Бул талап – азыркы билим берүү системасынын негизги талабы, мектеп чыгармачыл окуучуну, университет чыгармачыл студентти даярдашы керек да, мектептен да, окуу жайынан да чыгармачылык бүтүрүүчү чыгышы керек. Аталган проблема мектеп окуучусунун жана студенттин, мугалимдин компетенттүүлүгү менен байланышат. Сөздүктөрдө «компетенттүүлүк» деген термин (латынчадан кыргызчага которгондо «дал келүү», «шайкеш», «туура келүү» дегенди билдирет) мындай аныкталган: «Компетенттүү – ар кандай чөйрөдөгү билимдүү, ыйгарымдуу адис. Компетенция – кимдир бирөөнүн көйгөйлөрүн жакшы билген» адам (С.И.Ожегов) [126, 2013-268-б.], «Компетенттүү – билүүчү, билимдүү, б.а., бир нерсени толук билүүчү. Компетенттүү – бир нерсени чечүүгө, бир нерсе жөнүндө чечкиндүү пикир айтууга өзүнүн билими же полномочиечси бар адам». «Компетенция – белгилүү бир адамга тапшырылган маселелер, иштер. Компетенция кандайдыр бир маселенин же адамдын полномочиеси» (К.К.Юдахин) [203, 293-б.].

«Компетенттүүлүк кандайдыр бир тармакта, чөйрөдө белгилүү бир натыйжага жетишүү, кадыр-баркка ээ болуу, кимдир-бирөөнүн кесиптик чеберчилигинин, жетишкендигинин көрсөткүчү. Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору...» (А.Муратов) [113, 154-б.].

Демек, компетенттүүлүк окуучуну төмөнкүлөргө ээ кылат: бул же тигил темаларда өтүлгөн сабактын идеяларын жеке турмушунда колдоно билүүгө жетишет; ошол материалдардын кийинки материалдарды өздөштүрүү үчүн база, мотив, кызыгуу берет; интеллектуалдык билимге ээ болот; тажрыйбага ээ кылат; компетенттүүлүктүн калыптануусуна сабак гана эмес чөйрө, ата-энелер, коомчулук, маалымат каражаттары ж.б. нерселер таасир этет.

«Компетенция – бири-бирине байланышкан инсандык сапаттардын жыйындысы (билим, билгичтик, көндүм). Ал сапаттар атайын аныкталган предметтер жана процесстер боюнча болуп, инсандын аларга карата жыйынтыктуу аракетин түзөт. Компетенттүүлүк – адамдын компетенцияларга ээ болушу. Компетенттүүлүк компетенцияларга болгон инсандык мамиле жана ишмердүүлүктү жүргүзүү» (А.В.Хуторской) [185, 58-64-б.]. «Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандартында» [36], адабий окуу жана кыргыз тили предметтеринин компетенттүүлүктөрү боюнча мындай талаптар коюлган: «Компетенттүүлүк – бул адамдын тиешелүү билимдеринин, билгичтиктеринин элементтерин жана иш-аракеттеринин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, турмуштук, кесиптик) өз алдынча колдоно алуу жөндөмдүүлүгү. Кыргыз тил жана окуу предметин окутууда эки түрдүү компетенттүүлүк тууралуу сөз болот. Биринчиси – негизги

компетенттүүлүктөр. Алар «Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты» (КР Өкмөтүнүн 21.07.14. №403 токтому) менен аныкталып, алардын үч деңгээли көрсөтүлгөн, алар:

1) Маалыматтык компетенттүүлүк.

2) Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк.

3) Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрүн чечүү компетенттүүлүгү.

Алардын калыптанышынын үч деңгээли:

1) биринчи деңгээл (репродукциялык) окуучулардын үлгүлөрдү (аракеттерди аткаруунун дайындалган алгоритми) жолдой билиши менен мүнөздөлөт;

2) экинчи деңгээл (продукциялык) курамы боюнча жөнөкөй иштерди аткаруу, ишмердиктин өздөштүрүлгөн алгоритмин башка кырдаалдарда колдонуу жөндөмү менен мүнөздөлөт;

3) үчүнчү деңгээл (креативдик) өз алдынча конструкциялоо жана негиздөө элементтери менен татаал курамдагы ишмердикти жүзөгө ашырууну түшүндүрөт.

Экинчиси – предметтик компетенттүүлүктөр. Алар башталгыч билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөнкүчө аныкталды:

1. Тыбыш жана тамга менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К1)

2. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)

3. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3)

4. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4)

5. Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5).

Мамлекеттик стандарт талап кылган компетенттүүлүктөр башталгыч класстын мугалими жетише турган максаттар жана милдеттер болуп саналат.

Педагогикалык адабияттарда компетенттүүлүктүн төмөнкүдөй түрлөрү белгиленет:

- коммуникативдик (С.Л.Братченко, Ю.И.Емельянов, А.П.Панфилова, О.П.Санникова, Г.С.Трофимова, В.Д.Ширшов ж.б.);

- таанып-билүүчүлүк (С.Г.Воровщиков, Д.В.Татьянченко);
- интеллектуалдык (Э.Г.Гельфман, М.А.Холодная) жана интеллектуалдык-корпоративдик (А.Аринушкина);
- маалыматтык (А.М.Оробинский, О.Г.Смолянинова);
- технологиялык (Н.Н.Манько);
- маданияттаануучулук (М.В.Булыгина, О.А.Лукина, Н.В.Поморцева, А.Н.Федорова);
- психологиялык (А.Д.Алферов, И.Ф.Демидова, В.Н.Дружинин, Н.В.Яковлева);
- психолого-педагогикалык (М.И.Лукьянова, Е.В.Попова);
- кесиптик-профессионалдык (А.К.Маркова, В.А.Якунин);
- социалдык-психологиялык (А.Г.Кудрявцева, Л.И.Берестова);
- жалпы маданий (Н.Ю.Конасова, О.Е.Лебедев, А.А.Петров) ж.б.

Мектептердин билим берүү стандарттары мындан башка да ар бир предмет боюнча өзүнчө компетенттүүлүктөрдү аныкташат. Ошолордун бири адабий окуудагы чыгармачылык компетенттүүлүк.

Адабий көркөм текстти талдоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүк төмөнкүдөй учурларда өзгөчө ишке ашырылат:

- чыгарманы же анын үзүндүсүн көрктүү окууда;
- текстти үн кубултуп окууда;
- текстти ролдоштуруп окууда;
- окулган тексттин негизинде угуучуларга (окуучуларга) мугалим же окуу китеби талап кылгандай оозеки сүйлөп берүүдө;
- тексттин негизинде ошол текстти «ээрчип» баяндама жазууда;
- тексттин негизинде өз чыгармачылыгы менен жаңы текст куроодо (эссе, дил баян);
- тексттин негизинде сүрөт тартууда, иллюстрациялоодо;
- тексттин маанисин сактап сахналаштырууда (инценировкалоодо);
- текстин мазмунун элестетип кайра айтып берүүдө (кыска, кеңири);

- каармандарга баа берүүдө, алардын индивидуалдуу образын түзүүдө ж.б.

Чыгармачылык компетенттүүлүк көп багыттуу, татаал, ошол эле учурда адабий көркөм текстти талдоо процессинде эң керектүү ишмердүүлүк болуп саналат.

### 1.3.Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемасынын изилдениши жана теманы ачуунун методологиялык негиздери

Адабий көркөм текст проблемасын изилдөө советтик лингвистикада, педагогикада, философияда, психологияда XX кылымдын 20-жылдарынын эле башталган. Бул багытта орус жана казак лингвист-методисти И.А.Фигуровскийдин (1899-1982) эмгеги чоң болгон. Ал Орусиянын борбордук бөлүгүнүн бир катар жерлерин казуудан улам табылган байыркы русь жазууларын расшифровка кылган, казак башталгыч мектептери үчүн орус тили окуу китептерин жазган, ошол окуулуктарынын идеясы – лингвистикадагы тексттаануу илимине башат болгон [183]. Окумуштуу жөнөкөй жана татаал сүйлөмдүн синтаксисин изилдеген, орус тилин окутуу боюнча адис катары окутууда текстти талдоо жумуштарына басым жасоонун маанисин көрсөткөн.

Орус филологиясында олуттуу орду бар окумуштуу Н.С.Поспелов (1890-1984) А.С.Пушкиндин «Евгений Онегин» романын синтаксистик түзүлүшү боюнча анализдеп, тексти поэтикалык талдоонун үлгүсүн методологиялык жактан иштеп чыккан [130, 184-б.]. Ал 1948-жылы «текст» дегендин ордуна «сложное синтаксическое целое» (кыскартканда ССЦ) деген терминди киргизген жана бул аталыш көп учурда азыр да колдонулуп келет. Жогорудагы эмгектерден улам «текст» түшүнүгү илим чөйрөсүнө тилчи окумуштуулар тарабынан колдонула баштаган. «Текст» терминин чет өлкөлүк окумушуулар көбүнчө «дискурс» деген аталыш менен берип жүрөт. Текстке карата анын

көлөмүнө жараша «микротекст», «макротекст» деген аталыштары да колдонулат.

Кыргыз жергесинде XX кылымдын 30-жылдарынан тартып башталгыч класстар үчүн методикалык колдонмолор Сатыбалды Нааматов тарабынан жазылган, анын «Тилибиздин методикасынан» (1932) [124]. (1932), «Балдар алиппесинин метод каты» (1933) [122], «Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөтүүсү» (1935) [ 123] деген эмгектеринде адабий тексттер менен иштөөнүн жолдору, анын ичинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү сунуштары айтылган.

Башталгыч класстардын адабий окуу сабактарын окутуу ыкмалары жана жолдору XX кылымдын 30-40-жылдарында М.Жаңыбаевдин «Окуу сабагын жүргүзүү жөнүндө» [59, 39-45-б.], К.Акылбековдун «Адабият сабагын окутуу методикасы»[10, 27-29-бб.], «Адабият методикасынан» [9, 19-22-бб.], Н.Макешовдун «Башталгыч мектептердин окуучуларын окууга жана сөз өстүрүүгө жатыктыруу маселелери» [89] деген макалаларында чагылдырылат.

XX кылымдын 60-70-жылдарында Ж.Мукамбаев жетектеген мугалимдер окуу методикалык колдонмо[108], А.Маткеримов «Окуу сабагынын эффективдүүлүгү жөнүндө»[103], А.Мамбеталиев «Жаңы доордун жаралышы сабакта» [92] деген эмгектерин жазган, аларда да адабий тексттер менен иштөө процессинин методикасы иштелип чыккан.

Башталгыч класстарда адабиятты окутуу боюнча методисттер Б.Рысбекова менен К.Сартбаев 1986-жылы «Алиппени окутуу жана класстан тышкаркы окуу» [152] аттуу мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун чыгарды, Б.Рысбекова 1979-жылы «Окуу сабагында техникалык каражаттарды пайдалануу» деген темада макаласын жарыялады[153], К.Сартбаевдин «Окуу китептери – башталгыч класстарда билим берүүнүн негизги фундаменти» [159], «Адабият сабагын окутууну жогорку деңгээлде өткөрөлү»[158, 4-б.], «Класстан тышкаркы окууну кандай өткөрүүгө болот?» [160, 4-б.] деген макалалары адабий окууну уюштуруу жана өткөрүү проблемаларына арналган.

XX кылымдын 90-жылдарда С.Кондучалованын «Балдардын өз бетинче окуусу» аттуу макаласын жарыялады[67, 16-19-б.], А.Жолдошова 1-класста окуучулардын кебин өстүрүү боюнча кандидаттык диссертациясын жактады [60, 21-б.]. Бишкек шаарындагы №68 - мектептин мугалими, кийин Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтунун илимий кызматкери З.Маразыкова «1-класста сабат ачуу жолдору»[94], «Экинчи класстагы класстан тышкаркы окуу» [95], «Үчүнчү класстагы класстан тышкаркы окуу» [96] деген методикалык колдонмолорунда адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү жолдорун көрсөткөн.

Өткөн кылымдан аягында жана жаңы кылымдан башында башталгыч класстарда адабий билим берүүнүн методикасы тармагына окумуштуулардын жаңы мууну келди. Алардын бири – көптөгөн окуу китептери менен бирге алардагы адабий чыгармаларды окутуунун методикасын иштеп чыккан С.К.Рысбаев. Ал «Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо» [149, 64-б.], «Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер» [148], «Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери»[145, 232-б.], деген китептеринде балдар үчүн жазылган адабий тексттердин табиятын, өзгөчөлүктөрүн жана окуп-үйрөнүү маселелерин илимий жактан анализдеп, синтездеп чыгат. Ал улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен башталгыч мектептерде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү боюнча докторлук диссертациясын коргогон[151, 39-б.], жана ушул эмгектин негизинде «Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы» деген аталышта монографиясын чыгарган [146, 367-б.], С.К.Рысбаевдин «Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги» деген китеби [147, 344-б.], тексти чыгармачылык менен өздөштүрүү боюнча адабий окуунун тарыхындагы урунтуу эмгектердин бири болуп эсептелет. «Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги» деген китеп «Сөз жана сүйлөө ишмердиги» деген бөлүм менен башталып, анда адамзаттын тарыхындагы сөздүн мааниси, сөздүн кудурет-күчү, сөз жана эл, сөздүн элдик педагогикалык феномен экендиги, сүйлөшүү маданияты философиялык-эстетикалык, лингвистикалык-практикалык

маселелери айтылса, «Сүйлөө жана кеп ишмердиги» жана «Жазуу жана кеп ишмердиги» аттуу 2,3-бөлүмдөр кеп куруу (оозеки жана жазуу) маданияты, жазуу кебинин түрлөрү жана типтери, аларды өркүндөтүүнүн технологиялары ж.б.у.с. проблемаларын көтөрүп чыгат. «Баяндама жазуу – текстти өркүндөтүүдөгү ишмердик», «Дил баян жана окуучунун акыл чабыттары» деген бөлүмдөр окуучулардын жазма текст түзүү жана андагы ой берүү, бул ишмердүүлүк аркылуу окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу ыкмаларын жана жолдорун көрсөтүүгө арналат.

С.С.Сакиева «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деген темада монографиясын жазган [155, 200-б.], жана ушундай эле темада доктордук диссертациясын коргогон [156, 39-б.]. Ал бул эмгектеринде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн критерийлерин көрсөткүчтөрүн жана өлчөөнүн каражаттарын таблица түрүндө көрсөтөт [157, 273-б.].

**Таблица 1.3.1 – Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгү.**

| **Критерийлер** | **Көрсөткүчтөр** | **Өлчөөнүн каражаттары** |
|---|---|---|
| **Когнитивдүү** | 1.Чыгармачылык, ишмердүүлүк жөнүндө түшүнүк алышат.<br>2.Чыгармачылык жөндөмдүүлүк жөнүндө түшүнүшөт. | Тестирлөө.<br>«Биргелешип издөө» стратегиясы |
| **Мотивациялык** | 1.Чыгармачылык көнүгүүгө болгон мамилеси.<br>2.Чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү. | Байкоо.<br>«Акылдуу бала» жомогун өтүү методикасы |

| | | |
|---|---|---|
| | 3.Түшүнүүгө умтулуу. | |
| **Ишмердүүлүк** | 1.Окуу ишмердүүлүк процессинде жаңы маанилерди чечүү.<br>2.Ойлоодогу оригиналдуулуктун, креативдүүлүктүн пайда болушу.<br>Коллективдүү чыгармачылык ишмердүүлүккө катышуу. | Байкоо.<br>«Түлкү менен кене» жомогунун методикасы |

А.Т.Саттарова «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» деп аталган докторлук диссертациясында [161, 39-б.] башталгыч класстардын адабий көркөм тексттеринин ичинен ыр формасындагы чыгармаларды талдоонун өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү менен башкы идеяны балдар ырларынын тексттерин чыгармачылык менен интерпетациялоого бурат. Диссертант балдар ырларын окутуунун технологиялык негиздери катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтөт: «Лингвистикалык – мында ырлардын тексттин талдоонун тилдик багыттары: тексттеги сөздөрдүн лексикалык мааниси, омонимдер, синонимдер, антонимдер, туруктуу сөз айкаштары, диалектилик өзгөчөлүктөр, кесиптик лексика, сөздөрдүн орун тартиби ж.б. көрүнүштөр анализге алынуу менен поэтикалык речтин байлыгы, таасирдүүлүгү, жеткиликтүүлүгү ачып берилет. Адабияттаануучулук – мында балдар ырларынын текстти адабият теориясынын аспектисинен анализге алынат, б.а, ырдагы ритм, рифма, куплет, салыштыруу, эпитет, гипербола, литота, жандандыруу, метафора, метонимия, аллегория ж.б. түшүнүктөр талдоого алынып түшүндүрүлөт. Педагогикалык – бул эң биринчи кезекте балдар ырларынан окуучулар ала турган тарбиялык маани менен байланышат. Ар кандай чыгарма, анын ичинде балдарга арналган чыгармалар ошол балдардын

адептик сапаттарын өстүрүү, эстетикалык табитин жогорулатуу, оң жүрүш-турушка үйрөтүү максатында жазылат. Мугалим бул же тигил балдар ырын талдоо процессинде педагогикалык түшүнүктөр менен жана таалим-тарбиялык көз караш менен мамиле кылат. Психологиялык – бул биринчи кезекте бул же тигил балдар ырлары бул же тигил курактагы окуучулардын кабыл алуусуна, сезимине, ой жүгүртүүсүнө кандайча таасир эткендиги менен байланыштуу. Этнопедагогикалык – кыргыз балдар ырларында кыргыз элинин педагогикалык маданияты, б.а., калктын кылымдар бою жаш муунду тарбиялап келе жаткан салттары кандайча интерпретациялангандыгы ачылып берилет» [161, 17-18-б.].

Башталгыч класстарда адабий окуунун негиздери А.Токтомаметовдун 2-класстын «Адабий окуу» деген китебине жазган методикалык колдонмосунда [172] жана «Кыргыз башталгыч класстарында адабий окуунун дидактикалык негиздери» деген темадагы диссертациясында [170, 25-б.] иштелип чыккан.

Б.А.Абдухамидованын методикалык колдонмосунда [3,136-б.] жана макалаларында [5,150-б.] адабий окуу сабагында аң-сезимдүү окурманды калыптандыруу проблемасы каралган.

Башталгыч класстарда адабий окуу предметинде тексттерди компетенттүүлүккө негиздеп талдоо проблемалары Ч.А.Акматованын «Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы» [8, 159-б.] деген эмгегинде иштелип чыккан. Диссертант мындай ойлорун жазат: Окуган ырын түшүнүү – анын маанисин чечмелөө, идея-темасын, образдарын интерпретациялоо бара-бара ошол чыгармага карата жеке оюн айтуу компетенттүүлүгүн, андан ары өзүнүн да ыр жарата алуу компетенттүүлүгүн калыптандырууга алып барат. Бул башталгыч мектептен тартып окуучуларды үйрөтүү зарыл болгон маанилүү компетенттүүлүк болуп саналат.

Окуучулардын балдар ырларын түшүнүү деңгээлдери:

сөзмө-сөз түшүнүү – түшүнүүнүн биринчи деңгээли. Текстти кайталоо же түзүү жөндөмдүүлүгү, негизги маалыматты бөлүп алуу, башкы каармандарды,

идеяны, окуянын болуп өткөн ордун, мезгилин, хронологиясын, сюжетин, кыймыл-аракетин аныктоо;

ой жүгүртүп, талдап түшүнүү – түшүнүүнүн экинчи деңгээли. Автор тарабынан берилген ойду таба билүү, себеп-натыйжалык байланыштарын түшүнүү, интерпретациялоо жана талдоо, тааныш жана жаңы маалыматты салыштыруу көндүмү;

сынчыл баа берүү менен түшүнүү – түшүнүүнүн үчүнчү деңгээли. Бул текстке карата өзүнүн мамилесин, оюн калыптандыруу жана айта билүү компетенттүүлүгү жана өзүнүн окуп түшүнгөнүн баалоо компетенттүүлүгү.

Окуганын түшүнүү көптөгөн факторлордон көз каранды:

туура окуй алуусунан (эгерде бала сөздү туура эмес окуса, анда ал бүтүндөй сүйлөмдүн маанисин түшүнө албайт);

сөздүн маанисин түшүнүүсүнөн;

шар окуй алуусунан (эгерде бала муундап окуса, анда ал окуганынын маанисин эстеп калуу кыйынга турат);

окуучунун турмуштук тажрыйбасынан жана билиминен;

окуп жаткан учурда окуучунун эс тутумунан, ой жүгүртө жана элестете билүүсүнөн» [8, 117-118-б.].

Ж.Р.Шербаеванын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» [194,165-б.] деген диссертацияларында адабий жомоктордун тексттин талдап окутуу технологиялары каралат. «Адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун ыкмалары, жолдору жана каражаттары» деген бөлүмдө жомокторду үйрөтүүнүн методикалык ыкмалары катары төмөнкүлөрдү иштеп чыккан: «Текстти көркөм окуу; текстти түшүндүрүп окуу; тексттин айланасында баарлашуу; окуучунун жеке кабылдоосуна жараша чыгармачылык менен аткарылуучу тапшырмалар ж.б. Диссертант сунуш кылган жомокторду үйрөнүүдө окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү: окуу, жазуу; жаттоо; угуу; кайра айтып берүү (жөн гана айтып берүү, көркөмдөп айтып берүү); өз пикирин айтуу (жазуу); текстти иллюстрациялар менен салыштыруу; сөз менен сүрөт тартуу; сүрөт тартуу ж.б. 3-класстагы «Кумурска менен жалкоо»

жомогун окутуунун ал колдонгон ыкмалары: көркөм окуу; суроолор менен текстти талкуулоо; «Адабий ийримдер» стратегиясы; жомоктун маанисин чагылдырган макалдар менен иштөө; «Синонимин табуу» көнүгүүсү; таблица түрүндөгү тест ж.б. «Акылдуу дыйкан» жомогун окутууда кадамдар жана классты топторго бөлүштүрүү. Жомокторду окутууда ал колдонгон эффективдүү ыкмалар: ошол жомокко окшотуп башка жомок ойлоп табуу; жомокту кыскартып жана узартып (кошуп) сүйлөө; ошол текстиге негиздеп жаңы тексттерди куроо; жомокту ролдоштуруп окуу; жомокту иллюстрациялоо; жомокту бөлүктөргө ажыратып, ар бир бөлүккө ат коюп чыгуу; жомоктун тилин талдоо; «максат менен окуу: алдын ала суроолорду колдонуу» методу; «скандоо» методу, «жомокту өзүнүн атынан айтып берүү» методу, «сөздү көрсөт» методу ж.б. [195, 24-б.]

Башталгыч класстарда адабий тексттерди үйрөтүү боюнча дагы бир диссертация Г.Э.Маатазимованын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4-класс)» деген эмгеги [88, 158-б.], анда жазуучулардын чыгармаларын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү проблемасы каралып, окуучулардын этномаданий жана чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасалат.

Ү.Б.Култаеванын «Окуучулардын адабий чыгармачылыгын өнүктүрүү методикасы» деген китебинде [74, 92-б.] чыгармачылык ишмердүүлүктүн педагогикалык-психологиялык негиздерин ачып берип, «ишмердүүлүк», «чыгармачылык ишмердүүлүк», «окуу ишмердүүлүгү» деген түшүнүктөрдүн табиятын философиялык-психологиялык аспектиден ачып берип, баладагы чыгармачылык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Методикалык колдонмодо адабий көркөм чыгарманы жанрдык жактан талдоого, каармандардын образын ачуунун чыгармачылык технологияларына басым жасалат.

Көркөм чыгармаларды орто мектептин адабият сабагында талдоо жумуштары С.Т.Батаканованын «Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда

көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери» деген темадагы доктордук диссертациясында [30, 42-б.] жана «Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери» деген монографиясында [31, 286-б.], А.Ж.Муратовдун «Кыргыз адабияты сабагында көркөм текстин маңызын ачуу» аттуу методикалык колдонмосунда [112, 114-б.] биздин изилдөөгө таяныч боло турган негиздер ачып берилген.

А.Б.Батыркулова «Адабият сабагында окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү» деген макаласында [32, 39-47-бб.] «чыгармачылык», «чыгармачылык жөндөмдүүлүк» сыяктуу түшүнүктөрдүн табиятын талдап, А.Осмоновдун «Кыргыз тоолору» деген ырын окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүү боюнча мугалимдердин тажрыйбаларын ачып берет.

Адабий көркөм тексттерди окуп-үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча илимий изилдөөбүздүн методологиялык таянычтары бир катар илимий-билимдерден келип чыгат. Изилдөөнүн методдору тууралуу билимдер, илимий иште чындыкка жетишүүнүн принциптери, методдору жана формалары жөнүндө окуу жана тема боюнча мурда алынган илимий натыйжалар жана сунуштар катары методология ар бир илимий эмгек үчүн зарыл болгондой эле биздин иликтөөдө да кеңири колдонулду.

Алардын башкысы – таанып-билүүнүн диалектикасын көрсөткөн философия илими. Бул илим бизге адамды жана дүйнөнү аңдап билүүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктап берет. Адабий тексттерди чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутуу проблемасы көркөм адабияттын тарбиялык мааниси жана азыркы учурдагы функциясы тууралуу ойлор Ю.П.Азаровдун «Искусство воспитывать» (1985) [6, 448-б.], ааламдашуу доорундагы руханий баалуулуктардын керектүүлүктөрү жөнүндөгү идеяга С.Ф.Анисимовдун «Духовные ценности: производство и потребление» (1998) [18, 253-б.], адабий көркөм текст адамдарга сулуулуктун көрүнүштөрүн үйрөтүүчү, сулуулукту көрө жана баалай билүүгө тарбиялоочу феномен экендиги тууралуу изилдөөлөргө

В.Ф.Асмустун «Вопросы теории и истории эстетики» (1968) [21,654-б.], Т.Аскаровдун «Философский анализ литературного процесса» (1993), «Эстетическая оценка словесного творчества» (2000) [20, 120-б.], М.М.Бахтиндин «Вопросы литературы и эстетики» (1975), «Эстетика словесного творчества» (1979), «Творчество Франсуа Рабле и народная культура Средневековья и Ренессанса» (1990) [33, 424-б.] ж.б. китептери), адабият таанып билүүнүн, дүйнөнүн бүтүндүгүн түшүнүүнүн куралы экендиги жөнүндөгү идеяларга (Н.А.Бердяевдин «О рабстве и свободе человека» (1984), «Самопознание» (1991), «Духовный кризис интеллигенции» (1998) ж.б. эмгектери) [44, 389-б.], адабият улутту жана анын маданиятын таануу каражаты экендиги тууралуу ойлорго (Д.С.Лихачев) [84, 306-б.] таянып, изилдөөдө ошол окуулардан багыт алдык.

Эмгегибизде педагогиканын классиктеринин окутуу жана тарбиялоо тууралуу ойлору пайдаланылды. Буга чех педагогу Я.А.Коменскийдин (1952-1670) «Улуу дидактика» (1633-38), «Тилдерге ачык эшик» (1631), «Энелер мектеби» (1632) ж.б. чыгармалары [65, 576-б.], И.К.Песталоццинин төрт бөлүктөн турган «Лингард жана Гертруда, эл үчүн китеп» (1781) деген социалдык-педагогикалык романы, «Лингард жана Гертруда» (1781-87), «Гертруда өз балдарын кантип окутат» (1801) деген эмгектеринде[129, 416-б.] адабий көркөм тексттерди жөн гана жаттап алуу алардын идеясын, автордун чеберчилигин түшүнбөө экендигин белгилеп, мындай окутууга каршы чыгат.

Орус педагогу К.Д.Ушинский (1824-1871) «Детский мир» (1861), «Родное слово» (1864) деген окуу китептеринде [175, 557-б.], жазуучу-педагог Л.Н.Толстой (1828-1910) «Азбука» (1872), «Новая азбука», «Книги для чтения» (1875), «О народном образовании» (1874) аттуу эмгектеринде [173, 542-б.] адабий чыгармаларды эстетикалык баалуулук катары талдоо зарылдыгын белгилеген жана эне тилинде окутууга өзгөчө басым жасашкан.

Советтик педагогдор В. А. Сухомлинскийдин [167, 228-б.], Ш. А. Амонашвилинин [13, 494-б.] эмгектеринде балдардын аң-сезимин өстүрүүдөгү,

эмгекке, мекенчилдикке тарбиялоодогу, руханий дүйнөсүн калыптандыруудагы адабий чыгармаларды окуунун маани-максатын ачып берген.

Биз изилдөөгө алган проблема кенже мектеп жашындагы балдардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө байланыштуу болгондуктан 7-10 жаштагы балдардын курак жана психологиялык өзгөчөлүгүнө, текстти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө, эмоционалдуулугуна көңүл буруунун зарылдыгы келип чыгат. Аталган проблемалар жалпы жана курак, педагогикалык психология илимдеринен концепцияларына таянганда гана максаттуу ишке ашырылат. Б. Г. Ананьев өз эмгектеринде [15, 380-б.] ар бир адамдын психикалык өнүгүшүндө, личность катары калыптанышында коомдук чөйрөнүн ролун көрсөтөт, адамды таануунун психологиялык кырдаалдарын иштеп чыккан. Л. И. Божовичтин китептеринде [47, 464-б.] кичине чактан тарта баланын калыптануусунун психологиялык өзгөчөлүктөрү, табигый жана тышкы таасирдин негизинде өзгөрүүлөрү, адамдын калыптануусундагы көркөм адабияттын ролу изилденген. Л. С. Выготский эмгектеринде [50, 480-б.] билим берүүдө окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу теориясын тереңдеткен, көркөм чыгарманы кабылдоонун психологиялык абалдары каралган. А. Н. Леонтьев бир катар психологиялык китептерди [81, 292-б.] жазып, аларда адам психикасынын татаалдыгын көрсөткөн. Жалпы психология менен мектеп психологиясынын байланыш учурлары С. Л. Рубинштейндин [133, 423-б.], таанып билүүнүн психологиялык аспектилери жана мыйзамченемдүүлүктөрү Д. Б. Элькониндин [198, 328-б.] эмгектеринде чагылдырылган. И. С. Кондун «Психология ранней юности» деген китебинде [66, 362-б.] балдар психологиясынын бир катар теориялары турмуштук мисалдарда ачылган. Жогорудагы психологиялык эмгектер бизге инсандын өнүгүшүндөгү өзгөчө учурларды көрсөтүү менен ошол учурларда адабий чыгармалырдын тексттин талдоонун жолдорун жана ушул жолдордо окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун ыкмаларын көрсөтүү менен биздин изилдөөгө методологиялык база даярдап берди.

Изилдөөнүн концепциясында окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча психологиялык теория (А. Я. Пономарев) жана башталгыч класстын окуучуларынын кебинин өнүгүү теориясы (М. Р. Львов) илимий методологиялык таяныч катары кызмат кылды.

Методологиялык негиз катары төмөнкүдөй теориялар да колдунулду:

– ишмердүүлүк мамиле идеясы (Л. С.Выготский, С. Л. Рубинштейн, Г. И. Щукина ж.б.);

– инсанга багытталган мамиле идеясы (Б.Г.Ананьев, И.Б.Бекбоев, Е. В. Бондаревская, И. С.Якиманская ж.б.);

– көркөм адабий текстти кабыл алууга, анализдөөгө, интерпретациялоого байланыштуу окуучулардын адабий-чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү теориясы (Н. В. Беляева, А. И. Гаранина, А. Г. Кутузов, С. Т. Батаканова, А.Ж.Муратов ж.б.);

– окуучулардын адабий чыгармачылыгы менен байланышкан чыгармачылык жөндөмүн өстүрүү теориясынын концепциялары (Н. В. Колокольцев, Ү. Б. Култаева, Н. Д. Молдавская, В. Г. Маранцман, С. К. Рысбаев ж.б.).

Диссертациябыз окутуу проблемасына арналгандыктан дидакт окумушуулардын (И. Я. Лернер [82], М. И. Махмутов [104, 191-б.], Г. К. Селевко [164, 256-б.], Ю. К. Бабанский [27, 560-б.], И. Б. Бекбоев [38, 384-б.], В.П.Беспалко [46, 336-б.], В. К. Дьяченко [58] ж.б.) эмгектерин да пайдаландык.

Окуучулардын компетенттүүлүктөрүнүн калыптандыруу проблемалары боюнча орус педагогдорунун (Л. П. Алексеев, Н. В. Кузьмина, А. Н. Кузнецов ж.б.) жана кыргыз окумуштууларынын (Н. А. Асипова, А. Алимбеков, К. Д. Добаев, Н. К. Дюшеева, Э. Мамбетакунов, Т. Сияев ж.б.) теориялык идеалары биздин эмгекте колдонулду.

Адабий көркөм текстти талдоо багытында А.С.Айзерман [7, 188-б.], В.В.Голубков [53, 490-б.], Е. Н.Ильин [61, 152-б.], В. А. Кан-Калик [63, 254-б.], М. Г. Качурин [64, 173-б.], Е. А.Корсунский [69, 90-б.], Н. И. Кудряшев [71, 70-

б.], Б. А. Ланин [79, 508-б.], В. Г. Маранцман [98. 76-б.], Н. Я. Мещерякова [106, 159-б.], Н. Д. Молдавская [107, 224-б.], В.А.Никольский [125, 256-б.], В.А.Онищук [128, 190-б.], З.Я.Рез[131, 96-б.], М.А.Рыбникова [134, 247-б.], В.Р.Щербина [197, 320-б.] ж.б. орус методисттеринин эмгектери, В.Г.Маранцмандын «Анализ литературного произведения в соотношении с читательским восприятием школьников» [98, 47-б.] жана Н.Н.Светловскаянын «Теоретические основы читательской самостоятельности и их реализация в системе начального обучения» [163, 38-б.] деген доктордук диссертациялары үйрөнүлдү.

Кыргыз окуучуларынын орус адабияты сабагында текст менен жүргүзүлүүчү жумуштарынын түрлөрү, методдору жана каражаттары Л.А.Шеймандын бир катар эмгектеринде[193], Г.У.Соронкулов «Читательские интересы учащихся и пути активизации внеклассного чтения русской литературы в Киргизии» [166, 236-б.] (1989) аттуу темадагы диссертациясында, Н.А.Ахметованын «Чтение и понимание текста» аттуу макаласында[23, 306-б.] чагылдырылган.

Соңку учурда Орусия Федерациясында башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык потенциалын адабий көркөм тексттер аркылуу өркүндөтүү ишмердүүлүгү активдүү изилдөөгө алынып, Н.В.Фоменконун «Организация творческой деятельности младших школьников на уроках литературного чтения» [184], Е.И.Матвееванын «Учим младшего школьника понимать текст» [102] деген китептери, Т.В.Гавриловaнын «Развитие творческих способностей школьников при работе с произведением С.Т.Аксакова «Аленький цветочек» [51,20-23-б.], Н.И.Копыринанын «Формирование интеллектуально-речевых умений на уроках чтения» [68], Л.Д.Малинин «Творческие работы на уроках литературного чтения в начальных классах»[91, 56-б.], Е.И.Матвееванын «Проблемы формирования и развития навыка чтения младших школьников и некоторые пути их решения»[101, 14-б.], Н.Н.Светловскаянын «Задача современной школы – учить детей уметь и любить читать книги»[162, 32-34-б.] аттуу макалалары практик мугалимдерге тартууланды.

Л.Д.Мали «Методика обучения младших школьников основным видам творческих работ на уроках чтения»[90, 23-б.], А.В.Шуваева «Развитие связной речи младших школьников в процессе работы над текстом (на материале 2 класса)» [196, 22-б.] деген темаларда кандидаттык диссертацияларын коргошту.

Жыйынтыктап айтканда, адабий көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өркүндөтүү боюнча бул ишибизге методологиялык база болуучу илим тармактары жана эмгектер философия, психология, педагогика, адабият теориясы жана адабияттаануу, орус жана кыргыз адабиятын окутуунун методикасы боюнча изилдөөлөр болду.

## Биринчи бап боюнча корутунду

**Диссертациялык изилдөөнүн биринчи бабы «Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхы»** деп аталат. Анын «*Башталгыч класс окуучуларынын адабий тексттерди талдоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн азыркы учурдагы максаты, милдеттери жана негизги багыттары»* деген 1-параграфында башталгыч класстарда адабий билим берүүнүн жалпы максат, милдеттери, өзгөчөлүктөрү айтылып, ар бир класста мамлекеттик стандарт талап кылган шарттар конкреттештирилип көрсөтүлөт. 1-класста негизинен тамга таанытуу, сөздү туура окуу, сөздөрдү бири-бирине кошуп улоо жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу процесстери «Алиппеге» чейинки мезгил, «Алиппе» мезгили, «Алиппеден» кийинки мезгил деген этаптар боюнча жүргүзүлсө, 2-4-класстарда адабий тексттерди окуу, түшүнүү жана интерпретациялоо ишмердүүлүгү ишке ашырылат, демек, бул мезгилде балдарды сөз дүйнөсүнө аралатып, алардын текстти окуу менен бирге түшүнүү, түшүнгөнүн айтып берүү компетенттүүлүктөрү жогорулайт. Мына ошол процессте окуучу менен мугалим ишмердүүлүгү чыгармачылык байланышта жүрүшүн иштеп чыгуу биздин эмгектин негизги максаты болду. Окуучулар чыгармаларды тек, түр, жанр боюнча ажыратып, тексттин мазмунун жөн гана айтып берүүдөн чыгармачылык менен жактарын өзгөртүп, максатка ылайык кыскартып же кеңейтүү менен, кошумчалап айтып берүүгө көнүгөт, каармандардын жүрүш-туруш аракеттерин, сюжеттин динамикасын талдайт, тексттин тил байлыктарын өздөштүрөт, өзүнүн көркөм чыгармага карата адабий-эстетикалык табити, эмоционалдык сезимдери жогорулатат. Эмгекте мындай милдеттер жана адабий окуунун функциялары Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан түзүлгөн жана бекитилген «Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт» деп аталган документ менен айкалыштырыла каралат.

Ааламдашуу процессиндеги кыргыз элинин дүйнөгө кеңири синтезделип жана интергацияланып жаткан шарттарындагы социалдык проблемалар, руханий деградация, экономикалык кризис тууралуу айтылып, мисалдар келтирилип, ошол процесстеги адабияттын, аны окутуунун милдеттери да ушул параграфта көрсөтүлүп, бул ишмердүүлүктө окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун мааниси өзгөчө экендиги белгиленет. Башталгыч класс окуучуларынын адабий тексттерди талдоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн азыркы учурдагы негизги багыттары катары методологиялык базаларга таянганда төмөнкүлөр эсептелди: адабиятты окуучулардын ыймандык-этикалык, маданий-эстетикалык, этномаданий тарбия алышына багыттап окутуу; окуучулардын кеп маданиятын өстүрүүгө маани берүү; эне тилин ар тараптуу жана кеңири үйрөтүү; адабиятты сөз өнөрү, искусство, эстетикалык баалуулук катары талдоо; адабий текстти интерпетациялоодо чыгарманынын поэтикасына, автордун стилине көңүл буруу; тексттеги мазмунду баланын жеке турмушу, жашоосу менен байланыштыруу, баланын чыгармадан «өзүн көрө алышына» жетишүү ж.б.

*«Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн теориялык негиздери» деп аталган 2-параграфта* тексттин теориялык аспектиси философия, адабияттаануу, тилтаануу, эстетика илимдеринин жана алардын интеграцияланышында турган текстологиянын табылгаларынан улам талданат. Д. Э. Розенталь, Т. А. Ладыженския, И.Р.Гальперин, О.Л.Каменская, В.Н.Топоров, Ю.А.Сорокин, В.А.Лукин, В.Е.Чернявская ж.б. лингвисттердин текст тууралуу теориялык ойлору методологиялык негиз катары кабыл алынат. Кыргыз лингвисттери С.Давлетовдун, С.Ж.Мусаевдин, Т.Аширбаевдин, Т.Маразыковдун, Ж.Чымановдун, В.И.Мусаеванын эмгектеринде эне тилибиздеги байланыштуу кеп, тил маданияты проблемалары каралган. Алардын аныктоолору боюнча текст окууга жана жазууга, жазууга жана көрүүгө, талдоого, интерпретациялоого, кайра түзүүгө (кыскартууга, узартууга), анын негизинде план түзүүгө (жөнөкөй, татаал), өркүндөтүүгө ылайыкталгандыгы белгиленди.

Адабий көркөм текстти талдоо – татаал процесс, ошол эле кезде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өркүндөтүүнүн чоң мүмкүнчүлүгү.

«Чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүгүн аныктоодо «чыгармачылыкка» берилген орус философтору Н.А.Бердяевдин, И.А.Беляевдин, В.Яковлевдин эмгектерине таяндык. Чыгармачылык – бул жаратуу, жаратууга алып баруучу ишмердүүлүктүн процесси жана ал акыл эмгегинин продуктусу. Окуучунун чыгармачылыгы анын билими, тажрыйбасы, ой жүгүртүүсү менен байланыштуу. Ал эми чыгармачылык компетенттүүлүк окуучуну төмөнкүлөргө ээ кылат: көркөм чыгармалардын идеяларын жеке турмушунда колдоно билүүгө жетишет; кийинки чыгармаларды өздөштүрүү үчүн мотивация жана практика түзөт.

Адабий көркөм текстти интерпретациялоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүктү ишке ашыруу формалары катары төмөнкүдөй учурлар аныкталды: текстти үн кубултуп, көркөм, ролдоштуруп окууда; ошол тексттин мазмунун, идеясын, образын чыгармачылык менен баяндоодо; тексттин негизинде өз чыгармачылыгы менен жаңы текст түзүүдө; тексттин музмунун иллюстрациялоодо, инсценировкалоодо; чыгармага жана андагы образдарга өз алдынча баа берүүдө ж.б.

3-параграф *«Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемасынын изилдениши жана теманы ачуунун методологиялык негиздери» деп аталат.* Адабий көркөм текст проблемасын изилдөө советтик лингвистикада, педагогикада, философияда, психологияда XX кылымдын 20-жылдарынын И.А.Фигуровскийдин эмгектеринен башталган. Орус филологиясында Н.С.Поспелов акын А.С.Пушкиндин «Евгений Онегин» романынын синтаксистик түзүлүшү боюнча анализдеп, тексти поэтикалык талдоонун методологиялык негизин көрсөтүп берген. Текстти изилдөөдөгү К.Тыныстанов, С.Нааматов, Ж.Мукамбаев, Б.Рысбекова, К.Сартбаев, С.К.Рысбаев, С.С.Сакиева, А.Т.Саттарова, А.Токтомаметов, Б.А.Абдухамидова,

Ч.А.Акматова, Ж.Р.Шербаева ж.б. кыргыз тилчилеринин жана педагогдорунун эмгектерине ушул бөлүмдө кыскача обзор берилди.

Андан ары таанып-билүүнүн диалектикасын көрсөткөн философиянын, балдардын курагына жана жеке өзгөчөлүгүнө карата окутуу боюнча психологиянын, окутуу жана тарбиялоо боюнча педагогиканын, адабият теориясы жана тарыхы, балдар адабияты багытындагы адабият таануу эмгектеринин методологиялык негиздери боюнча теориялык ойлор жалпылаштырылды. Адабий тексттерди чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутуу проблемасы боюнча бул методологиялык эмгектер биздин изилдөөбүздүн бүгүнкү күндөгү зарылдыгын, андай изилдөөлөр текстти үйрөнүнүн жолдорун жана ыкмаларын чыгармачылыкка багыттоонун заманбап технологияларын колдонуунун эффективдүүлүгүн тастыктады.

# ЭКИНЧИ БАП. АДАБИЙ КӨРКӨМ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ ПРОЦЕССИНДЕ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары

**Изилдөөнүн объекти** – жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарындагы адабий көркөм тексттерди окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү иш-аракеттери.

**Изилдөөнүн негизги материалдары**

1. Мамлекеттик жана өкмөттүк мыйзамдар:

Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамы (Конституциясы);

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары:

КР Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгы.

КРдин Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы «Улуттук нарк жөнүндө» жарлыгы.

Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы

3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик документтери:

А) Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарты [36]

Б) Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн предметтик стандарты [75]

В) «Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт» [127]

Г) «Адабий окуу» предмети боюнча окуу программасы [37]

Д) Адабий көркөм тексттер сунушталган 1-4-класстардын окуу китептери. Алар төмөнкү таблицада көрсөтүлдү.

**Таблица 2.1.1 – Башталгыч класстарда азыркы учурда колдунулуп жаткан негизги жана альтернативдүү окуу китептери**

| **класс** | **авторлор** | **окуу китептеринин аталышы** |
|---|---|---|
| 1-класс | С.Рысбаев | «Алиппе» |
| | Б.Кубаталиева, А.Абыканова, М.Асаналиева | «Алиппе» |
| 2-класс | А.Токтомаметов | «Адабий окуу» |
| | Б.Абдухамидова, С.К.Рысбаев, К.Ибраимова | «Адабий окуу» |
| 3-класс | А.Токтомаметов, Б.Субанова | «Адабий окуу» |
| | Б.А.Абдухамидова, С.К.Рысбаев, К.Ибраимова | «Адабий окуу» |
| 4-класс | С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова | «Адабий окуу» |
| | А.Токтомаметов, Б.Субанова | «Адабий окуу» |

Ж) Адабий көркөм тексттер берилген класстан тышкаркы окуу үчүн сунуш кылынган хрестоматиялар:

1-класстар үчүн: «Дилачар» [137], «Адеп алиппеси» [140, 112-б.]

2-класстар үчүн: «Дил азык» [55, 112 б.]

3-класстар үчүн: «Дил азык» [56, 136 б.]

4-класстар үчүн: «Дил азык» [57, 136 б.] жыйнактарын кошууга болот.

3) 1-4-класстарда адабий окуу боюнча методикалык колдонмолор, мугалимдердин иш тажрыйбаларынын жыйынтыктары, окуучулардын оозеки жана жазуу иштери

II-IV класстын «Адабий окуу» предметине жумасына 4 сааттан: 3 класстык, 1 класстан тышкаркы болуп, ар бир класска 136 саат убакыт бөлүнгөн. Алар төмөндө берилет.

**Таблица 2.1.2. – II-IV класстын «Адабий окуу» предметине саattардын бөлүштүрүлүшү.**

| **класстар** | **жумалык саат** | **класстык саат** | **класстан тышкаркы окуу** | **жылдык саат** |
|---|---|---|---|---|
| **II** | 4 саат | 3 саат | 1 саат | 136 саат |
| **III** | 4 саат | 3 саат | 1 саат | 136 саат |
| **IV** | 4 саат | 3 саат | 1 саат | 136 саат |

Биздин изилдөөлөрдүн негизги материалдары мына ушул сааттарга бөлүнгөн – окуу китептериндеги адабий көркөм тексттер. «Көркөм чыгарманы өздөштүрүү окуучулар үчүн текстти адегендеги окуудан жана кабылдоодон башталып, андан соң текстти үйрөнүү процессинде улантылат. Адабиятты окутуунун көп жылдык тарыхы бул багытта бир катар тажрыйбаларды топтоду, бирок бүгүнкү күнгө чейин эле мектепте чыгарманы талдоо боюнча объективдүү кыйынчылыктар кезигип келүүдө. Бул тоскоолдук көркөм текстге эки жактуу мамиленин – биринчиси искусство катары, экинчиси таанып билүүнүн илимий адабияттаануу объектиси катары каралгандыгы менен түшүндүрүлөт. Андан башка дагы, көркөм чыгарма конкреттүү шарттарда (белгилүү бир класста, билим берүүнүн ар кайсыл баскычтарында ж.б.) үйрөнүлгөндүктөн мугалим үчүн адабияттаануунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн гана эмес, педагогикалык психологиянын да мыйзам ченемдүүлүктөрүн билүүнү талап кылат» [105, 201-


б.]. Тилекке каршы, биздин мектеп практикасында, анын ичинде башталгыч класстардын окуулуктарында да текстке психологиялык жана педагогикалык, логикалык, андан ары философиялык аспектиден кароо жетишсиз болуп келүүдө. Эми окуу китептерине обзор бере өтөлү.

I класстын «Алиппе» предмети окуучуларды тамгаларды таанытууга, тамгалардан кураштырып, сөздөрдү окууга, сөздөрдөн сүйлөм окууга жана ушуларды жазууга үйрөтөт. Бул жыл ичинде окуу техникасын (шар окуу; көркөм окуу; купия окуу; үн чыгарып окуу; топ менен (хор) менен окуу ж.б.) өздөштүрөт; өтө жөнөкөй тексттердин маанисин, сюжетин, каармандарын кайра айтып берет; тексттин бир бөлүгүн жаттайт. Мына ушул ишмердүүлүктө окуучунун чыгармачылыгы да катышат, ансыз мугалим каалаган натыйжага жетише албайт. «Алиппе» окуу китеби жана анын комплекси С.К.Рысбаевдин авторлугунда түзүлүп, көп жылдардан бери пайдаланылып келет [143].


М.Шарипова «Өзбек мектептеринде кыргыз алиппесин окутуунун методикасы» деген кандидаттык диссертациясында [191, 20-б.] «Алиппени» үйрөтүүнү үч этапка бөлүп карайт: «Алиппеге чейинки» мезгил, т.а., оозеки иштөө мезгили; «Алиппе» мезгили, т.а., тамга таанытуу, тыбыштардын өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү, алар аркылуу кеп өстүрүү; «Алиппеден кийинки» мезгил, т.а., үйрөнгөндөрүн практикада текст окуу, сүйлөө ж.б. иш-аракеттер менен бекемдөө.

Анан ал өзбек мектептеринде кыргыз алиппесин окутуу төмөнкүдөй моделдерде ишке ашырыларын көрсөтөт:


1. «Алиппеге чейинки» ишмердик модели – көрүү, угуу, айтуу, сүйлөшүү.



2. «Алиппе» мезгилиндеги ишмердик модели – көрүү, угуу, айтуу, сүйлөө, жазуу, ой жүгүртүү.




3. «Алиппеден кийинки» мезгилдин ишмердик модели – окуу, ой жүгүртүү, түшүнүү, түшүндүрүү.




**Сүрөт 2.1.1. – «Алиппе» окуу китебин үйрөтүүнүн этаптары жана ишмердүүлүк моделдери.**

«Алиппенин» тамга үйрөтүү процессинде [144, 160-б.] бир тамга сунуш кылынат, ошол тамганы үйрөнгөнүн бекемдөө (окуу, айтуу) үчүн бир текст берилет.

Мисалы:

«Г» тамгасы: Токтогул Сатылганов «Насаат»

«Ө» тамгасы: Т.Кожомбердиев «Чиркей менен төө»

«В» тамгасы: А.Токомбаев «Паравоз» ж.б.

Булар өтө жөнөкөй тексттер же тексттерден үзүндүлөр. Алардын өзгөчөлүгү текстте үйрөнүлүп жаткан тамгалар көп кездешет жана алар балдардын туура окуусу, туура айтуусу үчүн кызмат кылат.

Ушундай жол менен 36 тамга өздөштүрүлүп бүткөн соң «Окуйбуз, айтабыз, жазабыз», андан кийин «Окуу жана сөз өстүрүү», андан соң «Өз алдынча окуу» деген бөлүмдөрдө тексттер сунушталат да, 1-класстан окуучулары аларды окуп, түшүнүп, түшүнүгүн айтып берүү ишмердүүлүктөрүн аткаруу керек болот. Мына ушул кезде окуучулардын өз курагына жараша жөнөкөй чыгармачылык иштерди аткарышы талап кылынат. Айталык, «Тушоо кесүү ыры», «Баланы бешикке салгандагы ыр» деген элдик ырларды окутуу процессинде текстти талдоо учурунда ар бир окуучунун өз турмушунда тушоо кесүү салты кандай болгондугун, тушоо кесүүгө катышкан, же катышпаганын, үйүндө бешик бар-жогун, бешик ырын ырдашар-ырдашпасын, анын текстин билер-билбешин суроого болот. Мында абдан көп чыгармачылыкты талап кылган суроолорду берүү мүмкүнчүлүгү бар.

2-класстын «Адабий окуу» китеби [1, 180б.] көп жылдан бери чыгып келе жатат. Авторлору – Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. Китептеги чыгармалар тематикага (14 бөлүмгө) бөлүнүп жайгаштырылган. Алар төмөнкүдөй тематикалар:

Китеп менен таанышуу

Берекелүү алтын күз

Туулган жердин топурагы алтын

Менин жан дүйнөм

Күлкү – ден соолуктун мүлкү

Алтын балалык

Мына жаады аппак кар

Сөз үйрөнүп алалы

Ойлонуп көрөлүк

Байчечекей гүл ачты

Баарынан эне ыйык ж.б.

Бул чыгармаларды жайгаштыруу көбүнчө окуучу кайсыл мезгилде окуп жаткандагына (күз, кыш, жаз, жай), майрамдарга карата сунушталат да, алардан башка учурда сөз өстүрүүчү, акыл эмгеги маданиятына таасир этүүчү тексттер

берилет, эң көп тексттер таанып билүү максатында сунушталат. 2-класстагы «Тамга кошсок...», «Бир тамгадан өзгөртсөк» (А.Кыдыров), «Туурабы?», «Бир сөздөгү үч сөз», «Аралашкан ариптер» (Т.Самудинов) деген ырлар окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүп, аларды тапкыч болууга, тамгаларды, сөздөрдү туура айтууга, эне тилдин көөнө сөздөрүн ыр аркылуу үйрөнүүгө жол ачат. Окуу китебинде бирде поэтикалык, бирде прозалык тексттер берилип, окуучулардын кызыгууларын, тектер, түрлөр, жанрлар боюнча билгендерин улам тереңдетип отурууга багытталат.

3-класстар үчүн Адабий окуу» китебинин [2, 1804.] автор-түзүүчүлөрү Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. Бул китептеги адабий тексттер он сегиз бөлүмгө ажыратылып берилген. Тематикалык көп түрдүүлүк сакталат. Ата-бабалардын мурастары, кеп казынасы Б.Асаналиевдин «Мурас», Б.Чотурованын «Жети ата» деген ырларында абдан так, таамай чагылдырылган, аларды чыгармачылык менен иштөө процессинде окуучулардын этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Бул класста тамсил жанры (Тоголок Молдо «Бөдөнөнүн түлкүнү алдагыны») сунуш кылынып, ошол чыгарманы үйрөнүү процессинде окуучулар аллегориялаштыруу (жаныбарлар аркылуу адамдарды туюнтуу) формасын аңдап биле баштайт.

Окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн башталгыч класстардагы абдан эффективдүү жолдорунун бири – оюн ырлары аркылуу окуучуларды интерактивдүү иштөөгө тартуу, сөздөрдүн лексикалык маанисин, сүйлөмдүн түзүмүн туура табуу тапшырмаларын аткаруу. А.Кыдыровдун «Бул эмне өөлөр?», Т.Самудиновдун «Логогриф», «Билесиңби, сен албетте, билесиң?», «Амал менен окучу», Ы.Кадыровдун «Баш тамгасын өзүң тап», «Анаграмма», «Логогриф», «Метаграмма», «Шарада», «Акро ыр» деген чыгармалары мына ушундай текстти оюн аркылуу өздөштүрүүгө багытталган.

4-класс үчүн окуу китебин С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова жазган [135, 168б.]. Китеп он бөлүмдөн турат. Алар:

1-бөлүм. Даңктана бер, эгемендүү, өнөргө бай мекеним!

«Кыргыздын Ала-Тоосу» (Ж.Бөкөнбаев)

«Бишкегим» (Э.Ибраев)

«Кыргыз туусу» (Б.Чотурова)

«Герб» (А.Кыдыров)

«Дасторкон» (Г.Казыбай кызы)

2-бөлүм. Ата Журтубузду тилибиз менен дилибиздин байлыгын коргойлу

«Ата Журтка айтарым» (Н.Алымбеков)

«Сары-Челек» (А.Исаев)

«Кыргыз тили» (Т.Үмөталиев)

«Кумурскалар коому» жомогу (М.Жангазиев)

3-бөлүм. Күлкү бар жерде – өмүр бар

Калптар: «Саякат». «Чымын», «Арстан менен күрөшкөндө» (Б.Асаналиев)

«Сот болгон коён!» тамсил-ыры (М.Алыбаев)

4-бөлүм. Менин дүйнөм

«Эң эле керек үч нерсе» (Т.Үмөталиев)

5-бөлүм. Ойлонолу, изденели, билип алалы

6-бөлүм. Элибиздин улуу инсандары

«Алмамбет», «Чубак» («Манас» эпосунан үзүндүлөр)

«Ойногун спорт оюнун» (Б.Сарногоев)

7-бөлүм. Бабалардан калган сөз

«Эр Манастын турпаты», «Акылман Бакай», «Семетейдин Таласка келиши» («Манас» эпосунан үзүндүлөр)

«Кожожаш мерген» («Кожожаш» эпосунан үзүндү)

«Эр Төштүктүн ак жолборс менен достошкону», «Эр Төштүктүн кумурска менен достошкону» («Эр Төштүк» эпосунан үзүндүлөр)

«Асан кайгы бабабыз жана анын насааты»

8-бөлүм. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга

«Телибай тентек» (Тоголок Молдо)

«Эне жүрөгү» (Б.Сарногоев)

«Эрдик» (Э.Ибраев)

9-бөлүм. Ой, фантастика!

10-бөлүм. Дүйнө элдеринин балдар үчүн чыгармаларынан.

4-класста кыргыз фольклорунун мурастары катары «Манас», «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпосторунун тексттери окуучулардын курагына жана кабыл алуусуна ыңгайлаштырылып берилген. Бул тексттер балдарга ата-бабалардын жашоо-турмушу менен тааныштырууда, көөнө сөздөрдү таанытууда өзгөчө мааниге ээ.

Бул класста окуучулардын көркөм адабиятты өз алдынча окуу жана түшүнүү, талдай билүү ишмердүүлүгү бир кыйла калыптанып калгандыктан фантастика, уламыш, аңгеме жанрларындагы чыгармалар кененирээк жана көлөмдүүрөөк берилет. Мисалы, Тоголок Молдонун «Телибай тентек» поэмасы бир топ чоңураак, бирок авторлор андагы кызыктуулукту жана тарбиялык таасирдүүлүктү эске алган да ушул класска кошкон.

4-класстар үчүн пареллелдүү колдонууга уруксат этилген китептин биринин автору А.Токтомаметов [171, 232б.].

Бул китепте жазуучулар тарабынан кайра иштелип чыккан адабий жомоктор (Ж.Мукамбаев «Касиеттүү үрөн», Ж.Таштемиров «Алтын кумура»), жазуучулардын көлөмдүү чыгармаларынан үзүндүлөр (Ч.Айтматов «Саманчынын жолу», А.Токомбаев «Мезгил учат», К.Жусупов «Ата Журт»), элдик эпикалык дастандардын кара сөзгө айландырылган тексттери (К.Маликов «Манастын уулу Семетей», «Семетейдин уулу Сейтек»), тарыхый инсандар тууралуу маалыматтык-окуялуу аңгемелер (Ш.Кулуев «Кожомкул балбан», «Мокотой айтат», «Сазга баткан төө», «Кожомкулдун ташы»), фантастикалык аңгемелер (Ж.Таштемиров «А1» самолётунун учуруудагы менин жаңылыштыгым», «Самолётум кайда?», К.Эсенкожоев «Үчүнчү шар», К.Бейшебаев «Цереброскоп-2») ж.б. чыгармалар сунушталат. Булар окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча биздин изилдөөгө чийки материал болуп берет.

Башталгыч класстарда адабий окуу үчүн берилген көркөм тексттердин 90 пайызы адабий көркөм тексттер (негизинен проза жана поэзия тегинде) болуп,

алар 7-10 жаштагы балдардын кеп маданиятын, таанып-билүүсүн, ой жүгүртүүсүн, эмоционалдык-экспрессивдик сезимдерин жогорулатууга мүмкүнчүлүк жаратат. Ал тексттер балдардын куractык, психологиялык, окурмандык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуу китептерине киргизилген жана мугалимдин окуучулар менен чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү багытында иштөөгө жардам берет. Бирок окутуунун сапаты тексттин мыктылыгы менен эле чечилбейт. Муну үчүн мугалим интерпретатор болушу керек. А.Муратов мындай деп жазат: «Текст, эгер ал татыктуу автор тарабынан жаратылган болсо жана тажрыйбалуу интерпретатордун жүрөгүнөн өтсө, анда мектепте адабий билим алган баладан түшүнүүчү, ойлонуучу, жаратуучу инсанды калыптандырууга көмөк берет. Окуучулар орто мектепте миңдеген тексттерди окуганы менен ошол тексттеги купия маанилерге, сөз сырларына операция жасап, «колу менен кармап көрүп», дил туюмунан өткөрбөсө, анда ошол миңдеген тексттер бекер тандалган, ага кеткен убакыт текке кеткен болот. Мугалимдин текстти интерпретациялоосунан кийин окуучу ошол чыгарманын калган бөлүгүн, же ошол автордун башка чыгармасын китепканадан, же досторунан, болбосо башка бирөөдөн таап окуп, окуганын түшүнүп, түшүнгөнүн баалап, башкалар менен ошол чыгарманын негизинде сүйлөшө билүүгө, керек болсо талашка чыгууга жетишүүсү керек. Ушундай өз алдынча тексттин сырын ача билүү көндүмдөрүнө жетишүү гана окуучу менен автордун диалогун ишке ашырат. Өзгөчө тексттин таасиринен башка каармандын дүйнөсүнө кирип, ошол каармандын кайгы-кубанычы менен кошо жашап, образды интерпретациялоо азыркы адабият сабактарынын башкы милдеттери болуп саналат» [116, 114-б.].

## 2.2. Илимий изилдөөнүн методдору

Изилдөөбүздү максатыбызга жараша милдеттерди аткаруу үчүн көптөгөн теориялык жана практикалык-эксперименталдык методдорду тандап алдык. Методдор – изилдөөдө илимий натыйжаларга жетүүнүн жолу, чындыкты табуунун ыкмалары. Алар бизге чейин илимдин ар кайсыл тармактарында колдонулган жана апробациядан өткөрүлгөн.

Педагогиканын окутуу методикасы тармагында натыйжалуу методдор катары төмөнкүлөр аныкталды жана колдонулду.

*Биринчиси:* социологиялык жөнөкөй методдор: аңгемелешүү (окуучулар, ата-энелер, мугалимдер катышат); анкета жүргүзүү; интервью алуу; тест таратып жоопторду талдоо; окуу-нормативдик материалдарга: класстык журнал, окуу планы, окуу программасы, мугалимдердин күндөлүк пландары ж.б. талдоо берүү ж.б.

*Экинчиси:* жалпы логикалык методдор: анализ жана синтез, предметти жекелештирүү жана жалпылоо, предметти салыштыруу, предметти моделдөө, теманы долборлоо ж.б.

*Үчүнчүсү:* темага тиешелүү методологиялык багыт берүүчү илимий адабияттарды анализдөө жана аларга обзор берүү; педагогикалык процессти байкоо; сабактарга катышуу жана аларды жыйынтыктоо; алдыңкы мугалимдердин тажрыйбаларды үйрөнүү жана аларды иште чагылдыруу ж.б.

*Төртүнчүсү:* педагогикалык тажрыйба (эксперимент)

Теориялык методдор менен биринчиден, башталгыч класстардагы көркөм адабий тексттердин берилиш өзгөчөлүктөрү, ал чыгармалардын тектик, түрдүк, жанрдык, тематикалык белгилери чагылдырылган философиялык, адабияттаануучулук багытындагы методологиялык эмгектер изилденди. булактарга анализ жүргүзүлдү; экинчиден, ошол эле тексттерди окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытындагы педагогикалык-дидактикалык, психологиялык адабияттар талдоого алынды жана иште пайдаланылды.

Эксперименталдык методдо башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде окуучулардын көркөм адабий тексттерди өздөштүрүү процессинде балдардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча эксперментатор мугалимдер менен бирге педагогикалык тажрыйба уюштуруу, аны өткөрүү, алардын натыйжасын математикалык-статистикалык жол менен таблицаларда чагылдыруу ж.б.

### 2.2.1. Изилдөөнүн теориялык методдору

Диссертацияда алдыга коюлган максатка жана негизги милдеттерге ылайык бир нече теориялык методдор пайдаланылды.

***Илимий булактарды изилдөө методу.*** Биздин изилдөөдө бир нече багыттагы илимий булактар иликтенип, пайдаланылды. Алар философиялык эмгектер, классик педагогдордун ойлору, балдар психологиясы, окуучулардын кабыл алуусу тууралуу психологиялык адабияттар. Башталгыч класстарда адабий окуу, балдардын чыгармачылыгы, көркөм адабий тексттин табияты боюнча изилдөөлөр.

С.С.Сакиева «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деген темадагы доктордук диссертациясында [156, 39-40-б.] башталгыч мектепте окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгү үч критерий боюнча жүргүзүлөрүн айтып, аларга төмөнкүлөрдү кошот:

1. Когнитивдик критерий – окуучунун чыгармачылык тапшырмалардын маңызын тушүнүүсү.

2. Мотивациялык критерий – окуучунун инсандык чыгармачылыкка умтулуусу, окуу тапшырмаларынын чыгармачылыктын түрүнө кызыгуусу.

3. Ишмердүүлүк критерий – тапшырмаларды чыгармачылык менен аткарууга көнүгөт, окуучунун чыгармачылык элестетүүсүн, ойлонуу процессин активдештирет.

Андан ары диссертант окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн деңгээлдерине төмөнкүдөй таблицаны сунуштайт.

**Таблица 2.2.1 – Башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн өнүгүү деңгээли (С.Сакиеванын таблицасы)**

| Критерийлер | Жогорку деңгээл | Ортоңку деңгээл | Төмөнкү деңгээл |
|---|---|---|---|
| **Когнитивдүү** | Жеткиликтүү билим деңгээлге ээ, кебинин өнүгүүсү жакшы | Билим деңгээли жеткиликтүү эмес, түшүнүгү, көз карашы, | Билим деңгээли, кептик өнүгүүсү төмөн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кептик өнүгүүсү орто | |
| **Мотивациялык** | Окуучулар чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө умтулушат, чыгармачылык тапшырмаларды кызыгуу менен аткарышат | Окуучулар жеткиликтүү деңгээлде активдүү эмес, чыгармачылык тапшырмаларды мугалимдин жетекчилиги менен аткарышат | Окуучулар пассивдүү чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн арттырууга умтулушпайт |
| **Ишмердүүлүк** | Берилген тапшырмаларды өз алдынча аткарууда оригиналдуулугу, көркөмдүүлүгү менен айырмаланат | Тапшырмаларды аткарууда кээде мугалимдин жардамына муктаж. | Чыгармачылык тапшырмаларды аткарууда пассивдүү |

С.Сакиева «чыгармачылык», «чыгармачылык жөндөмдүүлүк», «чыгармачылык ишмердүүлүк» түшүнүктөрүн ачып берүүдө «Философиялык энцилопедияга», П.Торренс, С.Медник, Д.Б.Богоявленская, И.В.Львов, М.Н.Скаткин, Р.С.Немов, Я.А.Пономарев сыяктуу окумуштуулардын пикирине таянып, өз оюн аргументтештирет. Биз да изилдөөбүздө диссертанттын пикирлерин жана деңгээлдик үч критерийин пайдаландык.

С.Т.Батакановanын «Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери» деген темадагы докторлук диссертациясында [30, 42-б.] «башка окуу процессиндей эле адабият сабагында көркөм чыгармаларды талдоо мугалимден өз алдынча ар

тараптуу изденүүнү, чеберчиликти, дегинкиси, сабактын жүрүшүнүн так-таасын уюштурулушун талап кылат», – деп келип, аларга төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

1. Окуу программасы койгон талаптарга, б.а., бөлүнгөн саатына, теманын милдеттерине, талдоого алынып жаткан чыгарманын көркөм-эстетикалык асылдуулугуна, таанып-билүүчүлүк нарк-насилине, тарбиялоо касиетине жана окуучулардын анализдөө билимдерине, билгичтиктерине, көндүмдөрүнө карата аныктоо жана чечүү.

2. Чыгарманын мазмунунун окуу китебиндеги чагылышы, б.а., окуучулардан талап кылган адабий-дидактикалык материалдын чечилиши, анда негизги илимий жана тарбиялоо идеяларынын айкын баяндалышы, окуучулардын кабылдап өздөштүрүүсүнө ылайык жүзөгө ашышы.

3. Коюлган максатка карата теманын ачылышынын логикалык жактан негизделиши, б.а., көркөм чыгарманы талдоо менен адабий билимдердин өздөштүрүлүшүнүн мыйзам-ченемдүүлүгү, мурдагы билимди өркүндөтүүнүн ырааттуулугу, теориялык түшүнүктөрдү кабылдоого карата системалуулугу көркөм аңдаштыруунун турмуш менен байланыштуулугу, теория менен практиканын өз ара карым-катышынын ачылышы, окуучулардын үйрөнүүсүндөгү илимийлүүлүк жана анын жеткиликтүүлүгү, ошондой эле сабактын жүрүш ыкмаларынын алдын ала структуралык талдоодон өтүшү, анын натыйжасында чыгарманы анализдөө методдорунун мугалим тарабынан иргелиши, коюлган проблемага карата дарстын түрүнүн тандалып алынышы жана чыгарманын кайсы бөлүктөрү окуучулар тарабынан өз алдынча өздөштүрүүгө сунушталышы.

4. Ар бир сабактын темасын, ага ылайык көтөргөн жүгүн айкындоо, ар бир дарста көркөм чыгарманы талдоого карата маанилүү проблемаларды чечүү жана алардын негизги милдеттерин үйрөнүү чеберчилигине жараша бөлүп көрсөтүү.

5. Сабактын жүрүшүндө чыгарманын мазмуну менен формасын бирдиктүү талдоо аркылуу берилген окуу-тарбия иштерин чечүү мүмкүнчүлүгүнө карап, окутуу каражаттары менен усулдардын ийкемдүүлөрүн, натыйжалууларын тандоо.

6. Сабакта окуучулардын окуу иштерин уюштуруунун класстык, топтук, же жеке түрлөрүн аныктоо.

7. Сабактын жүрүшүндө чыгарманы талдоонун оптималдуу вариантын табуу.

8. Сабакты жыйынтыктоодо жана тапшырма берүүдө өз алдынча үйдөн талдоо жүргүзүүнүн ыңгайлуу ыкмаларын табуу, чыгарманы жеке талдап, окуунун ийкемдүү усулдарын колдонуу. Көркөм чыгарманы талдоодо колдонулган методдор мугалимдин жогоркудай аракети менен чектелбейт» [30. 21-22-б.].

С.Т.Батакановanын эмгектеринен биз көркөм адабий текстти талдоонун жалпы эрежелерин, чыгармачылык багыттарын үйрөндүк.

А.Муратовдун «Кыргыз адабияты сабагында көркөм текстин маңызын ачуу» аттуу методикалык колдонмосунда [112, 114-б.] текст жана аны интерпретациялоо, текстти талдоодогу мугалимдин ишмердүүлүгү боюнча методологиялык көрсөтмөлөр камтылган. Анын бир катар методикалык эмгектеринде [111, 554б.] адабий текст аркылуу чыгармачыл инсанды калыптандыруунун жолдору, ыкмалары жана каражаттары айтылган жана ал ойлор да диссертацияга методологиялык булак катары киргизилди.

***Аңгемелешүү методу.*** Бул метод жөнөкөй жана мектеп практикасында кеңири тараган метод. Окуучулар адабий көркөм тексттерди чыгармачылык менен кандайча өздөштүрүп жатканын билүү үчүн ошол тексттердин айланасында жана андан алган таасирлер тууралуу окуучулар менен аңгемелешүү жүргүздүк. Мындай аңгемелешүүгө жүздөн ашык окуучу катышты.

Аңгемелешүү үчүн 2-класстан «Баарынан эмне күлүк?», «Кырк амалдын бири» деген элдик жомоктор, «Байчечекей» уламышы, 3-класстан Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинен «Жети ата» деген үзүндүсү, 4-класстан Тоголок Молдонун «Телибай тентек» поэмасы тандалды. Аңгемелешүүдө окуучулар тест же анкеталарга жооп жазбайт, эркин отуруп эле ойлорун эркин айтат. Мисалы, «Жети атага» байланыштуу алар тексттен алыстап кетип, ар ким

өз жети атасын санап чыгат, жети атаны билүү эмне үчүн керек экендигин үйрөнөт, класстагы айрым окуучулар экинчи, айрымдары үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы, жетинчи аталарынан кошулат, демек, алар бир тууган болуп чыгат. Бул өзгөчө айыл мектептерине мүнөздүү көрүнүш. Аңгемелешүү учурунда балдар «Жети атасын билбеген – жетесиз», «Жети ата өтпөй кыз алышпайт» деген элдик накыл сөздөрдү колдонду. Мынай аңгемелешүү менен окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өстүрүп, аталар тууралуу маалымат алууга гана эмес, кыргыз этнографиясындагы, этнопедагогикасындагы «жети ата» түшүнүгүнүн азыркы ааламдашуу доорундагы маанисин ачып көрсөтүү үчүн мүмкүнчүлүк алабыз.

Тоголок Молдонун «Телибай тентек» поэмасы боюнча аңгемелешүүнүн нугу азыркы балдардын адептик сапаттары тууралуу жүрүп, окуучулар мектептеги, короодогу, көчөсүндөгү, айрымдар классындагы тентек балдар кимдер экендигин айтып берди, алардын айтканы боюнча класс жетекчилерге, ата-энелерге маалыматтар берилди.

***Окуучулардын жазуу жумуштарын жүргүзүү жана анализдөө методу.*** Окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн аныктоонун майнаптуу каражаттарынан бири – жазуу жумуштары. Башталгыч класстарда баяндама, аңгеме, макала, эссе, дил баян сыяктуу жазма иштерин алуу жана аларды талдоо кеңири практикаланат. Негизи жазуу жумуштары ар бир сабакта жүргүзүлөт, үй тапшырмасы катары берилет. Адабий көркөм тексттер боюнча жазуу жумуштары төмөнкүдөй багыттарда жүрөт: окулган тексттин мазмунун жазып чыгуу; тексттеги каармандарды мүнөздөгөн учурларды өз сөздөрү менен жазуу; тексттин негизинде баяндама жазуу; текст боюнча дил баян жазуу; чыгармадагы түшүнүксүз сөздөрдү жазып, алардын түшүндүрмөлөрүн сөздүк форматында жазуу; жазуу формасындагы сөздүк жумуштары (синоним, антоним, гипербола, идеома, уйкаштык, эпитет, салыштыруу ж.б.) ж.б. 3-класста «Туулган жер» (Т.Касымбеков), 4-класста «Кыргыздын Ала-Тоосу» (Ж.Бөкөнбаев) деген чыгармалар өтүлгөндөн кийин ушул чыгармаларды негиз кылып Ата журт тууралуу, өздөрүнүн кичи мекени тууралуу чакан баян жазууга тапшырма

берилди. Аны окуучулардын көпчүлүгү чыгармачылык менен жазып, жериндеги суулардын, тоолордун, булактардын аттарын аташкан, айрым кишилерден материалдарды сурап билип, аларды ишинде пайдаланган.

Азыркы мектептин чоң проблемасы, ал гана эмес коомдун көйгөйү – жарандарыбыздын жазуу маданиятынын төмөндүгү. Бул алардын каталарды көп кетиргендиги менен гана эмес, жазууда оюн логикалык жактан чаржайыт (баш-аягы толук көрүнбөгөн), чакчелекей стилде жазып жаткандыгы менен да түшүндүрүлөт. Мына ушул өксүк менен күрөшүү эң биринчи кезекте башталгыч класстардагы көркөм текст менен иштөө процессинде калыптанууга тийиш.

Чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү менен жазылган окуучулардын иштери алардын ой жүгүртүү жана жазуу, туура (катасыз) жазуу (орфографиялык, стилдик, пунктуациялык) компетенттүүлүктөрүн калыптоого жардам берет.

Башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн биз бир топ жумуштардын комплексин жүргүздүк.

*Аңгеме жазуу иши.* Бул – окуучунун жазуу ишмердүүлүгүн көрсөткөн чыгармачылыгы. Аны сабакта окулуп жаткан тема (көркөм чыгарма) менен байланыштырууга да болот, өзүнчө темадан тышкары эркин жазууга да болот. Мисалы, биз тажрыйба жүргүзгөн 4-класстарда Б.Сарногоевдин «Эне жүрөгү» деген чакан ыры окутулат. Эненин образын берген абдан таасирдүү ыр. Мына ошол ырдын текcттин үйрөнүп жаткан кезде окуучуларга «Менин энем» деген аңгеме жазуу тапшырмасы берилди. Ошондо окуучулар кээде ырга кайрылып, кээде тексттен аттап туруп энелери тууралуу кара сөз формасындагы аңгемелерди жазды. Анан мугалим ошол аңгемелерди окуучулар бири-бирине берип окутуп, жолдошунун аңгемесине пикир жазуу тапшырмасын сунуш кылды. Ушундай талкуулардан кийин 5-6 мыкты аңгеме тандалды. Ошолордун тандалып алынышынын себептери (критерийлери) ортого салынды да, канткенде жакшы аңгеме жазууга боло тургандыгын окуучулар бир кыйла аңдап түшүндү.

*Жомок жазуу иши.* Жомоктор – башталгыч класста окуучулар аябай кызыккан жанр, анткени андагы романтика, элдик фантазия, сюжетинин динамикасы, тилинин көркөмдүүлүгү, речтик кайталоолор балдардын дүйнөсүнө жакын. Г.Маатазимова мындай тажрыйба жүргүзгөнүн жазат: «...кызыгуу учурун пайдаланып мугалим өздөрү чыгарып жомок айтууга жана жомок жазууга көнүктүрүп алуу керек. Этнопедагог окумуштуулар Г.Н.Волков, Б.Апышов, А.Алимбеков, С.Байгазиев, М.Рахимова, С.Рысбаев, А.Муратов бала турмушундагы жомоктун улуттук тарбиялык функциясы тууралуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Биз 8 мектепте төрт жыл катары менен жомок жазуу тапшырмаларын бердик. Жалпы бул ишмердүүлүккө 406 окуучу катышты. Алардын жазуучулардай кылып чакан жомокторду жазышканын талдоого алдык. Талдоо көрсөткөндөй жарактуу деп тандап алган 216 жомоктун анализи мындай болду: жомоктордун тематикалары: укмуштуу, кереметтүү окуялар жөнүндө (46 пайыз), жаныбарлар тууралуу тамсил-жомоктор (18 пайыз), турмуштук, б.а., кадимки адамдардын жашоо-тиричилиги тууралуу жомоктор (36 пайыз), окуучулардын 52 пайызы профессионал жазуучулар элдик жомокторду кайра иштеп чыккандай элдик жомокторду кайра иштеп чыккан, б.а., алар даяр сюжеттин негизинде жомок жазган, 14 пайызы окуу китебинен таанышкан жомоктордун мазмунун кайталап койгон, 24 пайыз окуучу жомокчулар телевизордон көргөн мультфильмдердин же жомок фильмдеринин мазмунун өз сөздөрү менен жазып берген. 10 пайыз окуучулар өздөрү таптакыр жаңы, мурда кездешпеген жомокторду ойлоп тапкан. Мугалимдин милдети дал ушул 10 пайыз окуучулардын санын арттыруу багытында жүрөт. Ал көрсөткүчкө жетүү үчүн аткарылуучу ишмердүүлүктөр: адабий чыгармаларды дагы көп окуу; өзүнүн чыгармачылыгын дагы өнүктүрүү үчүн жомок жазуунун технологиясын өздөштүрүү; топто жана класста окуучулардын бири-биринен жазган жомокторун талкуулап, талдап турушу жана бул ишмердүүлүккө мугалимдин, ата-энелердин жардам берүүсү»[88, 158-б.].

Биздин жомок жазуу боюнча тажрыйбалар 2-класста «Баарынан эмне күлүк?», «Кырк амалдын бири», «Чиркей, чабалекей жана жылан», 3-класста

«Кумурска менен жалкоо» деген кыргыз эл жомокторун окуп-үйрөнүүдөн кийин ишке ашты. Натыйжада эң мыкты жомок жазган окуучулардын жомокторун мектептин интернет сайтына жайгаштырдык да, андан да тандап отуруп китепче-жыйнак чыгардык.

*Эссе жана дил баян жазуу ишмердүүлүгү*. Эссе жана дил баян – окуучунун жеке ой жүгүртүүсү, жеке стили чагылдырылган, ойлогон оюн кагазга түшүргөн чыгармачылыгы. Булардын түрлөрү да, жанрлары да, формалары да көп. Мугалим бул ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн эң биринчи теманы туура тандаш керек, балким темаларды эки, үч, төрт вариантта да берүүгө болот. Мисалы, 4-класста «Дүйнөнүн кооз жеринин бири» деген көркөм текст сунушталат. Анда Сары-Челек көлү жана көлдүн айланасындагы жаратылыш, жаныбарлар, өсүмдүктөр тууралуу айтылат да, негизги көңүл окуучулардын экологиялык түшүнүгүн жана тарбиясын жогорулатууга багытталат.

Ушундан кийин эссе жазуу үчүн төмөнкүдөй темалар берилет: «Сары-Челек тууралуу мурда эмнелерди билет элең?» «Сары-Челектин кооздугун сүрөттөп жазуу», «Корук деген эмне? Эмне максатта коруктар уюштурулат?», «Сары-Челектин жаныбарлар дүйнөсү», «Сары-Челекте өскөн өсүмдүктөр» ж.б.

Дил баян үчүн темалар: «Сары-Челек коругу жана мен», «Мен Сары-Челекке баргым келди, себеби...», «Биздин айылдын (шаардын) кооз жерлери», «Адамдар эмне үчүн табиятты бүлүндүрөт?», «Мен гид болуп, туристтерди алып бара турган жерлер...» ж.б.

Мындай чыгармачылык иштерди жаздыруу окуучуларга ой топтоону, жерин сүйүүнү, жазуу формасында эркин болууну, баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү стилдерин бирдей колдонууну үйрөтөт.

Биз бул эмгекти жазууда окуучулардын жогорудагыдай жазуу жумуштарын анализдеп, алардын көркөм текстти үйрөнүү процессинде чыгармачылык компетенттүүлүгүн кандайча өстүрүп жаткандыгын аныктадык жана ишибизде пайдаландык.

«Жазуучулардын чыгармаларын пайдалануу менен, же алардын жазгандарын чыгармачылык менен өздөштүрүү менен ошолорго окшоштуруп

чыгарма жазуу мектептерде кеңири колдонулушу керек болсо да, анчалык колдонулбай келет. Мунун себептери: мугалимдин окуучуга ишениминин жоктогу; окуучулардын адабий чыгармаларга таасирленбегендиги; башталгыч класстан мугалимдерди үчүн ушундай багыттагы методикалык эмгектердин, мугалимдердин тажрыйбаларынын жеткиликтүү иштеле электиги ж.б.» [88]

**Байкоо методу.** Бул абдан жөнөкөй көрүнгөнү менен мугалимден кыраакылыкты, тактыкты талап кылуучу метод. Мугалимдин бүтүндөй ишмердүүлүгү байкоо менен байланышат. Биз проблемага ылайык сабактарда, сабактан тышкаркы учурларда, коомдук жайларда, үй-бүлөдө төмөнкүдөй нерселерге байкоо салып жаттык: кайсыл окуучубуздун ата-тегинде (генинде) чыгармачылык жөндөмдүүлүк, талант бар, кимдин ата-энеси кайсыл кесиптин ээси, ошол кесипте ал чыныгы кесипкөйбү, же жөн гана жашоо үчүн, жан багуу үчүн иштеп жүрөбү; башталгыч класстын мугалимдерди көркөм адабий тексттерди окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү багытына көңүл буруу менен окутабы, же андай эмеспи; окуучулардын чыгармачылык кабылдоосунун, өздөштүрүүсүнүн өсүш деңгээли канчалык болуп жатат, ага кандай факторлор түрткү болууда; башталгыч класстарды көркөм адабий тексттерди талдоодо окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн калыптандыруу компетенттүүлүгү жогорку класстарда (5-11-класс) кандайча улантылып жатат ж.б.

***Анкетирлөө методу.*** Бул метод менен биз окуучулардын билим деңгээлин, мугалимдердин биздин темага компетенттүүлүктөрүн аныктадык.

Адабий көркөм тексттерди окутуу процессинде окуучулардын компетентүүлөктөрүн аныктоо максатында эксперименталдык мектептерде 116 мугалимге анкета таратып алардын жообун алдык.

1. «Чыгармачылык» дегенди кандай түшүнөсүңөр?
2. «Адабий окуу» китептеринде Сиз үчүн окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө эң жакшы мүмкүнчүлүк түзүп берген кайсыл чыгарма (чыгармалар)?

3. «Адабий окуу» китептерине кирип калган Сиз үчүн окууга татыксыз деп кайсыл чыгармаларды атайсыз?

4. Окуу сабагын жакшыртуунун кандай үч жолун сунуш кыласыз? ж.б.

Ушундай эле анкета алуу жолу менен окуучулардын көркөм адабий чыгармаларды окуу процессинде окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү багытындагы ойлорун, сунуштарын билдик. Анкета 182 окуучуга таратылды. Айрым суроолор:

1. «Чыгарма» деген эмне «чыгармачылык» деген эмне, кыскача түшүнүгүңөрдү жазгыла?

2. «Адабий окуу» китептеринен силер кандай чыгармаларды көп окугуңар келет?

3. «Адабий окуу» китептеринен кайсыл чыгарманы түшүнбөй калдың?

4. Окуу сабагында мугалимдин кандай сапаттары? ж.б.

Мына ушуга окшогон көптөгөн анкеталар таратылып, аларга жооптор алынып, ошол жооптор анализденди да, анан ишти жазууда синтезделди.

**Тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу методу.** Азыркы учурда адабий текстти чыгармачылык менен талдап, окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча бир топ мугалимдердин оптималдуу иш тажрыйбалары үйрөнүлдү жана жыйынтыкталды. 2-класстан Р.Сулайманованын «Байчечекей», Г.Орозобек кызынын «Жолоочу менен жылан», А.Рыскулованын «Акылдуу бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды?», 3-класстан А.Сейдахматованын «Акылдуу бала» деген жомокторун окутуу боюнча тажрыйбаларын үйрөндүк. Алардын тажрайбаларындагы башкы үйрөнө турган нерселер: текстти абдан көркөм окуусу жана аларды интернет сайттарына киргизүүсү; сөздүк жумуштарды жүргүзүүсү; тексттеги макал-ылакаптарга окшош (маанилеш) башка макал-ылакаптарды издеп табышы; тексттин негизинде сүрөт тарттырышы ж.б.

**Моделдештирүү методунун** жардамы менен илимий изилдөөдө башталгыч класстарда көркөм текстти окутуу процессинде окуучулардын

чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн моделин жана компоненттерин аныктадык.

**Таблица 2.2.2 – Башталгыч класстарда көркөм текстти окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн компоненттери**

| | |
|---|---|
| **максат** | Башталгыч класстарда көркөм текстти окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмунун, максатын аныктоо, алардын методикасын илимий-теориялык багытта үйрөнүү жана алардын эффективдүүлүгүн сынак аркылуу текшерүү. |
| **милдет** | Башталгыч класстарда көркөм текстти окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн тарыхын, өзгөчөлүктөрүн аныктоо.<br>Башталгыч класстарда көркөм текстти окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча методологиялык эмгектерди талдоо, теманы изилдөөнүн эволюциясына обзор жүргүзүү.<br>Башталгыч класстарда көркөм текстти окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн оптималдуу ыкмаларын жана жолдорун аныктоо, алардын практикага жарактуулугун педагогикалык эксперимент жолу менен текшерүү |
| **каража ты** | Башталгыч класстардын «Адабий окуу» китептериндеги көркөм тексттер |
| **формал ар** | «Адабий окуу» сабагы, класстан тышкаркы окуу |
| **методдо р** | окуу, жазуу, талкуулоо, ролдоштуруу, оюндар, дискуссия, аңгемелешүү, сөздүк жумуштары, анкета таратуу, интернет менен иштөө ж.б. |

| | |
|---|---|
| **натыйжа** | 1. Окуучулардын текстти чыгармачылык менен талдоо деңгээлинин жогорулашы<br>2. Окуучулар тексттин идеяларын чыгармачылык менен пайдаланат<br>3. Окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгү жогорулайт.<br>4. Окуучулардын сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгү жогорулайт.<br>5. Окуучулар чыгармачылык менен көркөм текст жазууга көнүгөт. |
| **жыйын-тыгын текшерүү-нүн чен-өлчөмү** | 1. Окуучулардын оозеки жоопторун талдоо.<br>2. Окуучулардын жазуу иштерин талдоо.<br>3. Окуучулардын чыгармачылык менен мамиле кылуусун талдоо.<br>4. Окуучулардын чыгармалардын темасын, идеясын туура чечмелей билүүсүн байкоо.<br>5. Окуучулардын чыгарманы жазган автор менен, мугалим менен талашып-тартышын, диалогун байкоо.<br>6. Окуучулардын текстке карата чыгармачылык мамилесин байкоо ж.б. |

Жогорудагы компененттердин негизинде башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн үлгүсү (модели) түзүлдү.

**Максаты:** Башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн майнаптуу ыкмаларын, жолдорунун жана каражаттарын иштеп чыгуу жана аларды сынактан өткөрүү, текшерилгендерин мугалимдерге сунуш кылуу.

**Милдети:** адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасын аныктоо

*Окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн дидактикалык принциптери:*

курагын, психологиясын эске алуу; илимийлүүлүк; жеткиликтүүлүк; практика менен байланыштуулук; көрсөтмөлүүлүк; бышыктык; топтук жана жекелик мамиле; гумандуулук; табийгыйлык ж.б.

*Окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүп окутуунун ыкмалары, жолдору:* а) салттуу: текстти окуу, баарлашуу; ролдоштуруу; жазуу жумуштары; түшүндүрүү; оозеки сүйлөө; сүрөт тартуу ж.б. б) интерактивдүү: диспут; сахналаштыруу; оюн; изилдөө; топто иштөө; жекече иштөө; долбоор ж.б.

*Тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүп окутууда окуучулар жетишкен компетенттүүлүктөр*

- чыгармаларын искусстволук өзгөчөлүгүн; чыгарманы тектер, турлөр, жанрлар боюнча айырмалай алуу; каармандары талдоо ж.б.
- адабий көркөм текст тууралуу, адабий-теориялык, авторлор, чыгармалар жөнүндө маалыматка жетишүү ж.б.
- чыгармага чыгармачылык менен мамиле кылуу, турмушунда да ошондой колдоно алуу ж.б.
- адабий көркөм тексттин тарбиялык таасиринен улам эстетикалык табити, эмоционалдык сезими жогору, адамгерчиликтүү, адептүү болуу ж.б.

**Адабий текстти чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун натыйжасы**

**Сүрөт 2.2.1. – Башталгыч класстарда көркөм адабий текстти окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн модели**

Жогорудагыдай теориялык методдор менен бирге эле эксперименталдык методду колдондук.

### 2.2.2. Изилдөөнүн эксперименталдык методу

Эксперименталдык методдо биз иште алдын ала коюлган божомолдун тууралыгы канчалык деңгээлде экендиги аныкталды.

Эксперименттик база катары төмөнкү мектептер алынды:

Ош шаарындагы №42 «Керме-Тоо» мектеп-гимназиясы;;

Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп-лицейи;

Ош шаарындагы «Жетиген» мектеп-лицейи;

Ош областынын Кара-Суу районундагы Сыдык Алайчы атындагы мектеп-гимназиясы.

Бул мектептерди тажрыйба жүргүзүү үчүн тандап алуунун критерийлери (чен-өлчөмдөрү): биринчиден, бир нече параллелдүү класстарынан болушу; мугалимдердин адабий окуу боюнча тажрыйбаларынын жана компетенттүүлүктөрүнүн болушу; мектептердин компьютер, ксерокопия ж.б. көбөйтүүчү аппараттар жана интернет менен камсыздалышы.

Эксперименттерге жалпысы 624 окуучу катышты, алардын ичинен 312 окуучу контролдук (байкоо) жана 312 окуучу эксперименталдык (тажрыйба) топторун түздү.

Эксперимент Ош шаарынын жана Ош областынын мектептеринде 2018-2022-жылдарда үч этапта өткөрүлдү.

Биринчи аныктоочу этап 2018-2019-жылдар.

**Таблица 2.2.2.1 – Эксперименттин аныктоочу (даярдоочу, байкоочу) 1-этабы (2018-2019-жж.)**

| | |
|---|---|
| **максаты** | изилдөөнүн теориялык-методикалык базасын табуу; илимий иштин гипетозасын (божомолун) белгилөө; тема боюнча жалпы практикалык абалды тактоо; диссертациянын багыттарын диагностикалоо ж.б. |
| **милдети** | эксперимент боло турган мектептерди табуу; экспериментке катыша ала турган мугалимдерди аныктоо; |

| | |
|---|---|
| | эксперимент жүргүзүүнүн методдорун, формаларын, каражаттарын изилдөө ж.б. |
| **методдору** | анализ; аңгемелешүү; текст; салыштыруу; анкеттөө; сурамжылоо; сабактарга катышуу; чыгарма окутуу; чыгарма жаздыруу; дил баян жана эссе жаздыруу; окуучулардын китепке кызыгуусун жана окуу, түшүнүү, талдоо маданиятын анализдөө ж.б. |
| **натыйжалары** | башталгыч класстарда окуучулардын адабий көркөм тексттерди окуу аркылуу чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү ишмердүүлүгү мектеп практикасында көбүнчө ыраатсыз жана максатсыз өткөрүлөрү белгилүү болду;<br>мугалимдердин адабий чыгармаларды окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемасын изилдеген методикалык адабияттарга муктаждыгы көп экендиги аныкталды;<br>башталгыч класстарда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптоо алардын кийинки ишмердүүлүктөрүндө, турмушунда чоң мааниге ээ экендиги белгиленди ж.б. |

Биринчи этапта негизги көңүл жалпы абал, зарыл методологиялык адабияттар менен таанышуу болгондуктан, «көркөм текст», «адабий текст», «чыгармачылык ишмердүүлүк» жөнүндө жазылган философиялык, психологиялык, педагогикалык эмгектер менен, нормативдик документтер менен ар тараптуу таанышып чыгып, өзүбүзгө керектүүлөрүн өздөштүрүп алдык.

Башталгыч класстардын мугалимдеринин «Адабий окуу» боюнча сабактарына катышып, ал сабактарда көркөм чыгармалар кантип, кандайча

талданып жатканы менен тааныштык жана окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн кандайча жолдор менен жогорулатуунун мүмкүнчүлүктөрүн издедик: мугалимдердин сурадык; өзүбүз байкоо салдык; илимий-методикалык адабияттардан издедик; мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөндүк ж.б. Бул кездеги негизги методдор сабактарга кирүү, сабактарды талдоо; байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, анкеттөө, илимий булактарды үйрөнүү болду.

Көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн жогору болбой жатышын билүү үчүн 116 мугалимге анкета таратып, аларды жыйынтыктап, проблеманын себептерин тактадык. Анын жыйынтыгы төмөндөгү таблицада берилди.

**Таблица 2.2.2.2 – Мугалимдеринин пикири боюнча окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн жогору болбой жатышынын негизги себептери**

| № | себептери | пайызы |
|---|---|---|
| 1 | Окуу китептеринде балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн адабий тексттердин жетишсиздиги | 21 % |
| 2 | Көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн өнүктүрүү проблемасын түшүндүргөн методикалык адабияттардын жетишсиздиги | 20 % |
| 3 | Бул проблема боюнча университеттерде тиешелүү деңгээлде билим берилбегендиги | 18% |
| 4 | Окуучулардын чыгармачылык менен иштөөгө кызыгууларынан жоктугу | 18 % |
| 5 | Окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытында окуу китептериндеги методикалык аппаратта ар кандай тапшырмалардын, суроолордун, | 11% |

| | | |
|---|---|---|
| | оюндардын, көнүгүүлөрдүн жетишсиз берилип жаткандыгы | |
| 6 | Мугалимдердин өздөрүнүн чыгармачылык компетенттүүлүк тууралуу түшүнүктөрүнүн анчалык жогору эместиги | 6% |
| 7 | Башка себептер | 6% |

Таблицада көрүнүп тургандай, көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн өнүктүрүү проблемасынын көйгөйлөрү жана анын себептери:

*Биринчиси* – окуу китептеринде балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн адабий тексттердин жетишсиздиги, бул 21% мугалимдер белгилеген себеп. Мындан чыгаруучу натыйжа – башталгыч класстардын «Адабий окуу» китептерине текст тандоодо окуу китептеринин авторлору балдардын чыгармачылыгына дем бере турган, мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүн чыгармачылыкты өстүрүүгө багыттай ала турган тексттерди тандай билиши керек.

*Экинчиси* – көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн өнүктүрүү проблемасын түшүндүргөн методикалык адабияттардын жетишсиздиги, муну 20% мугалимдер, б.а., жалпы мугалимдердин бештен бири белгилеген. Чынында эле чыгармачылык компетенттүүлүк деген эмне, аны кандай формада, кандай жолдор, кандай технологиялар менен өнүктүрө алабыз деген проблеманы мугалимдерге түшүндүрүп берүү керек. Аны түшүндүрүүнүн жолдору: чет элдик илимий педагогикалык адабияттарды кыргыз тилине которуу; кыргыз методисттеринин бул багытта колдонмолорун активдүү жазууну колго алышы жана аларды тиешелүү уюмдардын мектептерге жеткириши ж.б.

*Үчүнчүсү* – көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн өнүктүрүү проблемасы боюнча университеттерде жеткиликтүү деңгээлде билим берилбегендиги. Сурамжылоого тартылган мугалимдердин 18%ы өздөрү билим алган окуу

жайларында бул проблема боюнча терең билим албагандыгын, өздөрү бул чыгармачылык ишке компетенттүү эместигин айтышат, демек, окуу жайларынын окуу пландарын, окуу китептерин, окутуучулардын лекцияларынын, семинарларынын, практикалык сабактарынын мазмунун ушул багытта байытуу керек. Студенттер мектептерге практикага чыккан учурда бул педагогикалык ишмердүүлүк менен кеңири таанышышы зарыл.

*Төртүнчүсү* – окуучулардын чыгармачылык менен иштөөгө кызыгууларынан жоктугу катары муну да 18% мугалимдер белгилешет. Көпчүлүк мектептердин көпчүлүк класстарында чынында сабактарда 5-6% окуучу «жөн эле» отуруп берет, алар сабакты түшүнбөйт жана түшүндүрбөйт, ал эми 18% мугалимдер белгилеген окуучулар жөнүндө ойлору өтө көп окуучу, бул деген окуучулардын бештен бирини жакыны чыгармачылык менен текстти түшүнүүнү, чыгармачылык менен мугалимге жооп берүүнү билбейт дегендик. Мындай окуучулардын санын азайтуу өтө көп ишмердүүлүктү талап кылат, алар окуучуну текстин мазмунун толук өздөштүрүүгө үйрөтүү; окуучунун адабий-теориялык билимин жогорулатуу; окуучунун эстетикалык табитин көтөрүү. Мындай иштерди жүргүзүү ар бир сабактын ар бир учурунда ишке ашырылууга тийиш.

*Бешинчиси* – окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытында окуу китептериндеги методикалык аппаратта ар кандай тапшырмалардын, суроолордун, оюндардын, көнүгүүлөрдүн жетишсиз берилип жаткандыгы (11%). Бул азыркы мектеп окуулуктарынын чоң кемчилдиги. «Адабий окуу» китептеринде текст көп берилет да, ошол текст менен иштөө тапшырмалары, суроолор ж.б. көнүгүүлөр тексттин көлөмүнөн аз болот. Тексттин ичинде (подтексттерде) текстти токтотуп туруп, окуучуга суроо узатуу, же бир маалыматтарды кыстара кетүү, иллюстрациялоо ж.б. чыгармачылык иштер көп практикаланбайт. Окуу китептеринин ушул кемчилдиктерин авторлор түзөтүү менен аны ар бир мугалим сабак процессинде оңдоп кетүүгө тийиш.

*Алтынчысы* – мугалимдердин өздөрүнүн чыгармачылык компетенттүүлүк тууралуу түшүнүктөрүнүн анчалык жогору эместиги 6%. Бул кемчилдик

жогорудагы башка кемчилдиктер менен байланышта келип чыгат. Өз чыгармачылык ишмердүүлүгүндө мугалим жогорку окуу жайынан, методикалык адабияттардан алган компетенттүүлүктөрүн гана пайдаланбастан күндөлүк иш-тажрыбасында да аларды улам өнүктүрүп турат, бул жерде ошол ишмердүүлүктүн жетишсиздиги айтылат жатат.

Тажрыйбанын аныктоочу этабында «Адабий окуу» сабагындагы башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн деңгээлдери аныкталды. Бул байкоо жана тажрыйба тобу бөлүнө элек баскычта жогорудагы деңгээлди аныктоо үчүн жалпы 189 окуучуну катыштырып төмөнкүдөй баалоо чен-өлчөмдөрүн (критерийлерин) пайдаландык:

- окуучулардын адабий көркөм текстти чыгармачылык менен кабыл алуу деңгээлдери (тексттин жактарын өзгөртүү; тексттин түрлөрүн, мисалы, ырды карасөзгө айлантып жазуу; тексттин жанрларын өзгөртүп айтып же жазып берүү, мисалы, аңгемени жомокко, жомокту аңгемеге айлантуу ж.б.;
- окуучулардын көркөм текстти окуп, түшүнүү боюнча тест тапшырмаларын аткаруусу;
- окуучулардын тексттин негизинде оозеки сүйлөп берүүсүндөгү чыгармачылык жетишкендиги;
- адабий көркөм тексттерди чыгармачылык менен талдоосу;
- окуган чыгарманын негизинде чыгармачылык жазуу ишмердүүлүгү ж.б.

Бул деңгээлди аныктоонун методдору: жөнөкөй тест, байкоо; анкета; сабактарга анализ; анализ жана синтез; дил баян; эссе; сурамжылоо ж.б.

Мына ушундай жөнөкөй сынактарды жүргүзүү процессинде окуучулардын адабий көркөм текстти талдоо процессинде чыгармачылык ишмердүүлүгүн 10 баллдык баалоо системасы менен аныктап, жыйынтыгын үч деңгээлде: жогорку, ортоңку, төмөнкү деңгээлдерде көрсөттүк.

**Таблица 2.2.2.3. – Эксперименттин аныктоочу этабында окуучулардын көркөм текстти талдоо процессиндеги чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн деңгээли (пайыз менен)**

| деңгээлдер | критерийлер | пайыз |
|---|---|---|
| **жогору (8-10 балл)** | окуучу көркөм адабий тексттен окуганын түшүнөт жана башкаларга түшүндүрө алат;<br>окуучу текстке чыгармачылык менен мамиле кылат, б.а., тексттин идеясын, темасын, каармандарын жакшы билет;<br>окулган текстти өзүнүн жеке жашоосу менен байланыштыра алат;<br>текстти өзгөртүп (жактарын, жанрларын, тектерин) айтып жана жазып бере билет;<br>чыгарманын негизинде баяндама, дил баян, эссе жаза алат;<br>көркөм тексттин тилин толук түшүнө билет;<br>тексттеги түшүнүксүз сөздөрдүн маанилерин сөздүктөр аркылуу, же бирөөлөрдөн сурап-билүү жолу меенн таба алат;<br>чыгарманын негизинде кеңири жана кыскартылган түрдө сүйлөп жана жазып бере алат;<br>тексттин негизинде жөнөкөй жана татаал план түзө билет ж.б. | 25% |
| **орто (4-7 балл)** | окуучу көркөм адабий тексттен окуганын түшүнүүдө жана башкаларга түшүндүрүүдө айрым бир жетишпестиктерге учурайт;<br>окуучу текстке чыгармачылык менен мамиле кылууда б.а., тексттин идеясын, темасын, каармандарын жакшы билүүдө кээ бир так эместиктерди кетирип коёт; | 46% |

| | | |
|---|---|---|
| | окулган текстти өзүнүн жеке жашоосу менен байланыштырууда бир аз кыйынчылыкка кабылат;<br>текстти өзгөртүп (жактарын, жанрларын, тектерин) айтып жана жазып берүүдө анча-мынча так эместиктерди кетирет;<br>чыгарманын негизинде баяндама, дил баян, эссе жазууда бир аз жетишпестиктерге учурайт;<br>көркөм тексттин тилин айрым бир учурларда толук түшүнө албай калат;<br>тексттеги түшүнүксүз сөздөрдүн маанилерин сөздүктөр аркылуу, же бирөөлөрдөн сурап-билүү жолу меенн табууда так эместиктер кетирет;<br>чыгарманын негизинде кеңири жана кыскартылган түрдө сүйлөп жана жазып берүүдө айрым бир кемчилдиктерди кетирет;<br>тексттин негизинде жөнөкөй жана татаал план түзүүдө бир аз так эместиктерге учурайт ж.б. | |
| **төмөн**<br>**(4 баллдан аз)** | окуучу көркөм адабий тексттен окуганын түшүнбөшү;<br>окуучу тексттеги идеяны, теманы, каармандарын толук билбейт;<br>окулган текстти өзүнүн жеке жашоосу менен байланыштыра албайт;<br>текстти өзгөртүп (жактарын, жанрларын, тектерин) айтып жана жазып бере албайт;<br>чыгарманын негизинде баяндама, дил баян, эссе жаза албайт;<br>көркөм тексттин тилин толук түшүнө билбейт; | 29 % |

| | | |
|---|---|---|
| | текстстеги түшүнүксүз сөздөрдүн маанилерин сөздүктөр аркылуу, же бирөөлөрдөн сурап-билүү жолу менен таба албайт; чыгарманын негизинде кеңири жана кыскартылган түрдө сүйлөп жана жазып бере албайт; тексттин негизинде жөнөкөй жана татаал план түзө билбейт ж.б. | |

Мына ушул көрсөткүч биздин кандай багытта иштөө керектигибизди аныктады, биздин максат 29% көрсөткүчтү (төмөнкү деңгээл) азайтып, 25%ды (жогорку деңгээл) көбөйтүү болду.

Эксперменттин экинчи этабы ошол максатты ишке ашырууга багытталды.

**Таблица 2.2.2.4 – Эксперименттин изденүүчү (калыптоочу) этабы (2020-2021-жж.)**

| | |
|---|---|
| **максаты** | сунуш кылган методикалык ыкмаларыбыз эксперименталдык класстарда колдонулду, жарактуулугу текшерилип, окутуу процессине майнаптуулугу аныкталды. |
| **милдети** | окуучулардын адабий көркөм текстти талдоо процессинде чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүп, компетенттүүлүгүн калыптоо үчүн кандай теориялык жана практикалык жардамдар зарыл экендигин аныктоо; окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн сабак процессинде колдонулуучу материалдардын мазмунун жана формасын, каражаттарын туура табуу. |
| **методдору** | анализ; синтез; байкоо; жазуу иштерин талдоо; оозеки жоопторду баалоо; салыштыруу; жалпылаштыруу; |

| | |
|---|---|
| | баарлашуу; анкетирлөө; тест; сурамжылоо; сабактарга катышуу, мугалимдер жана ата-энелер менен сурамжылоо жүргүзүү ж.б. |
| **натыйжалары** | көркөм адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүчү негизги материалдар табылды.<br>окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн жогорулатуу багытында мугалимдер үчүн сунушталуучу суроо-тапшырмалар, тесттер изилденип, аныкталды.<br>көркөм адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүчү оптималдуу методдор жана каражаттар белгилүү болду. |

Бул этапта башталгыч класстарда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү үчүн эксперименталдык класстарда төмөнкүдөй ыкмалар, жолдор, каражаттар колдонулду.

1. «Адабий окуу» сабагынын ар бир бөлүгүн окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы суроолор жана тапшырмалар менен камсыз кылууну уюштурдук.

2. Сабактарда жана кошумча окуу учурунда интернет булактарынан тажрыйбалуу мугалимдердин иш-тажрыйбалары чагылдырылган аудио жана видео материалдарды колдондук.

3. Мугалимдерге «Адабий текст», «Окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү», «Чыгармачылык компетенттүүлүк» деген түшүнүктөр боюнча илимий адабияттардын негизинде кыскартылып, конспектиленген китепчелер сунушталды.

4. Окуу программасына кирбеген кээ бир чыгармаларды үйдө кошумча окуу кеңири практикаланды жана аларды талдоо жумуштары уюштурулду.

5. Мугалимдер менен көркөм адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча ачык сабактар, семинарлар, тренигдер, конференциялар, методикалык талдоолор өткөрүлдү.

6. Педагогикалык жогорку окуу жайларынын башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоочу бөлүмдөрү үчүн «Башталгыч класстардын адабий окуу предметинде окуучулардын чыгармачылык иштери» деген темада атайын курс өтүү сунушталды.

7. Эксперименталдык класстарда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн мультфильмдер, окуу фильмдер, аудиовидео материалдар, роликтер, обондуу ырлар, слайддар, интерактивдүү оюндар ж.б. интернет ресурстары тандалып, аларды мугалимдерге пайдалануу үчүн сунуш кылдык ж.б.

8. Эксперименталдык класстардын мугалимдери үчүн биздин изилдөө проблемабызга ылайык 46 сабактын иштелмелери, план-конспектилери таркатылып, алардын натыйжалуулугу мезгил-мезгили менен текшерилип турду жана атайын ушул тема боюнча «Адабий окуу» сабагында текст менен иштөөдөгү жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары» деген темада методикалык колдонмо жаздык жана аны мугалимдерге тараттык.

9. Көркөм адабий текстти талдоодо мугалим менен окуучунун чыгармачылык байланышын заманбап талаптарга ылайык уюштурулду.

10. Эксперименталдык класстарда көркөм чыгарманы окутуунун жана талдоонун инновациялык технологиялары: диспут-сабак; сабак-саякат; сабак-сахна; сабак-оюн; топтор менен иштөө; изилдөө ж.б. көбүрөөк колдонулду.

11. Көркөм чыгармалардан негизинде окуучулар өздөрү сүрөт тартып, слайд жасоо ишмердүүлүгүн жүргүздү.

**2.2.2.2. Эксперименттердин жүрүшү жана жыйынтыктары**

Ош шаарындагы №42 «Керме-Тоо» мектеп-гимназиясында, №18 А.Навои атындагы мектеп-лицейинде, «Жетиген» мектеп-лицейинде жана Ош областынын Кара-Суу районундагы Сыдык Алайчы атындагы мектеп-гимназиясында 2018-2022-жылдарда үч этапка белгиленген экспери менттин 3-этабы 2021-2022-жылдарда жыйынтыкталып, 2023-жылда айрым бир түзөтүүлөр, толуктоолор киргизилди.

**Таблица 2.2.2.2.1 – Эксперименталдык иштин үчүнчү – текшерүүчү этабы (2021-2022-жж.)**

| | |
|---|---|
| **максаты** | «Адабий окуу» предметинен окуучулардын адабий көркөм текстти талдоо процессинде чыгармачылык компетенттүүлүгүн өркүндөтүү боюнча методикалык сунуштарды андан ары толуктап, мугалимдерге бул багытта конкреттүү сунуштарды берүү |
| **милдети** | окуучулардын адабий көркөм текстти талдоо процессинде чыгармачылык компетенттүүлүгүн өркүндөтүү багытында иштелип чыккан сабактардын үлгүлөрү боюнча сабактарды өтүү, аларды талдоо; проблема боюнча илимий-методикалык макалаларды жазууну улантуу, темада айтылган сунуштарды апробациялоо; окуучуларынын чыгармачылыгын өркүндөтүү боюнча материалдарды тандоо, аларды колдонуу, жыйынтыгын үйрөнүү; башталгыч класстын мугалимдерине теориялык жана практикалык жардам катары ачык сабактарды, тренингдерди, семинарларды, диспуттарды уюштуруу жана өткөрүү ж.б. |
| **методдору** | анализ; синтез; салыштыруу; тест; жалпылаштыруу; баарлашуу; дил баян; эссе; анкетирлөө; сабактарга |

| | |
|---|---|
| | катышуу; мугалимдер жана окуучулар менен сурамжылоо жүргүзүү ж.б. |
| **натыйжалары** | окуучулардын адабий көркөм текстти талдоо процессинде чыгармачылык компетенттүүлүгүн өркүндөтүү багытында иштелип чыккан биздин методикалык сунуштарды, каржаттарды максатка ылайык кеңири колдонуу мектеп практикасында эффективдүү болору тастыкталды;<br>мугалимдердин окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча иш-аракеттери активдешти;<br>окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн деңгээли бир кыйла жогорулагандыгы байкалды. |

Эксперименттин жыйынтыгы төмөнкүдөй формаларда текшерилип, бааланды:

- окуучулардын анкеталарга берген жооптору;
- мугалимдер жана окуучулар менен баарлашуу, алардын чыгармага берген пикирлерин талдоо;
- сабактарга катышуу;
- окуучулардын жазма иштерин (көнүгүү, аңгеме, макала, эссе, дил баян, баяндама ж.б.) анализдөө;
- контролдук жана эксперименталдык топтордун китепканалар менен байланышын изилдөө;
- тест жүргүзүү ж.б.

Эксперименттин жыйынтыгын так алуу үчүн төмөнкүдөй чен-өлчөмдөрдү (критерийлерди) колдондук:

- окуучулардын көркөм чыгармалардын мазмунун, темасын, идеясын туура белгилей алышы;

- окуучулардын чыгармадагы каармандарды мүнөздөй алышы;
- окуучулардан класстан тышкаркы окуп жаткан китептеринин сапаты, деңгээли, б.а, алардын окурмандык кызыгууларынын эстетикалык табитке ылайык келиши;
- жазуу жана оозеки кебинин байлыгы;
- чыгарманы талдоо жана баа берүү компетенттүүлүгүндөгү чыгармачылык мамиленин катышы;
- өздөрүнүн чыгарма жаза билиши;
- көркөм текстти өздөштүрүп жаткандыгынын белгиси катары ошол текстиге карата план түзүүсү, текстти кыска жана кеңейтип айтып бере алуусу ж.б.

2018-2019-жылдарда биз болжолдуу түрдө гана класстарды экиге ажыраттык: контролдук (к/т – контролдук топ) жана эксперменталдык (э/т – эксперменталдык топ) деп. Булардын ичинен бул мезгилде экспериментaлдык класстарга (топторго) атайын тапшырмалар берилген жок, эки класс тең бирдей эле каралды. Ошол мезгилдеги жыйынтык төмөнкүдөй болду.

**Таблица 2.2.2.2 – Көркөм адабий текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун деңгээли (экспериментке чейинки этап, б.а., 2018-2019-жылдар)**

| **мектеп** | **класс түрү** | **Окуучу саны** | **баалар** | | | | **көрсөткүч** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | **билим сапаты (%, сан м-н)** |
| Ош шаарындагы №42 «Керме-Тоо» мектеп-гимназиясы | э/т. | 78 | 21 | 24 | 24 | 9 | 57,7% (45) |
| | к/т. | 78 | 22 | 23 | 25 | 8 | 57,7% (45) |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп-лицейи | э/т. | 56 | 15 | 18 | 14 | 9 | 58,9% (33) |
| | к/т. | 56 | 14 | 21 | 14 | 7 | 62,5% (35) |
| Ош шаарындагы «Жетиген» мектеп-лицейи | э/т. | 68 | 13 | 20 | 27 | 8 | 48,5% (33) |
| | к/т. | 68 | 14 | 19 | 26 | 9 | 48,5% (33) |
| Кара-Суу районундагы Сыдык Алайчы атындагы мектеп-гимназиясы | э/т. | 64 | 10 | 21 | 21 | 12 | 48,4% (31) |
| | к/т. | 64 | 11 | 22 | 21 | 10 | 51,6% (33) |
| **Жыйынтыгы:** | э/т. | 266 | 59 | 83 | 86 | 38 | 53,4% (142) |
| | к/т | 266 | 61 | 85 | 86 | 34 | 54,9% (146) |

Бул этапта эксперименталдык топко 266 окуучу алынса, контролдук (байкоо) тобуна да ошончо эле 266 окуучу алынды. Биз сапаттык көрсөткүч деп «5» жана «4» деген баа алгандарды эсептедик. Ошондо эксперимент тобунда 142, контролдук топто 146 окуучу сапаттык жогорку деңгээлге жетишти. Мында болгон айырма 4 окуучуну гана түздү.

Эксперименттин жүрүшүнүндө адабий тексттерди талдоо ишмердүүлүгү окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багытталды. Мисалы, 2-класстын «Адабий окуу» предметиндеги бир сабактын жүрүшүн карап көрөлү.

**Сабактын темасы: «**Баарынан эмне күлүк?» (кыргыз эл жомогу)

**Сабактын максаты:**

- жомоктун мазмуну менен таанышышат, ойдун күлүктүгү жөнүндө маалымат алышат, сүйлөмдөрдү толукташат.
- окуучулардын таанып билүү, шар окуу, божомолдоо жана жазуу көндүмдөрү өнүгөт.

- окуучулар ынтымактуу, акылдуу болууга тарбияланышат, сынчыл ой жүгүртүп, өз пикирлерин далилдүү айтып, сабаттуу жаза билүүгө шыктанышат, чыгармачылык компетентүүлүгүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Көрсөткүчтөрү:**

- жомоктун мазмунун айтып бере алышса;
- жомоктун текстин шар окуй алышса;
- берилген суроолорго божомолдоолорду туура жүргүзө алышса;
- берилген эрежеге таянуу менен жазуу тапшырмаларын аткара алышса;
- топто активдүү иштей алышса;
- ынтымактуу, бирдиктүү болуп, өз пикирлерин чыгармачылык менен далилдүү айта алышса.

**Негизги компетенттүүлүктөр:**

1. Маалыматтык компетенттүүлүк (НК1)
2. Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк (НК2)
3. Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү (НК3)

**Предметтик компетенттүүлүктөр:**

1. Тексттин көркөм тилин талдай алуу компетенттүүлүгү (ПК3)
2. Тексттеги сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн маанилерин түшүнүү жана түшүндүрө билүү компетенттүүлүгү ( ПК4)
3. Туура окуу, түшүнүп окуу, адабий-теориялык түшүнүктөр жана терминдер менен иштей алуу компетенттүүлүгү (ПК5)

**Сабактын түрү:** Интерактивдүү сабак

**Сабактын тиби:** Жаңы билимдерди өздөштүрүү сабагы.

**Сабакта колдонулуучу усулдар:** жупта иштөө, «Чыгарманын айлампасы» ыкмасы, «Божомолдоо боюнча иштин ар түрдүү ыкмалары» стратегиясы жана Шульте таблицасы.

**Сабактын жабдылышы:** Китептер, таркатуучу материалдар, ребус, слайд, сөздөр ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу:** Саламдашуу. Жагымдуу маанай каалоо.

Дайым ачык кабагым, дайым даяр сабагым.

Саламатчылык каалаймын, саламатсыңарбы, балдарым?

**2. Жаны темага божомолдоо жана ырды толуктоо жүргүзүү.**

**1-кадам:** Сүйлөмдөрдөгү калтырылган сөздөрдү толуктагыла. Окуучулар слайдда көрсөтүлгөн төмөнкү сүйлөмдөрдү хор айтуу ыкмасы менен сабактын темасын божомолдошот жана сүйлөмдөрдү толукташат..

Эң.............эмне?

Баарынан эмне.................?

Дүйнөдө эмне........?

(Тиешелүү сөздөрдү коюшат: таттуу, күлүк, күчтүү)

**2-кадам: Жупта иштөө. «Шульте таблицасы»** ыкмасы. Окуучулар таблицадагы сандар аркылуу, алфавиттеги тамгалардын катар номерин таап сөз курашат.

| 1 | 12 | 32 | 13 | 5 | 23 | 23 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| а | к | ы | л | д | у | у |

**3-кадам: «Мээ чабуулу»: Мугалим окуучуларга проблемалуу кырдаалдарды чечүү үчүн төмөндөгүдөй суроолорду берет:**

- «Күлүк» деген эмне?
- Адамдардын негизги акылдуулугу, күчтүүлүгү эмнеде?
- Темабыздын аталышы «Баарынан эмне күлүк?». Мында эмнелер жөнүндө сөз болот деп ойлойсуңар?
- Кандай окуялар болушу мүмкүн?
- Акылмандуулук деген эмне?
- Акылмандуулукту билдирген сөздөргө сүйлөм түзгүлө?

**«Божомолдоо боюнча иштин ар түрдүү ыкмалары» стратегиясы.**

**4-кадам:** Окуучуларга жумушчу барак таркатылат (1-тиркеме)

Теманын мазмунун түшүндүрүүдөн мурун окуучулар билдирүүлөргө тема боюнча билгендерин жазышат. Андан соң жомоктун текстинин мазмуну менен таанышышат.

**3. Жаңы тема: «Баарынан эмне күлүк?»**

**5-кадам: «Баарынан эмне күлүк?»** жомогун көрсөтмөлүү окуйт.

Илгери-илгери хандын баласы болуптур. Ал бойго жетип, үй-бүлө курар мезгили келип калган. Атасы дагы уулуна өз хандыгынан эң акылдуу бир кызды таап, ошого үйлөнтөйүн деген ойго келет. Баласы макул болот.

Бир күнү хан өз элине мындай деген жардыгын айтат:

- Мен калкымдын кыздарына мындай деген үч суроо берем:

Биринчи суроом: дүйнөдө эмне таттуу?

Экинчи суроом: дүйнөдө эмне күлүк?

Үчүнчү суроом: дүйнөдө эмне күчтүү?

Кимде-ким ушул суроолоруma туура жооп тапса, ошол кызды уулума колуктулукка алып берем.

Хандын бул жардыгын бүт элге таратуу үчүн чабармандар чар тарапка аттанышат.

Кеп өтпөй, байлардын «мен акылдуумун», «мен сулуумун» деген кыздары: «Ханым, сиздин суроолуздун жандырмагын мен таптым», - деп келе башташат.

Байдын кыздары менен бирге бир кедейдин да кызы келет. Байдын кыздары куур тон кийген кедейдин кызын теңине албай: «Биз турганда сага эмне бар? Сени хандын уулу карап да койбос. Бекер убара болбо», - дешет. Бирок кедейдин акылдуу кызы: «Эжекелер, мени да ээрчите баргылачы. Мен жөн эле карап отурайын», - дейт.

Ошентип, кыздар хан менен анын уулунун алдына келишет.

Ханым, сиздин суроолуздун жообун мен таптым, - дейт биринчи кыз.

-Дүйнөдө эң эле таттуу нерсе – сиздин аарыларыңыздын балы. Эң күлүк нерсе – сиздин тайгандарыңыз, эң күчтүү – сиздин өгүздөрүңүз.

Хан биринчи кыздын жоопторун жактырбай, экинчи кыздын жообуна кулак түрдү:

- Менин жообум мындай: дүйнөдө эн, таттуу нерсе – өмүр, эң күлүк нерсе – сиздин аргымактарыңыз. Дүйнөдөгү эң күчтүү – сиздин топоздоруңуз, - деди.

Бул кыздын жообун дагы хан жактырбады. Ошондо баягы куур тончон кедейдин кызы:

Ханым, суроонузга мен жооп айтсам болобу? - деди сүрдөп, тайсалдап.

Хан уруксат берди.

Ханым, биринчи сурооңузга жообум: дүйнөдө – эң таттуу нерсе – тил, тилден таттуу да, тилден ачуу да эч нерсе жок. Экинчи сурооңузга жообум: дүйнөдө эң күлүк нерсе – ой. Ой менен заматта каалаган жериңе барасың да, кайра келесиң. Үчүнчү сурооңузга жообум: дүйнөдө – жер күчтүү. Жер баарын көтөрүп турбайбы.

Хан кедейдин акылдуу кызынын жоопторун жактырып, аны уулуна алып берген экен[1, 180 б.].

**6-кадам: Мугалим текстти окуп бүтүп, окуучуларга төмөндөгүдөй суроолорду берет.**

- Бул жомок жөнүндө эмне айта аласыңар?
- Силерге тааныш болбогон жана чечмелеп түшүндүрүүнү керектеген сөздөр кайсылар?
- Хан элине кандай деп жарлык айтыптыр?
- Хандын табышмагынын жообун айтуу үчүн кимдер келишти?
- Байдын сулуу кыздарынын жоопторун хан эмне үчүн жактырган жок?
- Кедейдин кызынын жооптору туура экенин эмне менен түшүндүрсө болот? Ойлонуп көргүлөчү?
- Хан эмне үчүн өзү хан болсо да уулуна кедейдин кызын алып берди?
- Адам байлык жана бийлик менен бактылуу боло алабы?
- Бактылуу үй-бүлө деп силер кандай үй-бүлөнү айта аласыңар?

**4. Сөздүк жумуштарын жүргүзүү**

**7-кадам:**

күлүк – ылдам деген мааниде

калкымдын – элимдин

теңине албай – тоготпой

куру тон – эч нерсе менен кооздолбогон, жупуну деген маанини түшүндүрөт.

**5. Сабакты бышыктоо:**

**8-кадам:** Теманын мазмуну талкууланган соң «Божомолдоо боюнча иштин ар түрдүү ыкмалары» стратегиясынын билдирүүлөрүнө кайра кайрылышат да далилдерди келтиришип, окуганга чейинки жана окугандан кийинки далилдерди салыштырышат.

**6. Сабакты жыйынтыктоо:**

**9-кадам:** Топтор боюнча кедей кыздын үч суроого берген жоопторун бөлүп, таап окуп, жооптордун тууралыгын жана кыздын акылдуулугун далилдешет.

**7. Баалоо: Өзүн-өзү баалоо баракчасы** (2-тиркеме)

**8. Үйгө тапшырма:**

1. Жомоктогу кыздардын мисалында кандай кыз адептүү жана кандай кыз акылдуу болорун сыпаттап жазуу менен кластер түзгүлө.

2. Ой, акылдуулук, адептүүлүк тууралуу макалдарды таап келгиле.

Окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн активдүү калыптандыруу үчүн көркөм текстти окуу учурунда *окуунун төмөнкүдөй формаларына* артыкчылык бердик:

- үлгүлүү окуу;
- биргелешип (топтолуп) окуу;
- башкарып окуу;
- өз алдынча окуу.

Мындай чыгармачылыктар **окуу учурундагы этапта** төмөнкүлөрдү шарттайт:

- тексттин негизги маалыматына көңүл буруу;
- тексттин негизги бөлүктөрүнө көңүл буруу;
- тексттеги автор айткан негизги ой (чыгарманын идеясы) эмне экенин аныктоо;

- тексттеги автор негизги ойду айтуу үчүн кайсыл окуяны, учурду (чыгарманын темасы) колдонуп жатканын билүү;
- текстти окуганга чейинки болжолдоолорун текшерүү жана тактоо;
- тексттеги башкы идея менен негизги окуялардын байланышын, карым-катышын табуу;
- текстке карата суроо коюу;
- текстти визуалдаштыруу ж.б.

Биз адабий чыгармаларды талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн төмөнкүдөй стратегияларды пайдаландык:

*Визуалдаштыруу стратегиясы:* чыгарманын негизинде өз алдынча кыялдануу, башка бир дүйнөгө чыгып, кыялында окуяларды, каармандарды элестетүү.

*Жоромолдоо (божомолдоо) стратегиясы:* текстти окуу учурунда же окугандан кийин окурмандын ошол тексттин негизинде жыйынтык чыгаруусу.

*Суроо коюу стратегиясы:* автор менен окуучу баарлашууга чыгат, б.а., окуучу авторго суроо берет да, жообун тексттин ичинен жана подтексттен табат.

*Үн чыгарып ой жүгүртүү стратегиясы:* мында окуган тексти боюнча түшүнүгүн үнүн чыгарып айтып берет (ичтен эмес).

**Окугандан кийинки** этапта төмөнкүдөй стратегиялар колдонулат: *Түшүнгөнүн айтып берүү стратегиясы:* окуган текстти окуучу сөзмө-сөз же жалпы маанисин түшүнгөнү боюнча төрт түрдө (толук айтуу; тандап айтуу; кыскартып айтуу; чыгармачылык менен өркүндөтүп айтуу).

*Жалпылоо стратегиясы:* окуган тексттен алган маалыматты жалпылап өз сөзү менен ой жүгүртүү, алымча-кошумча киргизип айтып берүү

*Байланыш түзүү стратегиясы:* окурман тексттен алган маалыматтарды коом менен, өзүнүн жеке турмушу, башка адамдардын тагдыр-таржымалы менен байланыштырат. Бул окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ болот.

*Окуган чыгармасын талдоо стратегиясы:* текстти дагы терең түшүнүү үчүн анын айланасында ой жүгүртүү, идея-темасын ачуу, каармандарды, окуяларда салыштыруу, образдарга баа берүү, проблематикасын көрсөтүү. *Окуганын түшүнгөнүн баалоо стратегиясы:* тексттин мазмун жана формасына, каармандардын образына, тилине карата рефлексия жана ошолорго берилген окуучунун баасы.

*Китеп менен тааныштыруу стратегиясы:* китептин авторун, аталышын, иллюстрацияларын үйрөнүү, форматын жана жанрын аныктоо.

*Буга чейинки тажрыйбаларын жана билимдерин активдештирүү стратегиясы:* текст менен таанышуу процессинде же андан кийин окуучу ошол чыгармада чагылдырылган окуяларды, каармандарды өзү көрүп билген окуялар, каармандар менен салыштырат.

Мындан башка да колдонулган стратегиялар:

Сүйлөм: түзүү, жайылтуу, бириктирүү стратегиясы

Окуган чыгармага пикир жазуу стратегиясы

«Макта, сура, оңдо» стратегиясы

«Race» стратегиясы ж.б.

*(Биз мына ушул стратегиялар боюнча сабактардын моделдерин иштеп чыгып, аларды өзүнө методикалык колдонмо катары даярдадык жана айрымдарын диссертациясын тиркемесинде сунуш кылдык).*

Мындай методикалык ыкмалары биздин эксперименталдык класстарда колдонулду жана анын оптималдуулугу төмөнкү таблицада чагылдырылды.

**Таблица 2.2.2.3 – Эксперименттин жыйынтыгында окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн деңгээлдери**

| Контролдук топ (266 окуучу) | | | Эксперименттик топ (266 окуучу) | | |
|---|---|---|---|---|---|
| төмөнкү | ортоңку | жогорку | төмөнкү | ортоңку | жогорку |
| 21% | 53% | 26% | 13% | 53% | 34% |

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, эксперименттин 3-этабынын жыйынтыктары боюнча төмөнкү деңгээл контролдук топто 21% болсо, эксперимент тобунда 13% болуп, айрыма эксперимент тобунда 8%га аз болду, ортоңку деңгээл эки топто тең бирдей (53%дан) болуп, жогорку деңгээл контролдук топто 26% болсо, эксперименттик топто 34% болуп, айырма 8%ды түздү.

Эксперименталдык топтор менен контролдук топтордун айырмаларын аныктоо үчүн төмөнкүдөй чен-өлчөмдөр (критерийлер) эске алынды.

1. Тексттин негизинде түзүлгөн проблемалык суроолорго окуучулардын чыгармачылык менен жооп берүүсү.

2. Текстти талдоодо окуучулардын өз алдынчалуулугу.

3. Текстке окуучунун чыгармачылык мамилеси.

4. Адабий көркөм текстке окуучунун өз көз карашын билдирүүсү.

5. Окуучунун текстти турмуш менен, коом менен байланыштары алышы.

6. Тексти окуучу өз жашоосу, өзүнүн максат-тилеги менен салыштыра билүүсү ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, көркөм адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча биздин мугалимдерге сунуш кылган жолдорубуз жана ыкмаларыбыз оптималдуу экендиги педагогикалык экспериментте тастыкталды.

## Экинчи бап боюнча корутунду

**«Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталган экинчи баптын *«Илимий изилдөөнүн материалдары»* деп аталган биринчи параграфында изилдөөнүн материалы катары КР Билим берүү мыйзамы, Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жана ага ылайык түзүлгөн окуу программалары менен II-IV класстардын «Адабий окуу» китептеринде сунушталган адабий көркөм тексттер болду. II-IV класстарда окуу планында ар бир класста жумасына төрт саат, бир жылда 136 саат, мектепте бул предметке жалпы 408 саат бөлүнгөн. Класстарга альтернативдүү экиден окуу китеби колдонууга сунушталат, бул болсо мугалимге бирин тандоо укугун берип, же болбосо эки окуулукту тең чыгармачылык менен пайдаланууга шарт түзөт. Ал окуу китептери: А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу» жана Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу» (II класстар). А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу», С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу» (III класстар). А.Токтомаметов «Адабий окуу» жана С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова «Адабий окуу» (IV класстар).

Биздин диссертациялык эмгегибиз ушул окуу китептеринде берилген адабий тексттерди окутуу процессине жана ошол процесс аркылуу окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өстүрүү методикасын өркүндөтүүгө арналды.

Көркөм тексттер окуучулардын чыгармачылыгын жогорулатууга шарт түзүп, балдарын акыл-сезимин, эмоциясын, эстетикалык табитин өстүрүп, аларды оң адептик-руханий сапаттарга тарбиялоого ылайыкташкан. Башталгыч класстарда адабий окуу үчүн берилген көркөм тексттердин 90 пайызы адабий көркөм тексттер (негизинен проза жана поэзия тегинде), ал тексттер балдардын курактык психологиясына, кызыгууларына дал келет жана мугалимдин окуучулар менен чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү багытында

иштөөгө жардам берет, ал тууралуу ушул параграфта материалдарды изилдеп, жыйынтык чыгардык.

2-параграф *«Изилдөөнүн методдору»* деп аталып, анда изилдөө методдорубузду социологиялык жөнөкөй методдор: аңгемелешүү; анкета жүргүзүү; интервью алуу; тест; окуу-нормативдик материалдарга талдоо берүү ж.б., жалпы логикалык методдор: анализ жана синтез, предметти жекелештирүү жана жалпылоо, предметти салыштыруу, предметти моделдөө, теманы долборлоо ж.б.; темага тиешелүү методологиялык багыт берүүчү илимий адабияттарды анализдөө жана аларга обзор берүү; педагогикалык процессти байкоо; сабактарга катышуу жана аларды жыйынтыктоо; алдыңкы мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөнүү жана аларды иште чагылдыруу ж.б.; педагогикалык тажрыйба деген методдорду колдонгондугубузду көрсөттүк. Бул методдор ишибиздин максатын, милдеттерин аныктап, гипотезабызды далилдөөгө толук жардам берди. Ар бир методду кайсыл учурда, кандайча колдонгондугубуз тууралуу ушул бөлүмдө сөз кылдык. Илимий булактарды изилдөө методу, аңгемелешүү, окуучулардын жазуу жумуштарын жүргүзүү жана анализдөө методу (аңгеме, жомок, эссе жана дил баян жазуу ишмердүүлүгү), байкоо, анкеттөө, тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу методу тууралуу конкреттүү жүргүзүлгөн иштерге баяндама берилип, теманын модели жана компоненттери түзүлдү.

*«Эксперимент методу», «Эксперименттердин жүрүшү жана жыйынтыктары» аттуу параграфтарда* башталгыч класстарда көркөм тексттерди окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүгө багыттап окутуунун методикасы боюнча изилдөөбүздүн максатына жана милдеттерине, эмгектин ырааттуулугуна ылайык аныкталган моделди жана жалпы сунуштарды педагогикалык процессте эксперимент методу аркылуу текшерүүнүн зарылдыгы, анын максаттары, методдору, этаптары көрсөтүлдү. Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош шаарындагы №42 «Керме-Тоо» мектеп-гимназиясы, №18 А.Навои атындагы мектеп-лицейи; «Жетиген» мектеп-лицейи, Ош областынын Кара-Суу районундагы Сыдык Алайчы

атындагы мектеп-гимназиясы алынды. Аларды тандоонун критерийлери көрсөтүлдү. Эксперименттин аныктоочу этабы менен жыйынтыктоочу этабы салыштырылып, алар таблица түрүндө берилди. Көркөм чыгармаларды талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн эффективдүү ыкмалары тастыктады. Ал тастыктоо математикалык-статистикалык методдор менен иште чагылдырылды. Экспериментaлдык топтор менен контролдук топтордун айырмаларын аныктоо үчүн пайдаланылган критерийлер катары булар көрсөтүлдү: проблемалык суроолорго окуучулардын чыгармачылык менен жооп берүүсү; талдоодо окуучулардын өз алдынчалуулугу; текстиге окуучунун чыгармачылык мамилеси; чыгармага өзүнүн жеке көз карашын билдирүүсү; тексти өзү жана жалпы турмуш менен байланыштыра билиши ж.б.

Бул главанын жыйынтыгы боюнча көркөм адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча биз сунуш кылган технологиялар башталгыч класстарда колдонууга ылайыктуу экендиги далилденди.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН АДАБИЙ КӨРКӨМ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ ПРОЦЕССИНДЕ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ

## 3.1. «Адабий окуу» сабагында жомокторду чыгармачылык компетенттүүлүккө таянып үйрөтүүнүн майнаптуу технологиялары

Жомок – кыргыз оозеки чыгармачылыгында да, жазма профессионалдык адабиятта да кеңири тараган жанр болуп, ал проза (кара сөз), поэзия (ыр, поэма), драма түрлөрүндө да кездешет. Адабиятчылар жомокторду тематикасына карай болжолдуу түрдө үчкө ажыратат:

*Биринчиси* – айбанаттар тууралуу жомоктор, аларды тамсилдер деп да атоого болот, б.а., мындай жомоктор көп учурда тамсилдер сыяктуу аллегориялык каармандар аркылуу адамдарды каймана түрүндө беришет.

*Экинчиси* – кереметтүү-укмуштуу окуялар тууралуу жомоктор. Алардын каармандары бул дүйнөдө жашабаган, реалдуулукта кездешпеген жандыктар (дөө, сыйкырчы, пери, жети баштуу желмогуз, алп кара куш ж.б.) жана буюмдар (учуучу килем, дүйнөнү көрсөтчү күзгү ж.б.) болот да, каармандар бир күнү чөлдө, бир күнү көлдө, бир күнү жер астында, бир күнү асманда жүрө берет, алар оңойлук менен жеңилбейт, аларды өлтүрүү да мүмкүн эмес, өлгөн кезде да кайра тирилип кете берет ж.б.

*Үчүнчүсү* – турмуштук жомоктор, алардын каармандары бизге жакын адамдар (хан, кедей бала, дыйкан, койчу, сулуу кыз ж.б.) болуп, сүрөттөгөн окуялары турмуштан эле алынган сыяктанат.

Жомоктор – адамдын күчү, колу жетпеген нерсенин алдында алсыздык кылып, анан ушундай болсо деген тилек-максатынын продуктусу. Жомокчунун кыялы менен болбогонду болтуруп, дүйнөнү айландырат, сүйлөбөгөндү сүйлөтөт, ташты да, атты да, адамды да каалагандай учурат, каалаган жерге кондурат ж.б., демек, жомоктогу турмуш – адамзаттын чыныгы реалдуу

жашоосу эмес, алардын кыял-оюндагы, фантазиясындагы түзүп алган образдары.

Башталгыч класстардын окуучулары үчүн жомоктор кыргыз эл адабиятынын казынасы гана эмес, аларды ар тараптан өнүктүрүүнүн эффективдүү каражаты. Ошондуктан жомокторду үйрөтүүгө мектепте өзгөчө маани берилип келет. 2-4-класстардын окуу китептеринде окуучулар окуп-үйрөнүү үчүн төмөнкү жомоктор сунушталат.

2-класста 20 жомок: «Жыл жана анын балдары», «Түлкү менен сүлөөсүн», «Чиркей, чабалекей жана жылан», «Жолоочу менен жылан», «Айбанаттардын талашы», «Таранчы», «Акылдуу бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды?», «Ырыс алды – ынтымак», «Акылдуу кыз», «Түлкү менен кумурска», «Ит менен аюу», «Алтын аяк», «Толубай сынчы», «Жээренченин баласы», «Кырк амалдын бири», «Торгой», «Байчечекей», «Алдар көсөө жана хандын вазири», «Карышкыр менен түлкү», «Чыпалак бала».

3-класста 12 жомок: «Эки бир трууган», «Жалкоо», «Чептен эрдин күчү бек», «Акылдуу бала», «Сүмөлүк», «Бакыт-таалай каякта?», «Гүл жана булбул», «Билебиз» (Корея эл жомогу), «Атасын жакырланткан бала», «Баатыр коён», «Чептен эрдин күчү бек», «Көз жаш», «Баатыр коён».

4-класста 4 жомок: «Эне», «Баарынан эмне таттуу?», «Айгүл гүлү», «Акылдын күчү».

Демек, 2-4-класстарда окуп-үйрөнүү үчүн баары 36 жомок сунушталат. Бул окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өстүрүүнүн аябай чоң мүмкүнчүлүгү. Себеби, биздин изилдөөлөр боюнча башталгыч класстардын окуучуларынын 86%ы жомокторду угууга жана окууга, башкаларга айтып берүүгө кызыгат. Буга жомоктордун жанрдык спецификасы ылайык келет. Алардын жанрдык спецификасы:

*биринчиден,* окуяларынын тез-тез алмашып, сюжетинин динамикалуу курулушу;

*экинчиден,* фантазиялуулугу, б.а., балдардын кыялын өстүрүүгө шарт түзүлүшү; *үчүнчүдөн,* ойдон чыгарылган окуялардын балдарды өзүнө тартып турушу;

*төртүнчүдөн,* мисалы, кемпир же чал, же кемпир чал, же жетим бала, же кедей сыяктуу каармандардын оор турмушта жашагандыгы, байыркы бир заман тууралуу айтышы ж.б. салттуу башталыштын (зачин) окуучуну өзүнө тартып сюжеттин башында дароо эле кызыктырышы;

*бешинчиден,* жетим баланын хан болушу, кедей жигиттин сүйгөн кызын, же хандын кызын аябай кыйынчылыктардан соң аял кылып алышы, каармандардын жомоктун финалында «Ошентип жыргап-куунап жатып калыптыр...» дегендей оптимисттик маанайда аякташы (концовка);

*алтынчыда*н, жомоктордо элдин үмүт-тилегинин, идеалынын чагылдырылышы;

*жетинчиден,* жомоктордун текстинде мезгилдик жана мейкиндиктик кайталоолордун болуп турушу (үч күн, үч түн; кырк күн; кырк жыл; оң жакка кетсе, аты өлөт, сол жакка кетсе өзү өлөт ж.б.);

*сегизинчиден,* жомоктордо гуманисттик идеялар күчтүү берилет (адамдын жаныбарларга жардам бериши; камоодо жаткандарды башкы каармандын куткарып чыгышы ж.б.)

Жомоктор балдардын түшүнүүсүнө жеңил, аны өздөрү окуп, башкаларга чыгармачылык менен көркөмдөп айтып бере алат. Ошондой эле эне тилинин байлыктарын үйрөнүүдө да жомоктор баа жеткис материал болуп саналат. Алар педагогикалык мааниси күчтүү болгондуктан азыркы окуучуларды мекенчилдикке, коркпостукка, гуманизмге тарбиялоодо чоң күчкө ээ.

1-4-класстарда башка жанрдагы чыгармаларга салыштырмалуу жомоктор сюжеттүү жана сюжети динамикалуу болгондугу үчүн гана окуучулардын кызыгуусун туурдурбайт, алар бала дүйнөсүнө жакын, баланы кызыктуу окуялары менен арбап алып, аларды улам жаңы каармандар менен тааныштырып отурат. Көптөгөн мугалимдердин жомокторду окутуу технологиялары төмөнкүдөй этаптардан турат:

а) жомок кандай мазмунда экендигин таанытуу (укмуштуу-сыйкырдуу, жаныбарлар тууралуу, турмуштук);

б) жомоктун окуяларын эпизод-эпизод менен түшүндүрүп баруу;

в) каармандардын жүрүш-турушун, кылык-жоруктарын талдоо;

г) каармандын үч жолку аракетин, үч жолку барыш-келишин түшүндүрүү;

д) 7-10 жаштагы окуучулардын романтикалык дүйнөсү менен жомоктун романтикалык табиятын салыштыруу;

ж) жомоктордо карама-каршы көрүнүштөрдүн (адилеттик-кара өзгөйлүк; коркоктук-күчтүүлүк, акылдуу-акмактык, алдуулук-алсыздык, баатырдык-коркоктук, ач көздүк-берешендик ж.б.) маңызын ачуу.

Окуучулар бул куракта жомоктогу каармандарды туурап күчтүү, ак ниет, баатыр, шамдагай, акылман, азамат ж.б. сапаттарга ээ болууну кыялданат.

Жомокторду окутуунун башкы талаптары:

а) жомокторду элдик оозеки чыгармачылыктын (фольклордун) бир жанры катары кароо;

б) жомокту талдоодо окуучулардын анын сюжетин өздөштүрүүсүн талап кылуу;

в) каармандардын речин ар тараптуу талдоо;

г) жомоктун тил байлыктарын өздөштүрүү менен эне тилдин асыл казынасына сүңгүп кирүү;

д) жомокторду искусствонун башка түрлөрүнө (сүрөт, анимация, куурчак өнөрү ж.б.) өткөрө алуу мүмкүнчүлүгү;

ж) жомоктордун негизинде окуучулардын ар кимисинин өз жомогун чыгара алышы, б.а., жомок жаза билиши ж.б.

Мына ушул «өз жомогун» табуу мугалимдин окуучуга таасир этүүсүнүн башкы максаты болууга тийиш. Ч.Айтматов «Ак кеме», «Кылым карытар бир күн», «Тоолор кулаганда» («Сардал кыз») ж.б. чыгармаларына жомокторду, уламыштарды киргизүү менен байыркы мифологиялык көз караш, идея менен азыркы окурманды тарбиялоо максатын көздөйт. «Ак кеме» повестинде башкы каарман болгон Баланын эки жомогу бар: биринчисин – таятасы айтып берген

жомок, экинчиси – өзүнүн жомогу. Повесттин бүт өзөгү мына ушул эки жомоктун конфликтинен курулат. Ал чыгарманын каарманы Момун таятасынын жомогунан улам «өз жомогун» жаратат. Биздин окуучулар да мына ушундай өз жомогун жаратышы керек. Андай максат-милдетке жетишүүнүн биринчи жолу – жомоктун тексттин үйрөнүү процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү.

*3-класста Т.Абыкеевдин «Кумурска менен жалкоо»* жомогунун тексттин үйрөтүү процессинде визуалдык контент, божомолдоо, үн чыгарып окуу, окуган чыгармага пикир жазуу стратегиясын колдондук. Теманы өтүүдө мекен таануу, математика, адеп сабактары менен интеграциялоо жүргүзүлдү. Окуучуларга сабакты уюштуруу учурунда жагымдүү маанай тартууланат. Кыймылдын коштоосунда «Кумурска» деген ыр аткарылат:

Кыл муруттуу кумурска,

Бара жатты жумушка (эки колду жанына алып, тез-тез баскан абалды көрсөтөт. Ушул сыяктуу кыймыл менен коштолот)

Топчуну алып колума, тосуп койдум жолуна.

Оң жагына карады, сол жагына карады

Кичинекей кумурска тоо экен деп ойлоду.

1-кадам. Окуганга чейинки баскычта жаңы темага божомолдоо жүргүзүү, визуалдык контент, тема боюнча түстүү сүрөттөрдү көрсөтүү, видео көрсөтүү аркылуу жаңы теманын аталышын табуу ишмердүүлүктөрү жүргүзүлөт.

- Балдар, бул жерден эмнени көрүп турабыз? (Жообу: Кумурска менен ойноп жаткан адамды)
- Кумурска менен кандай адам ойнойт деп ойлойсуңар? (Жообу: Жалкоо бала жумуш жасагысы келбей, кумурсканын эмгектенгенин байкап жатат )
- Демек бүгүнкү тема эмне жөнүндө боло турганын байкап көрөлү.

«Кумурска» слайдын көрсөтүү https://youtube.com/watch/9o3tO-8Um1Y .

«Кумурска – кичинекей болсо да, кайраты тоо аңтарат» деген макалдын маанисин талкулоо.




2-кадам. Окуу учурундагы баскыч.

Үн чыгарып окуу, ой жүгүртүү стратегиясы колдонулат**.** Текст толук окулат (мугалим же көркөм окуучу тарабынан).

Окугандан кийинки баскыч.

3-кадам. Тексти окугандан кийин, суроолуу күн жебесинен бирден алып, оозеки жооп беришет.



1. Кумурска өзү жөнүндө кандай сөздөрдү айтты?
2. Кумурсканын сөзүнө бала эмнеге таң калды?
3. Кумурсканын мактаныч сөздөрүнө («Күн менен жарышам, өмүр менен жарышам») кандай баа бересиңер?
4. Кумурска кандай чөптөр тууралуу айтып берди? Ал чөптөр тууралуу силер эмнелерди билесиңер?
5. Балдар жалкоо болбошу үчүн кумурскадан эмнелерди үйрөнүшү керек?

Сөздүк: сыркоо – оорулуу ж.б.

4-кадам.

Сабакты бышыктоо: Жомоктун мазмуну талкуулангандан соң «Божомолдоолордун түрдүү ыкмалары» стратегиясынын билдирүүсүнө кайрылышып далилдерди келтиришип, окуганга чейинки божомолдоолор менен окугандан кийинки далилдерди салыштырышат.

5-кадам.

Сабакты жыйынтыктоо: Акырында өтүлгөн текст боюнча ой жүгүртүп, үч бөлүккө тиешелүү жоопторду жазышат. Мугалимдин жардамчы суроолорунун негизинде: Кумурска кандай сапаттарга ээ, аны башта билгенсиңерби, жалкоо эмнеге кызыгыптыр, аны качан билдиңер дегендей суроолорго чыгармачылык менен жооп издешет. «Бул текстин мазмунун түшүнүү менен өзүң кандай жыйынтыкка келдиң» деген суроого окуучулар түрдүүчө жооп берет.

«Башта билчүмүн»

Мисалы: Кумурсканын эмгекчилдигин, өзүнөн да оор нерселерди көтөрүп жүрөрүн.

«Сабакта билдим»

Мисалы: Кумурскалар күчтү, акылды, чыдамды, сабырдуулукту кайдан кантип аларын. Кумурска менен жалкоонун маегинен чөптүн түрлөрүн жана алардын эмне себептен ушундай аталып калгандыгын билдим: «Кубат чөп», «Жыпар чөп», «Сүт чөп», «Соргок чөп».

«Дагы тереңирээк билгим келет»

Кумурскадай эмгекчил болуп, көп окуп, көптү билүүнү, ынтымактуу болууну.

6-кадам.

Баалоо:

|  | 5 | 4 | 3 |
|---|---|---|---|
| Мага бүгүнкү сабак жакты, берилген тапшырмаларды аткарып жаттым | | | |
| Бүгүнкү сабак кызыктуу болду, мугалим берген тапшырмалардан бир аз кыйналдым | | | |
| Мен бүгүнкү сабакта жооп бергенге аракет кылдым, бирок мугалимдин жардамы менен | | | |

Үйгө тапшырма.

Эссе жазуу. Темасы: «Мен автор болсом бул жомокту мындай жыйынтыктайт элем».

Компетенттүүлүк жана анын ичинде чыгармачылык компененттүүлүк тууралуу теориялык-методологиялык ойлорун айткан А.В.Хуторский мугалимдин ишмердүүлүгүн ар тараптан чагылдырып көрсөткөн көп кыры бар таза нерсе (кристалл) бул – чыгармачылык сабак экендигин айтып келип, анын курамы окуу программасынан тартып, окуучулардын чыгармачылык иш-аракеттери, анын натыйжалары, күтүлгөн жыйынтыктар, рефлексиянын түрлөрү, жүргүзүлгөн аракеттерди баалоо ж.б. нерселер кирерин айтат [186, 81

б.]. Демек, мугалимдин көрсөтө турган күзгү бул – чыгармачылык сабак, же сабактын чыгармачылык бөлүгү. Эгер сабактар чыгармачылык маани-мазмунда, багытта болбосо, ал жөн гана текке кеткен 45 мүнөттүк мезгил аралыгы болуп калат.

Кара-Кулжа районундагы Орозали Сейдилканов атындагы автордук мектептин мугалими О.Сейдилканов өз тажрыйбасын мындай деп баяндайт: Классты «өздөштүрүү деңгээлин боюнча 4 топко: базалык деңгээлден эң жогорку өздөштүргөндөр 1-топко, базалык деңгээлден жакшы өздөштүргөндөр 2-топко, базалык деңгээлде өздөштүргөндөр 3-топко, базалык деңгээлден төмөн өздөштүргөндөр 4-топко бириreт. Мугалим сабакта ар бир топтун деңгээлине жараша иштөөнү пландаштырып, керектүү материалдарды даярдайт. Сабакта кызыгуусу жана жөндөмү боюнча жиктештирип иштөөдө балдар кызыгуусуна жана жөндөмүнө жараша топторго бөлүштүрүлөт.

1. «Билим» борборуна теманы окуп, түшүнүп айтып берүүгө кызыккандар.
2. «Жазуу» борборуна эссе жазганга кызыккандар.
3. «Изилдөө» борборуна кластер, концептуалдык карта, Венндин диаграммасын ж.б. каражаттарды түзүүгө кызыккандар.
4. «Текшерүү» борборуна текст түзүүгө кызыккандар бириreт[154, 208 б.].

Бул мугалим жогорудагыдай методика менен сабак өткөндө тапшырманы ар бир топко бирдей убакытка, бирдей деңгээлде берет. Берилген тапшырманы топтор талкуулайт да, жыйынтыгын жалпы класска айтып берет, анан жалпы класс талкуулайт.

3-класстын «Адабий окуу» предметинде *Мелис Абакировдун «Күкүк-Зейнеп»* жомогу өтүлөт. Анда визуалдык контент, божомолдоо, үн чыгарып окуу, окуган чыгармага пикир жазуу стратегиясы колдонулат, материалдар мекен таануу, математика, адеп сабактары менен байланыштырылат.

Окуганга чейинки баскыч.

-Визуалдык контент.

1-кадам.

Сүрөттөн кимди көрүп турабыз? (жомок айткан чоң эне)

Сүрөттөн дагы эмнелерди байкадыңар?



2-кадам. Божомолдоо стратегиясын колдонуу

Демек бүгүнкү темада жомок эмне жөнүндө боло турганын байкап көрөлү.

Теманын маңызын сүрөттөрдүн жардамы менен ачуу.



Өз атын атап жадабай,
Жар салат ой-тоо, кыяга.
Жумурткасын таштайт ал,
Бир кез келген уяга.

**«Күкүк-Зейнеп» (МелисАбакиров)**

Окуу учурундагы баскычтар

3-кадам.Үн чыгарып класста окуу ыкмасы колдонулат.

Мында күкүктүн баласын эртең менен ойготуп жатканы өтө назик үн менен, жалынуу менен, сүйкүмдүүлүк менен билдирилет. «Аталуу алты тойду, энелүү эки тойду» деген туруктуу сөз айтканына, анын маанисине балдардын көңүлүн бурдурат. Окуучулар таң атканда өздөрүн апасы кандай ойготконун элестеткен болот.

«Күкүктү» хор ырдайт:

Көктөмдө келип жайнаган,
Таңды кеч көксөп сайраган.
Таанымал үнүң угулат,
Келипсиң күкүк кайрадан.
Күкүк, Күкүк!

Сайрайсың келип жазында.

Күкүк, Күкүк!

Андан аркы аңгеме «Күкүк-Зейнеп» жомогунун айланасында башталар алдында, балдарды бул темага кызыктырып алуу зарыл.

Чоң эненин жомогу боюнча илгери өткөн заманда чал менен кемпирдин көп малы, сансыз жылкысы, эсепсиз мүлкү болуптур.

Ошолордун эл арасында даңкы чыккан кыздары болуптур. Экөө экен. Чоңунунун ысымы – Күкүк, кичүүсүнүн ысымы – Зейнеп. Демек, силер унутпагыла, балдар, Күкүк менен Зейнеп бир тууган кыздар экен. Бири-бирине эш болсун, бири-бирин колдуп жүрүшсүн дейт экен ата-энелери аларга ишенип.

Бирок алар аталары менен энелери күткөндөй болбой эрке болуп кетиптир. Эрте турушпайт, таза жүрүшпөйт, бири-бири менен сөз талашат, сулуулуктарын мактана карашат.

Ата-энеси бир ишке Күкүктү жумшаса, Күкүк Зейнепти жумшайт, Зейнепти жумшаса, Зейнеп Күкүктү жумшайт. Ортодо иш кылынбай, үй-жай тазалабай, отун-от алынбай калат. Буга ата-энеси да кыздарына болушуп жүрүп себепчи болот, атасынын айтканын апасы, апасынын айтканын атасы туура көрбөйт, «кызым өзү билет» деп коюшат. Кыздар биринин сөзсүз болушарын билип андан бетер эркелейт.

Абышка-кемпир биринин сөзүн бири укпай, бирине бири каршы чыгып жүрүп, эркелерди ого бетер эсиртип алышыптыр.

Убакыт өтө берет, кыздар жетилет. Ата менен эне картаят, ал-күчтөн кылат. Эми алар өз оокаттарын өздөрү кыла албай калат. Күкүк менен Зейнептен жардам сураса, алар баягыдай эле айныкейи кармайт. Малы чачылат, үйү тозот, жага турган отуну калбайт. Кой-эчкиси ит-кушка жем болот. Кыздарда дагы дале акыл жок, ынтымак жок, ырк жок.

- Отун терип кел, Күкүк, – деп Зейнеп биркисин жумшайт.

- Өзүң бар, – дейт Күкүгү.

- Суу апкел, Зейнеп! – дейт Күкүк.

- Суусасаң өзүң бар!

- Күл чыгар, Күкүк! – дейт Зейнеп.

- Күңкор белем! – дейт Күкүк.

Акылсыз кыздардын кылгандары чал-кемпирди биротоло бушайманга салат, мүңкүрөп, алардан түңүлөт. Ошентип эрке кыздары ата-энеси азапка батырат, кайгыртат.

Аргасы кеткен чал-кемпир күчүн каргышка чыгарат. Экөөң эки куш болуп, бириңе бири жолукпай, издешип өткүлө, бириңе-бириң зар болуп өткүлө, кор болуп өткүлө деп тескери батасын берет. Балалуу болбогула, балапан бакпагыла дейт.

Каргышка калган эки кыз ошол замат кичине бир кушка айланып, эки тарапка учуп кетет.

Куш болгондо да оңолбойт. Уя салбайт, көрүнгөн уяга жатып жумуртка басып, жумуртканын башка канаттуулар басып чоңойтот. Ал балапандар атасы ким, энеси ким экенин билишпейт. Зейнеп менен Күкүк дагы эле баягы бойдон, биринин сөзүн бири укпайт, биринин тилин бири албайт.

- Эрезеден ашканча эс-акылга келбеген, силерден эми эмне жакшылык көрөйүн, – деп каргаса энеси, тескери берип батасын, каргаган экен атасы:

- Бириңи бириң чакырып, куш болуп сайрап калгыла, баладан убай түк көрбөй, балапан баспай калгыла!

Каргышка калган эки кыз болгон дешет көпкөк куш. Ошондон бери куш болуп, куш болгондо мыш болуп, уя салып марытпай, балапан басып жарытпай, көрүнгөн даяр уяга жумурткасын таштап кетишет. Балапанын багышпайт, балапандары дагы чыныгы ата-энесин таанышпайт. Күкүк менен Зейнеп дагы баягысын коюшпайт, бири-бирин жумшашып, дале болсо тынышпайт.

«Күкүк» – деп, Зейнеп сайрап коёт.

Күкүк болсо: «Зейнеп» – деп сайрайт [3, 184 б.].

4-кадам. Сөздүктү жумушчу дептерге жазуу жана ал сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазышат.

эреседен ашканча – чоңойгончо

ырктары – ынтымагы

убай көрбөй – жакшылык көрбөй

5-кадам. Тексти окугандан кийинки суроолорго оозеки жооп беришет.

Суроолор:

1) Абышка кемпирдин кыздарынын аттары ким эле?
2) Ата-энеси кыздарына туура тарбия бериштиби?
3) Күкүк менен Зейнеп эмне үчүн ата-энесине тил алышкан жок?
4) Кыздар эмне үчүн канаттууга айланып кетишти?
5) Силер, балдар, ата-эненердин насааттарын аткарасыңарбы?
6) Аларды таарынткан жок беленер?

Сабакты бышыктоо:Окулган текстке пикир жазуу.

6-кадам. Мугалим: «Күкүк-Зейнеп» кандай жанрдагы чыгарма? Силерге автор М.Абакировдун чыгармалары таанышпы? Силер М.Абакиров жөнүндө эмнелерди билесиңер? Жомоктун аталышы эмне жөнүндө кабарлайт? Бул кызыктуубу? Балким, ал маанайды жаратабы же жомокто окурмандар күтүп турган нерсени айтып жатабы? ж.б. суроолорду берет.

Окуучулар айткан жоопторду жыйынтыктап тактайчага жазып, окуучуларды иш дептерине жазып алууларын сунуштайт. Мисалы:

- Чоң эненин Күкүк-Зейнеп жөнүндө жомогу.
- Күкүк, Зейнеп куштары башында абышка-кемпирдин эки бир тууган кыздары болушкан.
- Каргышка калбай, ата-эненин батасын алуу.
- Жомоктогу каармандар: Күкүк, Зейнеп, атасы, апасы.

(Мугалим түшүндүрүп, үлгү жазылган (1-тиркеме) баракчаларды балдарга таратып берет )

Балдар, жогоруда окулган «Күкүк-Зейнеп» жомогуна карата өзүңөрдүн пикириңерди жазуу үчүн суроолор берилет. Ал суроолорго жооп жазуу үчүн төмөнкү үлгүгө таянабыз: ар бир бөлүктөгү сүйлөмдөрдү жазып, ал жооптун себебин же далилин билдирүү үчүн «анткени», «себеби» деген сыяктуу сөздөр аркылуу кашаанын ичиндеги таяныч сөздөрдөн пайдалануу менен аныктап, далилдеп жооп берсек болот.

Мисалы: Бул жомок мага жакты: башында Күкүк, Зейнеп канаттуу эмес, бир тууган кыздар болгондугу.

• Бул жомок аябай жакты: эсте кала турган окуялары бар экен; текст кызыктарып барат.

• Бул жомок жакты: аябай таасирдүү, окуялары эсте сакталат, сыйкырдуу окуялары бар ж.б.

• Бул жомок жакты: тарбиялык жагы таасирдүү, ынтымакка чакырат, жашоого жакын, жакшы сүрөттөйт, каармандар жандуу сүйлөйт ж.б.

• Мага өзгөчө жакпады: жомоктогу башкы каарман Күкүк, Зейнеп жаккан жок (жалкоо, адепсиз, каяша айтышат, эрке, ынтымаксыз, терс таасирлентти...).

• Кыздардын адепсиз болуп, каргыш тийип, куш болуп калышына абышка, кемпир күнөлүү (берген тарбиясы, каргышы, тескери бата бериши жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет...);

• Бул жомокту окуу оңой, анда кызыктуу (кооз) иллюстрациялар бар; М.Абакиров жомокту көркөм тилде жазган.

Мына ушундай чыгармачылык иш-аракеттерден соң мугалим окуучулардан өз ойлорун жазууну суранат.

7-кадам. Окуучулар эки-үч сүйлөмдөн төмөнкүдөй багытта ойлорун жазууга өтө: Бул жомок кандай максатта чыккан? Чыгарманын темасы кандай? Чыгарманын идеясы бизди эмнеге үйрөтөт? Күкүк менен Зейнеп тууралуу силер эмнелерди билесиңер? Жомок балдарды кандай сапаттарга тарбиялайт? (Бул талкууларда жомокко кеңири токтолуу талап кылынбайт, жөн гана балдарга кандай сезимдерди жана ойлорду пайда калганын билүү талап кылынат).

8-кадам. Окуучулардын жомок боюнча таасири талкууланат: Кайсыл каарман жакты? Кайсыл каарман жакпады? Кыздар эмне үчүн куштарга айланып калды, турмушта ушундай болушу мүмкүнбү? Чыгармада жомок жана чындык. Жомок силерге эмнеге үйрөттү? (Окуучулар жомоктогу каармандардын жүрүш-турушуна, иш-аракеттерине кошулабы, же кошулбайбы? ж.б.)

Мугалим окуучулардан жоопторун жазууну өтүнөт.

9-кадам. Жомоктогу каармандарга баа берүү. Кимиси силер үчүн кандай, кимиси негизги, кимиси кийинки катардагы каармандар. Каармандарды дагы башкача элестетип көргүлө.

Сабакты жыйынтыктоо:

10-кадам. Мугалим тарабынан сабактын жүрүшү талкууга алынат жана

| | *Күтүүлөргө ылайык келет* | *Жакшыртса болот* | *Кошумча окутуу керек* |
|---|---|---|---|
| Ачык максат | | | |
| Уюштуруу (жазуунун максатына ылайык) | | | |
| Жазуу үчүн максаттардын өзгөчөлүктөрү | | | |
| Жетиштүү маалымат | | | |
| Сүйлөмдөрдүн ар түрдүү түзүлүштөрү | | | |
| Сөздөрдүн ар түрдүү тандалышы | | | |
| Жазылган текстти түшүнүү оңой | | | |
| Класстын деңгээлине ылайык келген туура тыныш белгилери жана баш тамгалар. | | | |
| Мугалим окуучулардын эң акыркыүйрөнгөн тилдик көндүмүн киргизет. | | | |
| Класстын деңгээлине ылайык келген экиден кем эмес туура эмес жазылган сөздөр. | | | |

окуучулардан тыянак чыгарууну өтүнөт: Чыгармада силер үчүн эң негизги нерсе

эмне болду? (Күкүк, Зейнеп бир тууган кыздардын ынтымаксыз, терс кылык-жоруктарынын айынан балдарын бакпаган канаттуу-кушка айлангандыгы)

Окуучулар эмнени түшүнүштү? (Каргышка калбай, ата-эненин батасын алууну)

Окуучулар өз жоопторун жазышат.

Баалоо.

Баа берүү рубрикасы

Аты___________________________Мөөнөтү______________Класс ______

Жазуу түрү:

Үйгө тапшырма.

«Күкүк – Зейнеп» жомогу жөнүндө ой жүгүртүү-текстин жазуу.

М.Абакировдун «Күкүк-Зейнеп» жомогун окутууда жетишилген чыгармачылык компетенттүүлөр төмөнкү багытта болду:

1. Жомокту окуй электе эле сүрөттөгү байбиче менен кызды көрүп туруп, алардын кызыктуу окуяны баяндап жаткандыгын ар түрдүү варианттарда талкуулашты. Бул болсо окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүү, ар кандай варианттарды издеп көрүү ишмердүүлүгүн талап кылды.

2. Сюжет менен таанышып жатып кадимки адамдардын (кыздардын) канаттууга айланыш процессине кызыгып, өздөрүнө «Эмне үчүн», «Кантип» деген суроолорду койду.

3. Окуучулардын алдында балдардын жаныбар болуп калышына эмне же ким, неге айыптуу деген суроо коюлду да ошого жооп издешти.

4. Мугалимдин суроосуна жооп табыш үчүн окуучунун алдында мен каармандардын аракетине кошуламынбы, же кошулбаймынбы деген суроо турду.

Мына ушундай чыгармачылык ишмердүүлүктүн башаты – коммуникативдик компетенттүүлүк. Текст мугалим менен окуучунун ортосундагы көпүрө катары турат, бир өйүздө – мугалим, экинчи өйүздө – окуучу, алар текст-көпүрөгө бирдей убакта келиши керек жана ошол көпүрөдөн ийгиликтүү өтүшү керек. Мугалим балага ошол көркөм текстти талдоонун,

түшүнүүнүн жана ал аркылуу ар кандай компетенттүүлүктөргө ээ болуунун инструментарийин колуна карматат.

Башталгыч класстардын адабий окуу сабактарында жомокторду окутуунун методикалык модели катары төмөнкү ишмердүүлүктөрдү эффективдүү деп эсептедик:

– жомоктун негизги мазмунун ачуу;

– жомоктун негизги темасын ачуу;

– жомоктун негизги идеясын ачуу;

– жомоктун башкы каармандарына мүнөздөмө берүү:

жүрүш-турушу;

мүнөзү;

адамгерчилик сапаттары;

– окуянын жүрүшүнүн ырааттуулугу жана логикалуулу:

сюжеттин чиелениши;

конфликттер;

окуянын кульминациясы;

окуянын чечилиши.

– жомоктогу негизги мотивдер;

– каармандардын өз ара мамилелери;

– каармандардын күрөшү: жеңилиши жана аягында жеңиши;

– жомоктун тил байлыктарын окуучулардын түшүнүү деңгээли;

– жомоктун ичиндеги каармандардын речин талдап, речь аркылуу аларды мүнөздөө;

– каармандарга окуучулардын баа бериши;

– жомоктун жанрдык бөтөнчөлүгү (айбанаттар тууралуу; укмуштуу же кереметтүү; турмуштук);

– балдарды жеке турмушуна жомоктун тийгизген таасири;

– ар бир жомокко окшоштуруп жомок чыгаруу.

Жыйынтыктап айтканда, жомоктор 7-10 жаштагы балдардын кызыгуусун арттырган жанр болуу менен ал мугалим үчүн окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жогорулатуунун да чоң мүмкүнчүлүгү болуп саналат.

## 3.2. Ыр түрүндөгү адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу технологиялары

Башталгыч класстарда ыр түрүндөгү (поэзия формасындагы) чыгармалар көп окутулат. Окуучулар мындай чыгармаларды түшүнүүдө кыйынчылыктарга учурайт, себеби лирикалык ырларда сюжет жок да, окуялар болбогондон кийин анын мазмуну ачык көрүнбөйт. Ал эми окуучулар окуялуу, динамикалуу чыгармаларды жакшы өздөштүрөт. А.Т.Саттарова башталгыч класстарда ырларды окутуу боюнча докторлук эмгегин жазган, анда ырларды окутуудагы оптималдуу методдор жана ыкмалар катары төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

●көркөм окуу;

●түшүндүрүп окуу;

●чыгарманынын маанисин талдоо;

●тексттин негизинде сүрөт тартуу;

●тексттин негизинде жазуу жумуштарын (жат жазуу; эссе; дилбаян; көнүгүү; баяндама ж.б.) жүргүзүү;

●тексттин негизинде жөнөкөй план түзүү;

●тексттин негизинде татаал план түзүү;

●тексттин негизинде баарлашуу;

●инновациялык технологиялар менен интерактивдүү усулдарды колдонуу: «мээ чабуулу»; оюн технологиялары; дебат; жомок-сабак; викторина; тест; ромашка гүлү; кластер методу; Венндин диаграммасы ж.б.) [161, 13-14-б.].

Ушундай окутуу жана талдоо ишмердүүлүктөрү менен мугалим төмөнкүдөй компентенттүүлүктөргө жетишерин окумуштуу көрсөтүп берет:

- балдардын китеп тандоо, китеп окуу кызыкчыгы артат;
- балдар өздөрү ылайыктуу адабияттарды таба билүүгө кетишет;

- окуучулардын тилдик запасы жогорулайт;
- окуучулардын адабий билими, адабий-теориялык базасы өсөт;
- чыгармалардан таалим-тарбиялык таасир алат;
- балдардын эстетикалык сезими жогорулайт;
- окуучулардын эмоциалык сезимдери калыптанат;
- окуучулар ыр менен кара сөздүн айырмасын туура түшүнөт.

Мындай компетенттүүлүктөргө жетишүүнүн педагогикалык технологиялары:

- тексттин кыска үзүндүсүн жаттап, класста айтып берүү;
- автордук ойду так билүү;
- ыр менен өзү көрүп-билген турмушту салыштыруу;
- каармандарды талдап, аларга өз баасын берүү;
- ырдын уйкаштыгын, куплеттерин, муун санын, ыргактарын талдоо;
- чыгарманынын тилин, көркөм сөз каражаттарын талдоо, аларга баа берүү;
- дагы башка окшош ырлар менен салыштыра талдоо;
- ырдын автору менен ырды салыштыруу;
- поэтикалык (поэзия) текстти прозалык формага өзгөртүп жазуу;
- ырды негизге алып дил баян, эссе, баяндама жазуу;
- ырдын кара сөздөн өзгөчөлүктөрүн табуу ж.б.

Окутуу усулдары жана жолдору:

- окуу;
- түшүнүү;
- айтып берүү;
- жактарды, сөз айкаштырын өзгөртүү;

Жогорудагы ишмердүүлүктүн А.Т.Саттарова сунуш кылган модели төмөнкүдөй:




**Сүрөт 3.2.1 – Ырларды талдоо процессинде ишке ашырылуучу компетенттүүлүктөр**

Биз А.Т.Саттарованын докторлук диссертациясында иштеп чыккан кыргыз ырларын окутуу боюнча технологияларын колдоо менен бир топ өркүндөтүүлөрдү коштук.

Аны төмөнкү сабактын иштелмесинен көрүүгө болот.

4-класс

*Сабактын темасы: Кыргыздын Ала-Тоосу (Ж.Бөкөнбаев)*

Сабактын тиби: жаңы теманы өздөштүрүү сабагы

Колдонулган усул: Визуалдык контент, божомолдоо, үн чыгарып окуу, окуган чыгармага пикир жазуу жана RACE стратегиясы.

Сабактын жабдылышы: окуу куралы, түстүү сүрөттөр, слайддар, флипчарт, маркер ж.б.

Сабак аралык байланыш: мекен таануу, математика, адеп ж.б.

Кыргыздын Ала-Тоосу (Ж.Бөкөнбаев)

1-кадам. Окуганга чейинки баскыч.

Жаңы темага божомолдоо жүргүзүү, визуалдык контент. Тема аталышын табууга карата түстүү сүрөттөр, видео көрсөтүлөт.

Андан соң бир нече ачык суроолор берилет.

- Кыргызстанды эмнеге тоолуу өлкө дешет?

- Тоолордун кандай түрлөрүн билесиңер?

- Ала-Тоонун өзгөчөлүгү эмнеде?

- Ала-Тоодо кандай жаныбарлар жашайт?

- Ала-Тоодо кандай өсүмдүктөр өсөт ?

2-кадам. Окуу учурундагы баскыч

Мугалим ырдын текстин көркөм, үн кубултуп окуйт.

Кыргыздын Ала-Тоосу (Ж.Бөкөнбаев)

3-кадам.

Окугандан кийинки баскыч.

Суроолор берилет.

1. Ак мөңгүлүү Ала-Тоого жакын жерде болдуңар беле? Бул ырдан кандай таасир алдыңар?

2. Кыргыздын Ала-Тоосун «Асман менен тирешкен, белгиси бар Ала-Тоо» дегенди кандай түшүндүңөр?

3. Автор Кыргыздын Ала-Тоосун эмнелерге салыштырып, сүрөттөгөн?

5. Жумушчу дептер менен иштөө: Жаңы сөздөрдү жазышат, чечмелешет.

бетеге – чөптүн түрү;

тулаң – жерге жабышып өскөн, майда чөптөр.

Сабакты бышыктоо: RACE стратегиясы аркылуу төмөндөгүдөй тапшырмалар берилет. R A C E стратегиясы

| | R<br>Суроо түзүү | A<br>Суроого жооп берүү | C<br>Далилдерди келтирүү | E<br>Түшүндүрүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ала-Тоонун коздугун кандай сүрөттөгөн? | Ала-Тоонун коздугун жакшы нерселерге салыштырып, сүрөттөгөн. | «Балдан ширин туптунук, Булагы бар Ала-Тоо» – деген. | Булактын суусу даамдуу экен. |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |

R – суроо түзүү

A – суроого жооп берүү

C – далилдерди келтирүү

E – түшүндүрүү

1- Мугалим «R» баскычы боюнча бир суроону түзүп, ошол суроонун негизинде, суроодогу негизги сөздөрдү катыштырып башка бир нече суроо түзүүнү окуучуларга сунуштайт. Окуучулар суроолорду түзүп, таблицага жазышат.

Суроо: Ала-Тоонун коздугун кандай сүрөттөгөн? Негизги сөздөр: Ала-Тоо, коздук, сүрөттөө. (М.: Ала-Тоонун коздугун кандай сүрөттөгөн? Кандай сүрөттөлүптүр Ала-Тоонун коздугу? Ала-Тоонун сүрөттөлүшү кооз экенби? Ала-Тоону кооз сүрөттөппү? ж.б.)

Окуучулар 1-баскыч боюнча өзүн-өзү баалоо формасын белгилеп толтурушат.

Өзүнө өзү баа берүү формасы.

Окуучунун аты-жөнү:

______________________________________________________

| Баскычтар | Мен абдан жакшы аткардым | Мен мүмкүнчүлүгүмдү көрсөтө албай калдым | Мага даярдык керек |
|---|---|---|---|
| R – суроо түзүү | | | |
| A – суроого жооп берүү | | | |
| C – далилдерди келтирүү | | | |
| E – түшүндүрүү | | | |

Мугалим «А» баскычы боюнча окуучулар тарабынан түзүлгөн бир нече суроолорго жооп берүүнү сунуштайт. Окуучулар жоопторун таблицага жазышат жана окуп беришет. Өзүн-өзү баалоо формасына кайрылышат.

1- Окуучулар «А» баскычында берилген жоопторуна «С» баскычы боюнча далилдерди келтирип, жоопторун таблицага жазып, окуп беришет. Өзүн-өзү баалоо формасына кайрылышат.

2- Окуучулар «Е» баскычы боюнча буга чейинки жоопторун кенениреек түшүндүрүп беришет. Өзүн-өзү баалоо формасына кайрылышат.

1. Сабакты жыйынтыктоо:

1. Топто иштөө. Окуучулар тандап алган фигуралардын түстөрүнө карап топторго бөлүнүшөт. Топторго ар башка тапшырмалар берилет.

1-топ: «Калтырылган сөздөрдү толуктап жазгыла».

- ___________кышы_________, ____________ бар__________.

- Асман____________тирешкен,

_____ бар ____________.

- ___________ ширин____________,

_________ бар________.

- ___________кулпурган, ______________ бар___________.

2-топ. «Ооба же жок ырастоо тести».

- Ала-Тоонун булагын балга салыштырат. Ооба – жок

- Ала-Тоонун карын күмүшкө салыштырат. Ооба – жок

- Ала-Тоодо эч кандай жаныбарлар жашабайт. Ооба – жок

- Чыгарманын автору Токтогул Сатылганов. Ооба – жок

3-топ: Аралаш ыр саптарын ирети менен бириктир*:*

Курч, барчын, төкөөр, ала,

Бар, тоо, ала, бүркүт.

Кызыл-тазыл, чилдери, гүлдөрү, кекилиги

Секирген, таштан-ташка,

Ала-Тоо, түлкүсү, бар.

Көтөрөт, көңүлүңдү,

Салган, үндөрү, куштун.

2. Тапшырма

«Ала-Тоо» сөзүнө синквейн түзүп келүү.

1. Ала-Тоо

2.____________, ___________.

3. ____________, ___________, ____________.

4. ___________ ____________ ___________ ___________.

5. _______________ .

Бул сабактын окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өстүрүүгө кошкон жардамы төмөнкүлөрдө:

*Биринчиси.* Ырды окуу менен бирге эле жаратылыштын кооздугун элестетет (элестете алуу ишмердүүлүгү).

*Экинчиси.* Ырдагы көркөм поэтикалык саптар аркылуу эстетикалык табити өсөт.

*Үчүнчүсү.* Ырдын уйкаштыктарын издеп табат.

*Төртүнчүсү.* Калтырылган сөздөрдү толуктап жазуу менен тил байлыктарын өстүрөт ж.б.

### 3.3. Көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жазуу иштерин жүргүзүү жана оозеки баарлашуу аркылуу өркүндөтүү

Жазуу ишмердүүлүгү – адабий текстти кабылдоонун, түшүнүү деңгээлин рефлекциялоонун эффективдүү мүмкүнчүлүгү.

В.В.Голубков, М.А.Рыбникова, С.А.Смирнов, Н.В.Колокольцев, В.В.Литвинов, В.А.Никольский, А.П.Романовская, И.П.Павлов ж.б. орус методист окумуштуулары адабий тексттерди талдоону жазуу жумуштары менен биримдикте жүргүзүүнүн методикасын иштеп чыккан. Л.С.Айзерман, О.Ю.Богданова, А.М.Гринина-Земскова, Т.А.Калганова, Н.П.Морозова, Ю.А.Озеров, Л.В.Овчинникова, Е.С.Романичева, ж.б. методисттер жазуу ишмердүүлүгүнүн теориялык жана практикалык негиздерин сунуштаган.

Мектепте окуучулардын жазуу жумуштары, анын ичинде дил баян, баяндама жазуу тууралуу Б.Алымов, С.К.Рысбаев, А.Ж.Муратов, В.Мусаева атайын китептерин жазган, мугалимдер А.Сманбаев, Б.Исаков да бул багыт боюнча өз тажрыйбаларын бөлүштүргөн. 2011-жылы Б.Аман кызы «Мектепте адабиятты окутууда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн илимий-методикалык негиздери» деген темада кандидаттык диссертациясын [12, 25 б.] коргоп, монографиясын чыгарган [11, 125 б.], 2020-жылы Н.Т.Мурзаев «Дил баян жазуу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы» деген деген аталышта диссертациясын [117, 20 б.] жана монографиясын [118, 484 б.] жазган. Бул эмгектер негизинен жогорку класстарда дил баян жаздыруунун методикасын көрсөтүп берет. Ошол эле кезде биздин изилдөөгө да методологиялык таяныч катары жол көрсөттү.

Кыргыз башталгыч класстарында адабий чыгармаларды талдоо процессинде негизинен жазуу жумуштарынын төмөнкүдөй түрлөрү практикаланып жүрөт:

Макала

Кабар (заметка)

Кат

Интервью

Репортаж

Очерк

Обзор

Конспектилөө

Реферат

Рецензия жана пикир

Аннотация

Эссе

Изложение (баяндама)

Дил баян

С.Рысбаев азыркы кыргыз мектептеринде колдонулуп жүргөн дил баяндарды төмөнкүдөй классификациялайт: мүнөздөмө-дил баян (каармандарга талдоо жасоо түрүндө); очерк-дил баян (жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу); рецензия-дил баян (чыгарманы талдоо мүнөзүндө); публицистика-дил баян (көбүнчө эркин темада ой жүгүртүп жазуу); аңгеме-дил баян же новелла-дил баян (айрым бир каармандардын образын алып, ошонун негизинде чыгармачылык менен эркин образ түзүү); поэма-дил баян же ыр-дил баян (бир образдын негизинде, же эркин темада); пьеса-дил баян (полемикалуу, маек түрүндө); репортаж-дил баян (учурда болуп жаткан окуяны так, таасын сүрөттөп берүү); этюд-дил баян же сүрөттөмө-дил баян; фантастика-дил баян; жомок-дил баян; улама-дил баян. Автор: «Дил баяндардын мындай жанрдык өзгөчөлүктөрүн айырмалап билдирүү жана аларга машыктыруу окуучулардын

адабий чыгармага сынчыл ой жүгүртүүсүнө, жекече көз карашын жана өз алдынчалыгын өстүрүүгө багыт берери шексиз», - деп айтат [138, 16-б.].

Дил баяндардын тексттерин Т.А.Ладыженская үч топко ажыратып карайт:

1. Негизги ойду айтып берген, баяндаган, адабий сын жана адабият таанууга негизделген тексттер.

2. Адабий чыгарманы белгилүү даражада интерпретациялаган тексттер: аннотация, отзыв, рецензия, реферат, адабий очерк (эссе). Бул тексттер баштапкы булак болгон көркөм тексттен өз стили жана структуралык-тилдик, композициялык өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат.

3. Жазуучунун текстин ээрчип, ошого окшотуп, түп нускага таянып жазылган тексттер. Мында дил баяндын автору адабий-сын макалаларды публицистикалык формада, же адабий-теориялык макалаларда сөз болуп жаткан чыгарманынын стилине таянып жазышат [77, 102-103-б.].

Башталгыч класстарды мындай талапка жетүү татаал, бирок мугалим ошол талапка жетүүгө умтулуу, даярдануу зарыл. Бул мезгилде жазуу жумуштары окуучулардын текстти түшүнүү жана жазуу кебин калыптандырып, өстүрүүгө багытталат, балдарды орфографиялык жана пунктуациялык жактан сабаттуу жазууга, адабий тилдин нормаларын сактоого үйрөтөт, окулган текст (адабий чыгарма) менен окуучунун жазуу ишин байланыштырат ж.б.

2-класстын «Адабий окуу» сабагынан *«Коркконго кош көрүнөт» (Амангелди Мисиров)* деген жомоктун негизинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытында дил баян жазууга даярдык боюнча интерактивдүү сабак өттүк. Сабакта жупта иштөө, «Венндин диаграммасы» ыкмасы, «Сүйлөм түзүү, жайылтуу, бириктирүү» стратегиясы, окуганга чейинки баскычтын, окуу учурундагы баскычтын, окугандан кийинки баскычтын стратегиялары жана «Божомолдоо» боюнча иштин ар түрдүү ыкмалары колдонулду.

Жаны темага божомолдоо жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

1-кадам. Дил баяндын тексттин окуганга чейинки баскычта.

-Корккон деген эмне?

-Кимден  же эмнеден коркконсуңар?

Суроо-жооп аркылуу мугалим кыскача түшүнүк берет. Мисалы: Адам коркуу абалында турганда аябай сезгич болуп, шырт эткен добуш дагы коркунучтуу сезилет. Мындай абалды кыргыздар «Коркконго кош көрүнөт» деп мүнөздөшөт.

2-кадам. Мугалим өзү, тааныш текстти кайталап, үлгүлүү окуп берип, тексттин мазмунун эстерине салат.

Окугандан кийинки баскыч.

3-кадам. Текстти окугандан кийинки берилүүчү суроолор:

1) Жылдын кайсы мезгили сүрөттөлөт экен?

2) Сагын экөө кайда барышмакчы болду эле?

3) Эмне үчүн алар бири-бирине сыр билдиришкен жок?

4) Балдар эмнеден коркушуптур? «Коркконго кош көрүнөт» деген макалдын маанисин түшүндүңөрбү?

5) Сөздүк жумуш. Сөздөрдүн маанисин түшүнүп, иш дептерге сүйлөм түзүп, жазуу.

сүтак – жапайы канаттуу куш, түн кирери менен таң атканча «сүт – ак» деп кыйкырып турат.

тыз койдук – тез жүгүрдүк

6) Сабакты бышыктоо:

4-кадам. Дил баян жазуу ишиндеги негизги баскыч.

Жазуу ишинин планын түзүү.

Жазуу ишинин планын түзүүдө окуучулар тексттин негизги компоненттери менен таанышат: тема, негизги идея, бөлүктөргө бөлүнүү, байланыштуулук, композициялык бүтүндүк жана стилистикалык биримдик. Бул маалыматты мугалим тарабынан ыңгайлуураак өздөштүрүү үчүн мисалдар келтирилет же маалымат графикалык түрдө түзүлөт. Моделдештирүү (үлгү көрсөтүү) катары мугалим тарабынан тааныш текстте микротемалар, түйүндүү сөздөр жана сөз айкаштары бөлүп көрсөтүлөт, тексттин жөнөкөй планы түзүлөт.

Сүрөттөө текстинин планы.

Негизги ой: Түнкү жайлоодогу коркунуч.

1-деталь: тоо арасы, айсыз түн


2-деталь: кошуна чатырга баруу

3-деталь: жолдогу коркунучтуу үндөр, көрүнүштөр

4-деталь: кайра кайтуу

5-деталь: эртеси күндөгү көрүнүш

5-кадам. Бул баскычта окуучулар көңүлүн, өз ойлорун жана маалыматтарын чиймелеп жазууга топтошот. Окуучулар акыркы натыйжаны жаратпай тургандыгын түшүнүшү керек, ошондуктан орфография жана тыныш белгилерин карманнуу маанилүү, бирок алар чиймелеп жазууда көңүлдүн борборунда болуп эсептелбейт. Окуучулар өз ойлорун так билдирген сөздөргө жана сүйлөмдөргө көңүлдөрүн топтошу керек. Сунушталган тексттин мазмуну сүрөттөө түрүндө берилгендиктен сүрөттөө-тексттинин түзүлүшү боюнча курулушу сунушталгандыгы ылайыктуу болот.




Сүрөттөлгөн теманын же кырдаалдын автор үчүн мааниси жана ролу кандай?

Иш дептерге жыйынтыктоочу ойду жазат (Автор бул аңгемеден жайлоодогу табияттын өзгөчөлүгү менен бирге «Коркконго кош көрүнөт» деген макалдын маанисин түшүндүрө алды.)

**Сүрөттөө-текстинин түзүлүшү**

| Тексттин аталышы. |
|---|
| |

| Сүрөттөө предмети (адам, жаныбар, орун, предмет, чөйрөнүн же адамдын абалы) | |
|---|---|
| Белгилерин, касиеттерин жана сапаттарын саноо |  |



7) Сабакты жыйынтыктоо.

6-кадам. Жыйынтыктоочу баскычта окуучулар өз иштерин кайрадан карап чыгышат, ошону менен аяктоого жакындашат. Кайтарым байланыштын негизинде чиймелеп жазуу менен таанышкандан кийин жана баа берүүнүн натыйжаларына ылайык, окуучулар өз жазуу ишине өзгөртүүлөрдү киргизишет. Алар максатты же маалыматты такташат, маалыматты кошушат, тексттин түзүлүшүн кайра карап чыгышат, сөздөрдүн тандалышынын жана сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнүн үстүнөн иштешет, зарыл болгондо сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү кошушат, алмаштырышат же алып салышат. Окуучулар жаңы маалыматтарды келтире алышат же барак четтерине өзгөртүүлөрдү киргизип, жазуу түрүндө бул маалыматты каякка киргизүү керектигин көрсөтүү үчүн жебелерди тарта алышат. Окуучулар бүт ишти кайра жазуунун кажети жок экендигин

түшүнүшкөн учурда, алар өз жазуу ишине өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн ачыгыраак болушат Бул баскычта, окуучулар өзүлөрүнүн жазуу жүзүндөгү ишин текшере алышат же бири-биринин жазуу ишин текшерүү үчүн жуп болуп иштей алышат. Азыр окуучулар тексттин орфографиялык, грамматикалык жана тыныш белгилерин текшере турган мезгил келди.

Редакциялоо үчүн текшерүү суроолор баракчасы

| Төмөнкүлөрдү текшерүү: | Мен керектүү оңдоолорду киргиздим |
|---|---|
| Ар бир сүйлөм баш тамга менен башталат | |
| Энчилүү аттар баш тамга менен башталат | |
| Ар бир сүйлөмдүн аягында чекит коюлат | |
| Тизмедеги сөздөрдү бөлүү үчүн үтүр колдонулат | |
| Ар бир сөз туура жазылган | |
| *Окуучулар жакынкы убакытта өздөштүргөн сабактарын сүйлөмдүн түзүлүшүндө, грамматикада жана пунктуацияда текшерип турушу үчүн мугалимдер саптарды кошот, алат ж.б.* | |

8) Баалоо. Баалоо баракчасы (өзүн-өзү баалоо).

Сүрөттөө-тексттине баа берүү үчүн суроолорду текшерүү баракчасы

Автордун аты:____________________________ Мөөнөтү:__________

Классы__________Предмети__________________________

Баа берүүчүнүн аты:____________________________________________

| Автор… | Жакшы | Жакшыртуу зарыл |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| …баяндалган тема жөнүндө канчалык жакшы айтып берген? | | |
| …ал кандай көрүнгөнү жөнүндө канчалык жакшы айтыпберген? | | |
| …тыбыштарды канчалык жакшы баяндаган (кыймылдар,үндөр, кубулуштар ж.б.)? | | |
| …өзүнүн сезимдери жөнүндө канчалык жакшы айтып берген? | | |
| ...кандай | | |
| …жазуу ишинин түзүлүшүн канчалык жакшы уюштурган? | | |
| Иште сизге жаккан бир нерсени атагыла. | | |
| Сизге жаккан үч сүрөттөмө сөздү атагыла. | | |
| Автор өзүнүн жазуу ишин кантип жакшыртарын айтып бергиле. | | |
| Айткылачы, жазылган нерсени түшүнүү жеңилби? | | |
| Сизге түшүнүксүз болгон жерлерге «?» белгисин койгула. | | |
| Автор кошумча маалыматты кошуу керек болгон жерлерге «V» белгисин койгула. | | |
| Сөздүктөгү кайсы үч сөздү автор камтыган? Бул бөлүктү, эгер мугалим сөздүктөгү сөздөрдүн тизмесин берсе, пайдалангыла, аны окуучулар өзүнүн жазуу ишине камтышы керек. | | |

9) Үйгө тапшырма. Автордун ордунда болсоң, аңгемени кандай окуя менен жыйынтыктайт элең? Өз вариантыңды моделдештир же эссе жазып кел.

С.Сакиева жазуу жумуштары аркылуу башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык ишмердүүлүгүн жогорулатуучу технологиялар тууралуу өз тажрыйбасын мындай айтат: «Адабий окууга үйрөтүүдө окутуунун активдүү методдорун пайдалануу, алар менен иштөө окуучунун чыгармачылыгын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөрү сунуш кылынды. Биз мында адабий окууда чакыруу,

түшүнүү, ойлонуу стадияларын практикалоону көрсөтө алдык. Чакырууга кластер, синквейн, пирамидалык окуя, акыл-эс чабуулу, түгөйлөшүп окуу, түйүндүү сөздөр, эссе, билем-билгим келет-билдим, түшүнүүгө т-схемасы, сынчыл окуу, сүрөт менен иштөө, эки бөлүктүү күндөлүк, бири-бирин суроо, бири-бирин окутуу, ой жүгүртүүгө Венндин диаграммасы, биргелешип издөө, кайчылаш талкуу, тайпаларга бөлүнүп иштөө, борборлор менен иштөө, кайталоо, талаш-тартыш, жеке, түгөйлөшүп, топто иштөө стратегиялары сунуш кылынды. Бул стратегиялар менен иштөөгө карата методикалык сунуштар тажрыйба жүргүзүлгөн мектептердин мугалимдерине сабактардын үлгүлөрү сунуш кылынды, апробациядан өткөрүлдү. Демек, булар менен иштөө окуучунун чыгармачылык компетенттүүлүгүн арттырууда ыңгайлуу метод катары сунушталды» [157, 273 б.]

Окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жогорулатуунун эң эффективдүү жолдорунун бири – алардын оозеки жоопторун уюштуруу жана ал ишмердүүлүктү талдап, өркүндөтүп туруу. Бул ишмердүүлүк ар бир сабакта, тез-тез жана тынымсыз ишке ашып турат. Биз бул ишмердүүлүктүн жүрүшүн бир сабактын мисалында баяндап беребиз.

**Предмет:** Адабий окуу

**Класс:** 3-класс

**Сабактын темасы:** «Жети ата» (Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестинен үзүндү)

**Сабактын максаты:**

**Билим берүүчүлүк: «** Жети ата» деген аңгеменин тексттин окуп, негизги ойду аныктоо менен өз пикирин жазууга көнүгүү.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуганын түшүнүү жана окуганы жөнүндө өз пикирин туура, чыгармачылык менен айтып берүү компетенттүүлүгүн өнүктүрүү.

**Тарбия берүүчүлүк:**

окуучулардын китеп окууга кызыгуусун арттыруу;

жети ата тууралуу маалымат берип, балдардын этномаданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүү;

жети ата түшүнүгү менен кыргыз салттарын, улуттук маданиятты тааныштуу;

элдик салттарды сүйүүгө көнүктүрүү ж.б.

**Негизги компетенттүүлүктөр:**

1. Маалыматтык компетенттүүлүк.
2. Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк.
3. Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрүн чечүү компетенттүүлүгү.

**Предметтик компетенттүүлүктөр:**

1. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)
2. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3)
3. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4)
4. Аң-сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5)

**Баалоо критерийлери:**

1. Текстти көркөм окуй алуусу
2. Текстин мазмуну боюнча берилген суроолорго жооп бере билүүсү.
3. Тектеги негизги ойду көрсөтө алышы.
4. Берилген негизги ойго карата өз көз карашын айтып берүү деңгээли.
5. Өз пикирин чыгармачылык менен кошумчалап, текстти пайдаланып айтып берүүсү.

**Сабактын тиби:** жаңы теманы өздөштүрүү сабагы

**Колдонулган усул:** Визуалдык контент, божомолдоо, үн чыгарып окуу, «Адабий ийримдер» стратегиясы.

**Сабактын жабдылышы:** окуу куралы, түстүү сүрөттөр, слайддар, флипчарт, маркер ж.б.

**Предметтер аралык байланыш:** мекен таануу, математика, адеп ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу:** Саламдашуу. Окуучулардын сабакка болгон даярдыгын суроо.

**Жагымдуу маанай тартуулоо:**

Окуучулар бири-бирине аттарынын баш тамгаларына кеткен сын атоочтон турган жагымдуу сөз айтышат.

Мисалы: Айсезим – «А» – акылдуу.

Сезим – «С» – сүйкмдүү.

Элиза – «Э» – элпек ж.б.

**2. Өтүлгөн теманы кайталоо:**

**3. Жаңы тема:** ЖЕТИ АТА (*Ч.Айтматов «Ак кеме» повестинен үзүндү)*

1-кадам. **Окуганга чейинки баскыч.**

- Жаңы темага божомолдоо жүргүзүү, визуалдык контент. Тема боюнча түстүү сүрөттөрдү көрсөтүү, видео көрсөтүү аркылуу жаңы теманын аталышын табуу.
- Балдар, силер жети атаңарды билесиңерби? Атап бергилечи?
- Жети атасын ар бир кыргыз билүүсү зарылбы? Эмне үчүн андай деп ойлойсуңар?

2-кадам. **Окуу учурундагы баскыч.**

**Үн чыгарып окуу ыкмасы колдонулат.**

Бала шофер менен кызуу аңгемелешүүгө кирди.

- Мен бардык машинелерди, бардык шоферлорду жакшы көрөм, – деди бала.
- Анын себеби эмнеде? – деп шофер кызыкты.
- Машине жакшы да, күчтүү, ылдам. Бензиндин жытын жакшы көрөм. Шоферлор – мүйүздүү Бугу эненин балдары.
- Не дейт, не дейт бу бала? – жигит түшүнгөн жок.
- Бугу эне дегениң эмне?
- Билбейсиңби?
- Жок, чырагым, мындай кепти эстей албай жатам.
- Сен өзүң кимсиң анда?
- Мен казакмын. Караганда шаарында турам, шахтерлордун мектебинде окуганмын.
- Жок, кимдин баласы болосуң дейм?

- Ата-энемдин баласымын.

- Аларчы?

- Алар да өз ата-энесинин балдары.

- Алардын ата-энесичи?

- Ой-ий, сен буларды сурай берсең, дүйнөнүн түбүнө жетпейбиз го.

- Мен мүйүздүү Бугу эненин балдарынын баласымын.

- Аны сага ким айтты?

- Атам айткан.

- Чырагым, сөзүңдү түшүнбөдүм, – деп солдат таң калды.

Жанында руль кармап, жумшак орунда эпейип отурган бу делдең кулак, чоң баш балага назары түшүп, солдат кызыгып калды. Бирок бала дагы сураштыра келсе, солдат өз уруусунун башталышы түгүл, жети атасын так билбейт экен, ага уялып калды. Айта келсе, үч атага араң жетти. Андан нарычы?

- Жети атаңдын аттарын үйрөткөн жок беле? - деди бала.

- Ага эмне мынча таңсык болдуң? Жети атамды билбейм, бирок көрүп турасың го, эл катары жашап жүрөм.

- Атам айтат, адамдар ата-тегин унутуп койсо, бузулуп кетет деп.

- Ким бузулат? Кишилерби?

- Ооба.

- Эмне үчүн?

- Анда, – дейт атам, – баары бир балдарым, балдарымын балдары билбей калат деп, адамдар арам иштен жийиркенбей, тартынбай калат дейт. Баары бир балдарым, анан балдарымдын балдары билбей калат деп, адамдарга жакшылык кылбай калат – дейт...

- Аа, укмуш экен сенин атаң, – деп шофер жигит чын ниетинен таң калды.

- Кандай ажайып адам. Атаң сенин мына бу казан башыңды эч нерсеге арзыбаган дүнүйө менен толтуруп бүткөн экен. Кулагың да мыкты экен, биздин полигондогу локатырдын өзү... Сен көп эле атаңды тыңдай бербе. Атаң караңгы, маданиятсыз киши го...[2, 184 б.]

**3-кадам.**

**Окугандан кийинки баскыч.**

Чыгармадан баланын койгон суроосун түшүндүңөрбү?

Өз оюңарды айтып көргүлөчү.

Шофер жигит баланын суроосуна эмне деп жооп берди?

Ал жети атасын билет бекен?

Баланын айтуусу боюнча жети атасын билбегендин кандай залалы бар экен?

Чыгармадан бала менен шофердун сүйлөшкөнүн ролго бөлүштүрүп окугула.

Казак жигиттин балага: «Атаң караңгы, маданиятсыз киши экен. Арзыбаган дүнүйө менен сенин башыңды толтуруп коюптур» – деп айтканы туурабы? Ал жигитке силер кандай баа бересиңер?

Силер да ата-энеңерден жети атаңар тууралуу сурап, тактап билип келгиле.

**5.Сөздүк:**

**4-кадам. Жумушчу дептер менен иштөө.** Жаңы сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү дептерлерине көчүрүп жазуу.

**таңсык болдуң** – *бул жерде:* мынча кызыктың

полигон – аскердик даярдык көрүүчү аянт

локатор – белги берүүчү буюм же антена деп түшүнсөк болот (бул тексте делдейген кулакты салыштырган)

Мисалы:

1.Ага эмне мынча таңсык болдуң?

2.Жети атамды билбейм, бирок көрүп турасың го, эл катары жашап жүрөм.

3. Кулагың да мыкты экен, биздин полигондогу локатырдын өзү...

**6. Сабакты бышыктоо: текстинин мазмунун түшүнүү.**

**5-кадам: «Адабий ийримдер» стратегиясы.** Топтор менен иштөө. Топтогу ар бир окуучуга ролдору бөлүштүрүлүп, милдеттери боюнча даярданышат жана презентациялашат.

**7-кадам: «Адабий ийримдер» стратегиясы.** Топтор менен иштөө. Топтогу ар бир окуучуга ролдору бөлүштүрүлүп, милдеттери боюнча даярданышат жана презентациялашат.

**«Адабий ийримдер» стратегиясы менен иштөө процессинде окуучулардын ролу**

| **Роль** | **Милдеттери** |
|---|---|
| **Талкуулоо-нун модератору** | Модератор талкуулоону башкарат жана окуучуларга топко берилген тапшырманы аткарууга багыт берет. Натыйжалуу талкуулоону жүргүзүү максатында модератор топко төмөнкү суроолорду бериши мүмкүн:<br>– *Окулган чыгарманын негизги идеясы (негизги оюу) кандай? Ал эмне жөнүндө ойлонууга түрткү берет?*<br>– *Бул чыгарманы окуу процессинде кандай суроолор пайда болот?*<br>– *Окулуп жаткан чыгармада андан ары эмне боло тургандыгы жөнүндө кандай божомолдор бар?* |
| **Эпизод чебери** | Окуучу бир нече орчундуу эпизоддорду тандап алат (же чыгарманын эпизоддорун) жана бүт текстти түшүнүү жана тандоонун себебин билүү үчүн алардын маани-маңызын топко түшүндүрөт. |
| **Сөз чебери** | Окуучу тексттен 4-6 маанилүү же тааныш эмес сөздөрдү аныктап, сөздүктү же глоссарийди пайдалануу менен алардын маанисин табат. Окулуп жаткан текстке ылайык келген гана сөздөрдүн маанисин тандоо керек. Окуучу ошондой эле сөздөрдүн мааниси жөнүндө кызыктуу маалымат таап, топко сунуштай алат. |
| **Бириктирүү чебери** | Окуучу окуганы менен турмуштук тажрыйбанын ортосундагы байланышты түзөт же окуган китепти мурда таанышкан башка китептер менен салыштырат. |

| | |
|---|---|
| **Жалпылоо чебери** | Окуучу окуган чыгарманын жыйынтыгын чыгарат (жалпылайт) жана тексттин негизги идеяларын жалпы топко сунуштайт. Даярдалган жалпылоону үн чыгарып окуу менен, талкуулоону баштаса болот. |
| **Иллюстратор** | Иллюстратор окугандарынын негизинде сүрөттөрдү же диаграммаларды түзүп, аларды топко көрсөтөт. Топ сүрөттөрдү түшүндүрүп бергенге чейин сүрөттөрдү талкуулайт. |
| **Изилдөөчү** | Изилдөөчү текстти түшүнүү үчүн керектүү маалыматтарды издөө менен алектенет: бул китеп, автор же китепте ачылып жаткан тема жөнүндө маалыматтар болушу мүмкүн. Окуучу маалыматты издөө үчүн интернетке кирип, энциклопедиядагы же сөздүктөгү маалыматтарды топтойт. |

**7. Сабакты жыйынтыктоо:**

**Тема боюнча кайтарым байланыш жүргүзүү. «Менин күнүм» ой жүгүртүү стратегиясын колдонушат.**

**8-кадам.** Жазгандарын окуп беришет.

**Менин күнүм**

Аты-жөнү________________________________________

Күнү _______________

Бүгүн менин маанайым _______________________болду.

Бүгүн мен сабактан________________________________

___________________________________________________________________________

___________________________________________________________________________

Мага өзгөчө жакты__________________________________

___________________________________________________________________________

Эртең мен каалайт элем _______________________________________________________________________________________________________________

**8. Баалоо:** Көрсөткүчтөр боюнча окуучуларды баалоо.

**9. Үйгө тапшырма.**

1) Аңгемени окуу.

2) Ар ким өзүнүн жети атасын изилдеп, жазып келүү.

*Оозеки аңгемелешүү, же мугалим, башка окуучулар менен баарлашуу төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрү менен адабий окуу жана адабият сабактары үчүн зарыл методикалык ыкма болуп саналат:*

•окуучу мугалимдин же китептин, же бири-биринин суроолоруна өз оюн дароо, ыкчам айтат, б.а., аларды оперативдүүлүккө үйрөтөт;

•мугалимдин же башка окуучулардын суроолорун угуп туруугa көнүктүрөт, б.а., реакциясын активдештирет;

•окуучунун туура эмес, же ката айткан жерлерин мугалим, же башка окуучулар ошол замат оңдоп кетүүгө мүмкүн, бул болсо ката кетирген баланын эсинде көпкө сакталып калат;

•оозеки баарлашуу мугалим жана башка окуучулар биргилешип туура жана ылайыктуу сөздөрдү ылгап таап, колдонууга мүмкүнчүлүк берет;

•оозеки сүйлөө менен окуучунун кебинин (речинин) тембри, интонациясы, дикциясы калыптанат, сабакта оозеки баарлашууга катышпаган балдар кийин да башка жамаатта тартынчаак, тайсалдама, өз оюн ачык айта алган адам болуп калыптанат ж.б.

Төмөндө дагы бир сабактын жүрүшүн карап көрөлү.

**Предмети:** Адабий окуу

**Классы:** 3-класс

**Сабактын темасы:** А.Муратов «Бул эмне?» аңгемеси

**Сабактын максаты:**

**Билим берүүчүлүк: «**Бул эмне» деген аңгеменин тексттин окуп, негизги ойду аныктоо менен өз пикирин жазууга көнүгөт;

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуганын түшүнүү жана окуганы жөнүндө өз пикирин ылайыктап айтып берүү (тилдик-коммуникативдик) компетенттүүлүгүн өнүктүрүү.

**Тарбия берүүчүлүк:** Окуучулардын окууга болгон сүйүүсүн ойготуу, балдарды кыргыз элинин салттары, улуттук маданияты, флорасы жана фаунасы менен тааныштыруу.

**Негизги компетенттүүлүктөр:**

1. Маалыматтык компетенттүүлүк.

2. Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк.

3. Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрүн чечүү компетенттүүлүгү.

**Предметтик компетенттүүлүктөр:**

1. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)

2. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3)

3. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4)

4. Аң-сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5)

**Баалоо критерийлери:**

1. Текстти шар, түшүнүктүү окуй алышы;

2. Текстин мазмуну боюнча берилген суроолорго жооп бериши;

3. Тектеги негизги ойду көрсөтө алышы;

4. Берилген негизги ойго карата өз көз карашын айтып бере алышы;

5. Өз пикирин өз сөзү менен жаза билиши.

**Сабактын тиби:** жаңы теманы өздөштүрүү сабагы

**Колдонулган усул:** Визуалдык контент, божомолдоо, үн чыгарып окуу, «ооба/жок» тесттик ырастоо стратегиясы.

**Сабактын жабдылышы:** окуу куралы, түстүү сүрөттөр, слайддар, флипчарт, маркер ж.б.

**Сабак аралык байланыш:** мекен таануу, математика, адеп ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**1.Уюштуруу:** Саламдашуу. Окуучулардын сабакка болгон даярдыгын суроо.

**Жагымдуу маанай тартуулоо:**

Жагымдуусуң мынча сен,
А сен мынча акылдуу.
Арабызда бар экен,
Кыздарыбыз көп сулуу.
Күчтүү балдар татына,
Окуйт биздин класста.
Билим алып талыкпай,
Умтулабыз алдыга.

**2. Өтүлгөн теманы кайталоо:**

**3. Окуганга чейинки баскыч.**

**1-кадам.**

 Жаңы темага божомолдоо жүргүзүү, визуалдык контент. Тема боюнча түстүү сүрөттөрдү көрсөтүү, видео көрсөтүү аркылуу жаңы теманын аталышын табуу. Балдар, бул жерден эмнени көрүп турабыз? (Жай мезгили, жайлоо, чөптөр)

 Жайлоодо кандай чөптүн түрлөрү өсөт деп ойлойсуңар? (Дары чөптөр: чалкан, ат кулак, эрмен ж.б.)

 Жайлоодо кандай чөптүн түрлөрү өсө тургандыгын кимдер жакшы билет деп ойлойсуңар?(Жайлоодо көп жашаган чоң аталар ...)




**Тема аныкталгандан кийин «Божомолдоо боюнча иштин ар түрдүү ыкмалары» стратегиясы.**

**2-кадам.** Окуучуларга жумушчу барак таркатылат.

**Жумушчу барак**

**Окуучунун аты-жөнү_____________________________**

| **Окуганга чейин** | | | **Окугандан кийин** | |
|---|---|---|---|---|
| **Макул** | **Макул эмес** | **Билдирүүлөр** | **Макул** | **Макул эмес** |
| | | «Бул эмне?» деген аңгеменин мазмуну жайлоодо билбегенин сураган бала жөнүндө болот | | |
| | | Жайлоодо билбегендеринин баарын «Бул эмне?» деп сурай берет. | | |
| | | Жайлоодогу жырткыч жана башка жаныбарлар жөнүндө сурайт. | | |
| | | Көкөлөп учкан өрдөктөр, балыктар, ондатрлар, канаттуунун түрлөрүн сурайт. | | |
| | | Жайлоодо уулу чөптөр дагы болот, малдар жесе өлүп калат. | | |
| | | Жайлоодо бала бакча бар экен. | | |
| | | Жайлоодо жүргөн малдар уулу чөптөрдү таанып, аларды айланып өтүп жебейт. | | |
| | | Тоодогу кыргыздар көп өсүмдүктөрдүн аттарын билишет. | | |
| | | Бала жайлоодо жүрүп, аткулак, бетеге, көдөө, чекилдек, чырыш, сасык таана, | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | тулаң, куурай, шимүүр, чечекей, көбүргөн, чемирчек, меңдубана, карга тырмак, терскен деген чөптөрдүн аттарын үйрөнөт. | | |

Теманын мазмунун түшүндүрүүдөн мурун окуучулар билдирүүлөргө макул же макул эместигин далилдер менен жазышат. Андан соң текстеги аңгеменин мазмуну менен таанышышат. Окугандан кийин дагы божомолдорду жыйынтыктап, белгилешет.

 Демек бүгүнкү тема эмне жөнүндө боло турганын байкап көрөлү

**3-кадам.**

**Окуу учурундагы баскыч.** Үн чыгарып, үлгүлүү окуу, ой жүгүртүү ыкмасы колдонулат.

БУЛ ЭМНЕ? (А.Муратов)

Жайлоодо жүрүп Коля бир топ нерсени үйрөнүп алайын деди. Бир күнү Эркинди боз үйдө калтырып коюп, анын чоң атасынын атына учкашып, ары-ары жактарга кыялап кетишти.

Коля билбегендеринин баарын сурай берди.

– Бул эмне, чоң ата?– деди бир чөптү көрсөтүп.

– Козу кулак, – деди чоң ата.

– А эмнеге козу кулак?

– Козунун кулагына окшоп турбайбы.

– А бул эмне? – Дагы бир чөптөрдү көрсөтүп, Коля чоң атадан сурады.

– Кана, а түгөттүкү, уу коргошун турбайбы?

– А эмнеге уу коргошун?

– Уу да ал, билесиңби, яд! Көп жеген мал өлүп калат.

– А эмнеге сиздин мал жебейт?

– Биздин мал аны дароо тааныйт. Энелери балдарын биринчи ээрчитип чыкканда эле эмнени жеш керек, эмнени жебеш керек экенин үйрөтүп чыгат.

– Анда булардын баарын жок кылып койбойсуңарбы?

– Тим коёбуз. Уу коргошундан илгери табыптар дары жасашчу эле. Эми

андай табыптар да калбады. – Чоң ата атын андан ары бастырды.

– А бул эмне? – деди Коля жерде жалпайып жаткан бир нерсени көрсөтүп.

– Төө таман.

– Чоң ата ушинтип айтты да, унчукпай калды.

Чын эле төөнүн таманына окшош экен,– деп койду Коля ичинен.

–А бул эмне?

–Ат кулак.

Анысы болсо аттын кулагына окшоп кетти.

Ошентип, Коля көргөнүн сурай берди. Чоң ата болсо бетеге, көдөө, чекилдек, чырыш, сасык таана, тулаң, куурай, шимүүр, чечекей, көбүргөн, чемирчек, меңдубана, карга тырмак, терскен деп ар биринин атын атай берди.

Коля «бул тоодогу кыргыздар ушунча өсүмдүктөрдүн атын кантип билет, кантип жаттап алат, кантип бири-бирине алмаштырып албай айырмалап айтып жүрүшөт» деп ойлоду да, өзү бүгүн уккандарынын айрымдарын гана кайра эстей алганына өкүндү [2].

**Окугандан кийинки баскыч.**

**4-кадам.**

Балдар, тексти окуп чыктык, эми тоо гүлдөрдөгү суроолорго жооп жазып, окуп берели.

1. Коля кыргыз жериндеги кандай чөптөрдүн аттарын билип алды?

2. Бул чөптөрдүн аттары эмне үчүн ушундай аталат экен? Чыгармадан таап, окугула.

3. Алардын баарынын аттарын Коля эсинде сактап кала алдыбы? А силерчи? Айтып көргүлөчү.

**5. Сөздүктү жумушчу дептерге жазуу.**

**5-кадам.**


**Кыргыз жериндеги чөптөрдүн аттары**: бетеге, көдөө, чекилдек, чырыш, сасык таана, тулаң, куурай, шимүүр, чечекей, көбүргөн, чемирчек, меңдубана, карга тырмак, терскен

**6.Сабакты бышыктоо:**

**Жумушчу дептерлер менен иштөөгө карата тапшырмалар:**

**6-кадам.**

**1-тапшырма:** Жуптарда «Чөптөрдүн аттары» темасына кластер түзөбүз. Алардын аттарын атап, жазалы. Кластерге жайлоодо өскөн чөптөрдү атап жазышат.



**2-тапшырма:** Жайлоо, чөптүн түрлөрү жөнүндө экиден сүйлөм түзүшөт.

1. Жайлоодо ------------, --------. ---------------. -------------. эрмен сыяктуу көп деген --- өсөт.

2. ----------------------- абасы таза, ------------ тунук, ------------- жыттары аңкыйт.

**7.Сабакты жыйынтыктоо:**

Мугалим **«Божомолдоо боюнча нускаманын тиркемесине»** кайра кайрылуу менен окугандан кийинки бөлүгүн толтурууну сунуштайт.

**7-кадам. Ж**алпы текттеги маалымат кантип тастыкталганы, карама-каршы келгендиги же алардын пикирин өзгөрткөндүгү тууралуу талкууланат.

**8-кадам.** Окуучулар өз ой толгоолорун текст, баштапкы билимдеринин жардамы мененби же экөө менен тең тастыктай алышканын байкайт.

**8.Баалоо:**

| | | | |
|---|---|---|---|
|  | 5 | 4 | 3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мага бүгүнкү сабак жакты, берилген тапшырмаларды аткарып жаттым | | | |
| Бүгүнкү сабак кызыктуу болду, мугалим берген тапшырмалардан бир аз кыйналдым | | | |
| Мен бүгүнкү сабакта жооп бергени аракет кылдым, бирок мугалимдин жардамы менен | | | |

**9.Үйгө тапшырма.**

«Жайлоо» сөзүнө синквейн түзүшөт;

**1. Жайлоо**

**2.____________, ___________.**

**3. ____________, ___________, ____________.**

**4. ___________ ___________ ___________ ___________.**

**5. _______________ .**

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстардагы адабий көркөм тексттерди үйрөнүү процесси жазуу жумуштарын жана оозеки баарлашуу иштерин чыгармачылык менен өздөшүрүү ишмердүүлүгү системалуу түрдө, атайын пландуу жана алдыга максат коюлуу менен аткарылганда гана өз максатына жетет.

## Үчүнчү бап боюнча корутунду

Жыйынтыктоочу 3-бап **«Башталгыч класс окуучуларынын адабий көркөм текст менен иштөө процессинде чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы»** деп аталып, анын *«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги жомокторду чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмалары жана жолдору» аттуу 1-параграфында* 2-класста 20 жомок, 3-класста 12 жомок, 4-класста 4 жомок – баары башталгыч класстарда 36 жомок окутулары, алардын көбү элдик жомоктор жана жазуучулар жазган адабий жомоктор экендиги белгиленген. Жомоктор – башталгыч класстардын окуучуларынын кызыгуусун арттырган, аларды романтикалуу, кыял дүйнөсүн калыптандырууга таасир эткен чыгармалар. Жомокторду үйрөтүүгө коюлган талаптар: биринчиден, анын жанрдык спецификасын эске алуу (ойдон чыгарылгандыгы; турмушту болбой турган окуялардын учурай бериши; чыгарманынын концовкасында каармандын чоң кыйынчылыктарды жеңип бактылуу жашап калышы, «үч күн-үч түн», «жети күн-жети түн» деген сыяктуу кайталоолордун болушу ж.б.); экинчиден, окуучулардын жомокторду окуп, андагы тил байлыктарын өдөштүрүүгө өтө кызыгышы; үчүнчүдөн, аларды башкаларга чыгармачылык менен көркөмдөп айтып бере алууга кызыгышары; төртүнчүдөн, жомокторду окуу жана угуу аркылуу окуучулардын мекенчилдик сезимдерининин, баатырдык сапаттарынын жогорулашы ж.б.

Бул бөлүмдө жомокторду үйрөтүү ишмердүүлүгүндө жомок менен биринчи таанышуу сабагы (алгачкы окуу), жомокту мугалимдин жардамы менен талдоо сабактары, окулган жомокко окшотуп өз жомогун чыгаруу, аны талдоо-талкуулоо сабактары деген үч этап көрсөтүлөт.

3-класста Т.Абыкеевдин «Кумурска менен жалкоо», М.Абакировдун «Күкүк-Зейнеп» жомогунун тексттин үйрөтүү процессинде пайдаланылган визуалдык контент, божомолдоо, үн чыгарып окуу, окуган чыгармага пикир жазуу стратегиясы тууралуу, теманы өтүүдө мекен таануу, математика, адеп

сабактары менен интеграциялоо технологиялары окуучуларга сабактын эффективдүү болгондугун демонстрациялайт. Чыгармачылык сабак тууралуу орус дидакты А.В.Хуторскийдин пикирлери, Кара-Кулжа районундагы Орозали Сейдилканов атындагы автордук мектептин мугалими О.Сейдилкановдун жеке тажрыйбасы менен ойлорубузду аргументтештирдик. Азыркы окутуу процессин чыгармачылык менен өркүндөтүүнүн натыйжалуу жолу катары эсептелген методдор сунуш кылынат. Мындай ыкмаларда окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгү жогорулайт.

*«Ыр түрүндөгү адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу технологиялары» аттуу 2-параграф* башталгыч класстарда ыр түрүндөгү (поэзия формасындагы) чыгармаларды окутууга арналат. Ыр формасындагы  чыгармаларды түшүнүүдө жана талдоодо окуучулар бир катар кыйынчылыктарга учурайт, анткени аларда лирикалык каарман, лирикалык образ, сюжетсиздик болуп, буларды өздөштүрүү башталгыч класстын балдарына психологиялык барьерлерди жаратат. Бул теманы ачууда А.Т.Саттарованын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» деген темадагы докторлук диссертациясынын айрым учурларын методологиялык таяныч катары пайдалануу – эмгегебиздин теориялык деңгээлин жогорулатты. Ырларды окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жогорулатуунун оптималдуу методдору катары төмөнкү методдор опималдуу ылайыктуу экендиги аныкталды: көркөм окуу; түшүндүрүп окуу; чыгарманынын маанисин талдоо; тексттин негизинде сүрөт тартуу; тексттин негизинде жазуу жумуштарын (жат жазуу; эссе; дилбаян; көнүгүү; баяндама ж.б.) жүргүзүү; тексттин негизинде жөнөкөй план түзүү; тексттин негизинде татаал план түзүү; тексттин негизинде баарлашуу; инновациялык технологиялар менен интерактивдүү усулдарды колдонуу: «мээ чабуулу»; оюн технологиялары; дебат; жомок-сабак; викторина; тест; ромашка гүлү; класстер методу; Венндин диаграммасы ж.б.).

Бул параграфта мына ошол жыйынтыктарга жетишүүнүн технологиялары чагылдырылат. Ушундай технологияларды өз тажрыйбабызда Ж.Бөкөнбаевдин «Кыргыздын Ала-Тоосу» аттуу ырын 4-класста окутуу процессинин мисалы аркылуу көрсөтүп бердик. Сабакта визуалдык контент, божомолдоо, үн чыгарып окуу, окуган чыгармага пикир жазуу жана RACE стратегиясы колдонулду жана теманын мазмунун ачууда мекен таануу, математика, адеп, эне тили сабактары менен интеграцияланды.

*3-параграф «Көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жазуу иштерин жүргүзүү аркылуу өркүндөтүү»* деген темада болуп, анда башталгыч класстардагы жазуу ишмердүүлүгү – адабий текстти туура кабылдоонун, терең түшүнүү деңгээлин рефлекциялоонун маныптуу мүмкүнчүлүгү экендиги орус жана кыргыз методист окумуштууларынын ойлору аркылуу бекемделет. Башталгыч класстарда тексттин негизинде жүргүзүлгөн жазуу жумуштары окуучулардын ошол өтүлгөн текстти түшүнүү компетенттүүлүгүн жана жазуу маданиятын өстүрүүгө багытталат, балдарды орфографиялык жана пунктуациялык жактан сабаттуу жазууга, адабий тилдин нормаларын сактоого үйрөтөт, окулган текст менен окуучунун жазуу иши байланыштуу жүргүзүлөт. Бул ишмердүүлүктүн практикалык жагдайлары 2-класстын «Адабий окуу» сабагынан А.Мисировдун «Коркконго кош көрүнөт» деген жомогунун негизинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытындагы дил баян жазууга даярдык боюнча интерактивдүү сабактын мисалында тастыкталган.

Ошентип, башталгыч класстардагы адабий көркөм тексттерди үйрөнүү процессинде жазуу жумуштарын чыгармачылык менен өздөштүрүү ишмердүүлүгү атайын программанын алкагында, ырааттуу түрдө жүргүзүлүшү керектиги, бул ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн технологиялары ушул параграфта көрсөтүлөт.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Башталгыч класстарда адабий текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн методикасын илимий-теориялык негизде иштеп чыгууга жана аларды практикада эксперименттен өткөрүүгө арналган диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет:

**Биринчи милдет** адабий тексттерди талдоо процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн максатын, милдеттерин, негизги багыттарын аныктоого арналган. Азыркы учурдагы башталгыч билим берүүнүн негизги парадигмасы системалык-ишмердүүлүк мамилесине негизделип, анын башкы өзөгүн окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемасы түзөт. Адабий-чыгармачылык ишмердүүлүк инсандын ар тараптуу өнүгүшүнүн эң актуалдуу педагогикалык шарттарынын бири болуп эсептелет. Ошондуктан чыгармачылык багытта окутуу балдардын калыптануусунун көп функционалдык дидактикалык каражаты болуп, ал каражаттар аркылуу эстетикалык-адабий түшүнүгү кенен, окурмандык маданияты жогору, көркөм сөздүн күчү менен адептик-руханий тарбия алган компетенттүү окуучу жогорку класстарга өткөрүлүп берилет. Биздин эмгектин негизги максаты да балдардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган дидактикалык ишмердүүлүктөрдүн жардамы менен көркөм текстти талдоонун оптималдуу методикасын иштеп чыгуу менен байланышат. Адабий окуу боюнча практик мугалимдердин тажрыйбаларынын көп жылдык иликтөөнүн, жалпылаштыруунун жаны ырааттуулукка келтирүүнүн жыйынтыгы боюнча адабий көркөм текстти талдоо процессинде окуучунун чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга негизденип окутуунун азыркы учурдагы проблемаларын чечүү «Адабий окуу» предметинде учурдагы психологиялык-педагогикалык жетишкендиктерди жана адабиятты окутуунун заманбап методикасын эске алуу менен компетенттүүлүктүн негизинде ишке ашырылышы мүмкүн экендиги аныкталды.

**Экинчи милдет** «Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүү, башталгыч класстарда адабий көркөм текст менен иштөө процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы проблемасын изилдөөнүн тарыхына обзор берүү жана иштин методологиялык негиздерин, методдорун ачып көрсөтүү болгон. Бул багытта педагогикалык адабияттарды анализдөө төмөнкүдөй жыйынтыктарды берди: мугалимдердин «чыгармачылык компетенттүүлүк» жөнүндө түшүнүктөрү өз деңгээлинде эмес; сабакты чыгармачылыкка негиздеп окутуунун теориялык аспектиси илимий-практикалык жактан мугалимдерге жеткиликтүү иштелип чыкпаган; чыгармачылык компетенттүүлүктү өнүктүрүү үчүн башталгыч мектепте атайын педагогикалык шарттарды түзүү зарыл. «Адабий окуу» предмети боюнча мамлекеттик стандартты, программаларды, окуу китептерин, методикалык колдономолорду жазууда текстти талдоо процессин окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн окутуунун салттуу жана инновациялык технологияларын кеңири практикалоо талабы коюлат. Жалпы жыйынтыктар философиялык, педагогикалык, психологиялык жана методикалык эмгектерди талдоо жана башталгыч мектепте адабий чыгармаларды окутуунун практикалык тажрыйбасын жалпылоо диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин иштеп чыгууга мүмкүндүк түздү. Башталгыч мектепте адабий көркөм текстти балдардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багыттап окутуунун тарыхын, окуу программаларын, окуу китептеринин мазмунун, «Адабий окуу» предмети боюнча 2-4-класстар үчүн окуу куралдарын, колдонулган усулдарды изилдөө чыгармачылык ой жүгүртүүсү жогору окуучуларды даярдоого анчалык көңүл бурулбай келгендигин тастыктады.

**Үчүнчү милдет** башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги адабий тексттерди чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмаларын жана жолдорун сунуш кылуу, бул багытта мугалимдердин, методисттердин педагогикалык иш-

тажрыйбаларын жыйынтыктоо болгондуктан иштин практикалык жагына өзгөчө басым жасалды. Окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү – татаал жана ырааттуу жүргүзүлүүчү, мугалимден көптөгөн изденүүлөрдү талап кылуучу процесс. «Адабий окуу» предметинде көркөм адабий тексттерди окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багыттап окутуу үчүн текстти чыгармачылык менен көркөм окуу жана комментерийлөө, ар кандай максатта тексттин планын түзүү, тексттеги жана подтексттеги катылган идеяларды «сууруп чыгуу», ошол чыгарманынын негизинде жазуу иштерин жүргүзүү, текстти баланын жеке тагдыры жана жалпы турмуш менен байланыштыруу, окуучуларды көркөм чыгарма жазууга шыктандыруу ж.б. технологиялар сунушталып, алар конкреттүү чыгармаларды окутуунун негизинде көрсөтүлдү. Муну үчүн окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн жогорулатууда оптималдуу деп экспериментте таанылган окутуунун модели, айрым темалар боюнча сабактардын иштелмелеринин циклдары – изилдөөнүн түйүндүү проблемасы болду.

**Төртүнчү милдет** сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүү жана анын жыйынтыгын чагылдыруу болгондуктан башталгыч класстарда көркөм чыгармаларды окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүнө негиздеп окутуу боюнча иштелип чыккан жана апробацияланган методиканын натыйжалуулугу эксперименталдык мектептерде сынактан өткөрүлдү. Балдардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптоо жана жогорулатуу мугалимдин колдонгон окутуу ыкмаларынын эффективдүүлүгү менен байланышат. Калыптандыруучу экспериментке караганда тажрыйба тобундагы окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгү бир кыйла жогорулаган. Бул болсо биздин методикабызда окуучуну чыгармачылыкка үйрөткөн суроо-тапшырмаларды иштеп чыгып, кеңири колдонгондугубуз менен түшүндүрүлөт. Сынактын жыйынтыгы биз сунуш кылган методикалык ыкмалар, жолдор жана каражаттар мектептерде колдонууда майнаптуу натыйжа берерин тастыктады.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

Диссертациялык изилдөөнүн сунуштары жана анын натыйжалары болочокто төмөнкү максаттарды ишке ашыруунун зарылдыгын көрсөттү:

1. Башталгыч класстар үчүн «Адабий окуу» предмети боюнча колдонуудагы мамлекеттик стандартка, окуу программасына, окуу китептерине жана окуу-методикалык куралдарга көркөм адабий текстти талдоо процессин окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү багытына өзгөчө маани берүүчү материалдарды көбүрөөк киргизүү.

2. «Адабий окуу» предмети боюнча класстан тышкаркы окуу боюнча хрестоматияларга, окутуунун кошумча материалдарына окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү боюнча көркөм тексттерди, анимацияларды, иллюстрацияларды, сүрөттөрдү ж.б. кошуу.

3. 2-4-класстар үчүн «Адабий окуу» предметинде чыгармачылык компетенттүүлүктүн негизинде көркөм текстти талдоо боюнча сабактардын иштелмелерин, практик-мугалимдердин иш-тажрыйбаларын чыгаруу жана аларды мугалимдерге сунуштоо ж.б.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Абдухамидова Б. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 2-классы үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. – Б.: Принт-Экспресс, 2016. – 26-б. 180 б. https://st-0.akipress.org/st_bilimlib/6/09e4dc830c6ac1ff3492794187c303295f0a1e11.pdf

2. Абдухамидова Б. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 3-классы үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014. – 184 б. https://www.kitep.edu.gov.kg/ru/view/416

3. Абдухамидова Б.А. 3-класста адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо [Текст] / Б.А.Абдухамидова, К.Ибраимова, С.К.Рысбаев. – Б.: 2012. – 136 б.

4. Абдухамидова Б.А. Аң-сезимдүү жана шар окуу – окуучунун теманын мазмунун натыйжалуу өздөштүрүүсүнүн ачкычы [Текст] / Б.А.Абдухамидова // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – 2020 – №1 (50). – 148-150-бб.

5. Абдухамидова Б.А. Пути развития словарного запаса учащихся через обучение художественных произведений [Текст] / Б.А.Абдухамидова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2015. – № 5. – С. 189-192

6. Азаров, Ю.П. Искусство воспитывать [Текст] / Ю.П.Азаров. – М.: 1985. – 448 б.

7. Айзерман А.С. Уроки литературы сегодня [Текст] /А.С.Айзерман. – М.: 1974. – 188 б.

8. Акматова Ч.А. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы [Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. / Акматова Ч.А. 13.00.02. – Б.: 2021. – 159 б.

9. Акылбеков К. Адабият методикасынан // Окутуучуларга жардам. – 1941. - №2. – 19-22-бб.

10. Акылбеков К. Адабият сабагын окутуу методикасы // Окутуучуларга жардам. – 1940. - №5. – 27-29-бб.

11. Аман кызы Б. Кыргыз адабиятынан жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн жолдору [Текст] / Б.Аман кызы. – Б.: Айат, 2011. – 125 б.

12. Аман кызы Б. Мектепте адабиятты окутууда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн илимий-методикалык негиздери [Текст]: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. / Б.Аман кызы. 13.00.02. – Б.: 2008. – 25 б.

13. Амонашвили, Ш.А. Личностно-гуманная основа педагогического процесса. [Текст] / Ш.А.Амонашвили. – Мн.: 1990. – С. 7 – 11.

14. Амонашвили, Ш.А. Размышления о гуманной педагогике [Текст] / Ш.А. Амонашвили. – М.: Изд. дом. Ш.А.Амонашвили, 1996. – 494 с.

15. Ананьев, Б.Г. О проблемах современного человекознания [Текст] / Б.Г.Ананьев. – М.: Наука, 1977. – 380 с.

16. Ананьев, Б.Г. Психология педагогической оценки. Избранные психологические труды [Текст] / Б.Г.Ананьев. – Педагогика, 1980. – 267 с.

17. Ананьев, Б.Г. Человек как предмет познания [Текст] / Б.Г.Ананьев // Избр. психологические труды: в 2-х т. М.: Изд-во Московского университета, 1980. – Т. 1. – С. 16-178.

18. Анисимов С.Ф. Духовные ценности: производство и потребление [Текст] / С.Ф.Анисимов. – М.: Мысль, 1998. – 253 с.

19. Аскаров Т. Философский анализ литературного процесса [Текст] / Т.Аскаров. – Алматы, 1993. – 480 с.

20. Аскаров Т. Эстетическая оценка словесного творчества [Текст] / Т.Аскаров. – Б.: Кыргызстан, 2000. – 120 б.

21. Асмус, В.Ф. Вопросы теории и истории эстетики: Сборник статей. [Текст] / В.В.Асмус. – М.: Искусство, 1968. – 654 с.

22. Ахматов Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү [Текст] / Т.Ахматов, Т.Аширбаев. – Б.:2001. – 342 б.

23. Ахметова Н.А. Чтение и понимание текста [Текст] / Н.А.Ахметова //Высшая школа и современность: Мат-лы межвуз. научно-практ. конф.-Ч.1. – Б.: Илим. – 2001. – С. 294-306.

24. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: Стилистиканын жалпы маселелери, 1-китеп [Текст] / Т.Аширбаев. – Б.: 2000. – 200 б.

25. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: Фонетикалык, сөз жасоо жана лексикалык стилистика, 2-китеп [Текст] / Т.Аширбаев. – Б.: 2000

26. Аширбаев Т. Тилдик каражаттардын стилистикалык табияты [Текст] / Т.Аширбаев. – Б.: 2000. – 126 б.

27. Бабанский Ю.К. Избранные педагогические труды [Текст] / Ю.К.Бабанский. – М.: Педагогика, 1989. – 560 с.

28. Бабанский Ю.К. Оптимизация процесса обучения: общедидактический аспект [Текст] / Ю.К.Бабанский. – М.: 1977.

29. Бабанский Ю.К. Оптимизация учебно-воспитательного процесса [Текст] / Ю.К.Бабанский. – М.: 1992.

30. Батаканова С.Т. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим. доктору дисс. авторефераты. 13.00.02 / С.Т.Батаканова. – Б.: 2011. – 42 б.

31. Батаканова, С. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. Монография [Текст] / С.Батаканова.– Б.: 2010. – 286 б.

32. Батыркулова А.Б. Адабият сабагында окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү [Текст] / А.Б.Батыркулова // Окутуунун инновациялык технологиялары. Илимий-методикалык журнал. – 2022. - №16. – 39-47-бб.

33. Бахтин, М.М. Вопросы литературы и эстетики [Текст] / М.М.Бахтин. – М.: «Художественная литература», 1975.

34. Бахтин, М.М. Творчество Франсуа Рабле и народная культура Средневековья и Ренессанса [Текст] / М.М.Бахтин. – М.: «Художественная литература», 1990. – 536 с.

35. Бахтин, М.М. Эстетика словесного творчества [Текст] / М.М.Бахтин. – М.: Искусство, 1979. – 424 с.

36. Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт, Бишкек – 2019 http://kao.kg/wp-content/uploads /2020/03/Кыргыз-тил-жана-окуу_1-4_кырг.pdf

37. Башталгыч класстардын программалары: кыргыз тил, адабий окуу жана класстан тышкаркы окуу, математика, мекен таануу (1-4-кл.) [Текст]. – Б.: 2016. – 5-6-бб. 56 б. http://kao.kg/wp-content/uploads/2020/09- Начальный-класс - 2018.pdf

38. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын териялык жана практикалык маселелери [Текст] /И.Б.Бекбоев.–Б.: Педагогика века, 2004.–384 б.

39. Бекбоев И.Б. Окуучу, мектеп, мугалим: улуттук педагогика илиминин контекстинде: илимий-педагогикалык макалалар жыйнагы. 2-китеп [Текст] / И.Б.Бекбоев. – Б.: 2015. – 464 б.

40. Беляев И.А. Творчество как форма становления индивидуальной целостности человека [Текст] / И.А.Беляев // Вестник Оренбургского государственного университета. – 2010. – № 10 (116), октябрь. – С. 57-61.

41. Бердяев Н.А. Смысл творчества [Текст] / Н.А.Бердяев // Философия творчества, культуры и искусства. – М.: Искусство, 1994.

42. Бердяев, Н.А. О рабстве и свободе человека [Текст] / Н.А.Бердяев // Мир философии: Книга для чтения. Человек. Общество. Культура. – М.: Просвещение, 1984. – 325 с.

43. Бердяев, Н.А. Самопознание [Текст] / Н.А.Бердяев. – М.: Книга, 1991. – 445 с.

44. Бердяев, Н. А. Духовный кризис интеллигенции [Текст] / Н.А.Бердяев. – М.: Канон, 1998. – 389 с.

45. Беспалько В.П. Педагогика и прогрессивные технологии обучения [Текст] / В.П.Беспалько. – М.: 1995. – 336 с.

46. Беспалько В.П. Слагаемые педагогической технологии [Текст] / В.П.Беспалько. – М.: 1989.

47. Божович, Л.И. Избранные психологические труды: проблемы-формирования личности [Текст] / Л.И.Божович, под.ред. Д.И.Фельдштейна. – М.: Изд-во Междун.пед.академии, 1994.

48. Божович, Л.И. Личность и ее формирование в детском возрасте [Текст] / Л.И.Божович. – М.: Просвещение, 1968. – 464 с.

49. Божович, Л.И. Отношение школьников к учению как психологическая проблема [Текст] / Л.И.Божович. – М., 1951.

50. Выготский Л.С. Педагогическая психология [Текст] / Л.С.Выготский. – М.: Педагогика, 1991. – 480 с.

51. Гаврилова Т.В. Развитие творческих способностей школьников при работе с произведением С.Т. Аксакова «Аленький цветочек» [Текст] / Т.В.Гаврилов // Начальная школа: журнал. – 2014. – №3. – С. 20 – 23.

52. Гальперин И.Р. Текст как объект лингвистического исследования [Текст] / И.Р.Гальперин. – М.: Наука, 1981.

53. Голубков В.В. Методика преподавания литературы [Текст] / В.В.Голубков. – М.: Учпедгиз, 1962. – 490 с.

54. Давлетов С. Байланыштуу речь [Текст] / С.Давлетов. – Б.: 1999. – 68 б.

55. Дил азык. Кыргыз мектептеринин 2-классы үчүн хрестоматия [Текст] / Түз.: С.Рысбаев, Б.Абдухамидова, С.Дуулатова. – Б.: «Азур», 2009. – 112 б.

56. Дил азык. Кыргыз мектептеринин 3-классы үчүн хрестоматия [Текст] / Түз.: С.Рысбаев, Б.Абдухамидова, К.Ибраимова. – Б.: «Азур», 2009. – 136 б.

57. Дил азык. Кыргыз мектептеринин 4-классы үчүн хрестоматия [Текст] / Түз.: С.Рысбаев, Б.Абдухамидова, К.Ибраимова. – Б.: «Азур», 2009. – 136 б.

58. Дьяченко В.К. Новая дидактика [Текст] / В.К.Дьяченко. – М.: 2001.

59. Жаңыбаев М. Окуу сабагын жүргүзүү жөнүндө [Текст] / М.Жаңыбаев // Окутуучуларга жардам. – 1939. - №5. – 39-45-бб.

60. Жолдошева А. Методика развития речи учашихся 1-класса [Текст]: автореф. канд. дис...канд.пед.наук: 13.00.02 /А.Жолдошова.–Бишкек, 1999.–21 б.

61. Ильин, Е.Н. Урок продолжается: Из опыта работы учителя [Текст] / Е.Н.Ильин. – М.: Просвещение, 1973. – 152 с.

62. Каменская О.Л. Текст и коммуникация [Текст] / О.Л.Каменская. – М.: Высшая школа, 1990.

63. Кан-Калик В.А. Психолого-педагогические основы преподавания литературы в школе [Текст] / В.А.Кан-Калик, В.И.Хазан. – М.: Просвешение, 1988. – 254 б.

64. Качурин М.Г. Организация исследовательской деятельности учащихся на уроках литературы. Книга для учителя [Текст] / М.Г.Качурин. – М.: Просвещение, 1988. – 173 с.

65. Коменский Я.А. Я.А.Коменский. Избранные педагогические сочинения. Том 2. [Текст] / Я.А.Коменский. – М.: Педагогика, 1982. – С. 576.

66. Кон И.С. Психология ранней юности [Текст] / И.С.Кон. – М.: Просвещение, 1989. – 362 с.

67. Кондучалова С. Балдардын өз бетинче окуусу [Текст] / С. Кондучалова // Эл агартуу. – 1998. – №8. – 16-19-бб.

68. Копырина Н.И. Формирование интеллектуально-речевых умений на уроках чтения [Текст] / Н.И.Копырина // Начальная школа. – 1988. – №10.

69. Корсунский Е.А. Психология литературного творчества школьников [Текст] / Е.А.Корсунский. – Л.: 1983. – 82 с.

70. Корсунский Е.А. Развитие литературных способностей школьников [Текст] / Е.А.Корсунский. – Л.: 1985. – 90 с.

71. Кудряшев Н.И. Методы обучения литературы [Текст] / Н.И.Кудряшева // Методика преподавания литературы. Под. ред. З.Я.Реза. – М.: 1977.

72. Кудряшев Н.И. Теоретические основы методики литературы (Методика как наука. Курс литературы в средней школе. Методы обучения) [Текст]: автореф. дис. д-ра. пед. наук. / Н.И.Кудряшев.13.00.03. – М.: 1970. – 57 с.

73. Кудряшев, Н.И. Взаимосвязь методов обучения на уроках литературы [Текст] / Н.И.Кудряшева. – М.: Просвещение, 1981.

74. Култаева Ү.Б. Окуучулардын адабий чыгармачылыгын өнүктүрүү методикасы [Текст] / Ү.Б.Култаева. – Б.: 2006. – 92 б.

75. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын «Кыргыз адабияты» боюнча предметтик стандарты http://edu.gov.kg/media/files/b8c8c261-6bf7-4cad-b632-f3f0b5032e20.pdf

76. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] /А.Акматалиевдин редакциялоосунда. – Б.: 2010. – 1460 б.

77. Ладыженская Т.А. Сочинение на литературную тему как речевое произведение // Развитие речи учащихся IV-X классов в процессе изучения литературы в школе [Текст] / Т.А.Ладыженская. – М.: 1985. – 102-103-бб.

78. Ладыженская Т.А., Баранов М.Т., Григорян Л.Т., Кулибаба И.И., Тростенцева Л.А. Русский язык. – М.: 1986.

79. Ланин Б.А. Методика преподавания литературы. Учебная хрестоматия-практикум. – М.: 2007. – 508 с.

80. Леонтьев А.Н. Избранные психологические сочинения в 2-х т., Т. 2. [Текст] / А.Н.Леонтьев. – М.: Педагогика, 1983

81. Леонтьев А.Н. Проблемы развития психики [Текст] / А.Н.Леонтьев. – М.: 1972. – 292 с.

82. Лернер И.Я. Дидактическая система методов обучения [Текст] / И.Я.Лернер. – М.: Знание, серия «Педагогика и психология», 1976. – №3.

83. Лернер И.Я. Дидактические основы методов обучения [Текст] / И.Я.Лернер. – М.: Педагогика, 1981.

84. Лихачев, Д.С. «Слово о полку Игореве» и культура его времени [Текст] / Д.С.Лихачев. – Л.: 1985. – 306 с.

85. Лихачев, Д.С. Великое наследие. Классические произведения литературы Древней Руси [Текст] /Д.С.Лихачев.– .: Современник, 1990. – 670 с.

86. Лихачев, Д.С. О филологии [Текст] / Д.С.Лихачев. – М.: Высшая школа, 1989. – 208 с.

87. Лукин В.А. Художественный текст: Основы теории и элементы анализа [Текст] / В.А.Лукин. – М.: Ось-89, 1999.

88. Маатазимова Г.Э. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4-класс) [Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. / Маатазимова Г.Э. 13.00.02. – Б.: 2021. – 158 б.

89. Макешов Н. Башталгыч мектептердин окуучуларын окууга жана сөз өстүрүүгө жатыктыруу маселелери [Текст] / Н.Макешов // Мугалимдерге жардам. – 1947. – №10

90. Мали Л.Д. Методика обучения младших школьников основным видам творческих работ на уроках чтения [Текст]: автореф. дис. канд. пед. наук /Л.Д.Мали. 13.00.02. – Москва, 1985. – 23 с.

91. Мали Л.Д. Творческие работы на уроках литературного чтения в начальных классах [Текст] / Л.Д.Мали // Начальная школа плюс до и после: журнал. – 2013. – №8. – С. 53 – 56.

92. Мамбеталиев А. Жаңы доордун жаралышы сабакта [Текст] /А.Мамбеталиев //Эл агартуу. – 1973. – №2

93. Маразыков Т.С. Текст таануу жана анын айрым маселелери [Текст] /Т.С.Маразыкова. – Б.: 2005

94. Маразыкова З. 1-класста сабат ачуу жолдору [Текст] /З.Маразыкова //Эл агартуу. – 1993. – №1-2

95. Маразыкова З. Экинчи класстагы класстан тышкаркы окуу [Текст] / З.Маразыкова. – Бишкек, 1987

96. Маразыкова З. Үчүнчү класстагы класстан тышкаркы окуу [Текст] / З.Маразыкова. – Бишкек,1991

97. Маранцман В.Г. Анализ литературного произведения в соотношении с читательским восприятием школьников [Текст]: автореф. дис.д-ра пед.наук. В.Г.Маранцман 13.00.02. – М.: 1980. – 47 с.

98. Маранцман, В.Г. Анализ литературного произведения и читательского восприятия школьников [Текст] /В.Г.Маранцман.– Л.: Просвещение, 1974.– 76 с.

99. Маранцман, В.Г. Проблемное изучение литературного произведения в школе /Пособие для учителей. [Текст] / В.Г.Маранцман, Т.В.Чирковския. – М.: Просвещение, 1977. – 206 с.

100. Маранцман, В.Г. Содержание и этапы литературного образования. //Методика преподавания литературы. Под ред. О.Ю.Богдановой и В.Г.Маранцмана. - Ч. 1. [Текст] / В.Г.Маранцман. – М.: Просвещение, 1995.

101. Матвеева Е.И. Проблемы формирования и развития навыка чтения младших школьников и некоторые пути их решения [Текст] / Е.Н.Матвеева // Начальная школа. – 2000. – №11. – С. 14.

102. Матвеева Е.И. Учим младшего школьника понимать текст [Текст] / Е.Н.Матвеева. – М.: ВАКО, 2005.

103. Маткеримов А. Окуу сабагынын эффективдүүлүгү жөнүндө [Текст] / А.Маткеримов // Эл агартуу. – 1974. – №8

104. Махмутов М.И. Современный урок. Вопросы теории [Текст] / М.И.Махмутов. – М.: Педагогика, 1981. – 191с.

105. Методика преподавания литературы [Текст] / Под.ред. З.Я.Рез. – М.: 1977. – 201 б.

106. Мещерякова Н.Я. Нравственное воспитание учащихся на уроках литературы в 6-7 классах [Текст] / Н.Я.Мещерякова. – М.: 1984. – 159 с.

107. Молдавская Н.Д. Литературное развитие школьников в процессе обучения [Текст] / Н.Д.Молдавская. – М.: Педагогика, 1976. – 224 с.

108. Мукамбаев Ж. Башталгыч класстарда элдик оозеки чыгармачылыкты үйрөтүү жолдору [Текст] / Ж.Мукамбаев. – Фрунзе, 1966. – 72 б.

109. Мукамбаев Ж. 2-класста эне тилин окутуу [Текст] / Ж.Мукамбаев, Ш.Шукүралиев. – Фрунзе,1987. – 55 б.

110. Муратов А. Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий методикалык негиздери (Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мисалында): педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациянын авторефераты / .Ж.Муратов. 13.00.01; 13.00.02.– Б.: 2010. – 38 б.

111. Муратов А. Көркөм текстти жана адабият теориясын үйрөнүү (методикалык колдонмо) [Текст] /Муратов А. – Б.: 1992. – 72 б.

112. Муратов А. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу [Текст] / А.Муратов. – Б.: 2009. – 116 б.

113. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] /Муратов А. – Б.: Турар, 2013. – 554 б.

114. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] / Муратов А., Акматов К. – Б.: 2021. – 568 б.

115. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана методикасы [Текст] / А.Муратов. – Б.: Турар, 2013. – 554 б.

116. Муратов А.Ж. Кыргыз адабияты сабагында көркөм текстин маңызын ачуу: монография [Текст] /Муратов А. – Б.: 2009. – 114 б.

117. Мурзаев Н.Т. Дил баян жазуу жана талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы [Текст]: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. / Н.Т.Мурзаев. 13.00.02. – Бишкек, 2020. – 20 б.

118. Мурзаев Н.Т. Дил баян жаздыруунун теориясы жана практикасы. Монография [Текст] / Н.Т.Мурзаев. – Б.: 2021. – 484 б.

119. Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери [Текст] / С.Мусаев. – Б.: 1992. – 166 б.

120. Мусаева В.И. Баяндама үчүн тексттер жыйнагы жана анын методикасы [Текст] / В.И.Мусаева. – Б.: 1996. – 80 б.

121. Мусаева В.И. Мектепте лексиканы окутуу [Текст] / В.И.Мусаева. – Б.: 1993. – 50 б.

122. Наматов С. Балдар алиппесинин метод каты [Текст] / С.Наматов. – Фрунзе, 1933

123. Наматов С. Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөтүүсү [Текст] / С.Наматов. – Фрунзе, 1935

124. Наматов С. Тилибиздин методикасынан [Текст] / С.Наматов. – Фрунзе, 1933

